**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

**УДК: 371.3:74+745.5**

**АМИРАЕВА ЛАЙЛИКАН АВАЗОВНА**

# Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган
**ДИССЕРТАЦИЯ**

Илимий жетекчи: п.и.д., профессор

**Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна**

**Бишкек – 2024**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ**…………………………………………………………………..........3

**I ГЛАВА. ЖАСАЛГА-КОЛДОНМО ИСКУССТВОСУНУН ТАРЫХЫЙ** ӨНҮГҮШҮ **ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ**

I.1. Жасалга-колдонмо искусствосунун тарыхый өнүгүшүнүн илимий-теориялык жана практикалык негиздери……………..................................14

I.2. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн психология-педагогикалык аспектилери…………...................................................................................50

**Биринчи глава боюнча корутунду** ………………………………...............65

**II. ГЛАВА. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

II.1. Илимий изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиялык негиздери.........................................................................................................67

II.2 Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары жана модели...............................................................................................................89

**Экинчи глава боюнча корутунду** ..............................................................109

**III ГЛАВА. ЖАСАЛГА-КОЛДОНМО ИСКУССТВО ПРЕДМЕТИ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ ЭКСПЕРИМЕНТТИК ИШТЕ**

III.1. Аныктоочу эксперименттик иштин жүрүшү.......................................112

III.2. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмуну............................. 120

III.3. Калыптандыруучу эксперименттик иштин жыйынтыктары.............149

**Үчүнчү глава боюнча корутунду** ..............................................................161

**ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ**……………………………...........................163

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**………...............165

**ТИРКЕМЕЛЕР**…………………………………………………..…...........178

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Замандын агымы менен дүйнөлүк прогресс санариптештирүүгө умтулган учурда кыргыз элинин тарыхый улуу жолун басып өткөн жасалга-колдонмо өнөрүн сактап, таанытып, үйрөтүп келечек муундарга билим жана тарбия берүү учурдун талабы. Кыргыз элинин, көөнөрбөс улуттук мурастарын жаштарга билим берүүдө пайдаланып, улуттук баалуулуктарды баалай билип, аны өздөштүрүп, чыгармачылык менен өркүндөтүп кийинки муунга жеткире ала турган, ар тараптан өнүккөн билимдүү инсанды тарбиялоо – бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири. Билимдүү жаштар – мамлекеттин эртеңки келечеги. Жаштарга татыктуу билим, тарбия берүү улуттук жана мамлекеттик мааниге ээ. Ушундан улам азыркы учурда өз ишин терең билген, билими менен ишмердигин ар тараптан айкалышытырып колдоно алган кесипкөй адистерди даярдоо, жогорку окуу жайларынын алдына коюлган негизги максат болуп саналат. Максаттарды ишке ашырууда студенттерди элдин улуттук руханий маданияты, өнөр казынасы менен тааныштыруу учурдагы зарыл маселелердин бири.

КРнын Билим берүү жана илим министрлиги кабыл алган 2002-жылдагы концепцияда: «Улуттук маданият, көөнөрбөс өнөр аркылуу жаштарга ар тараптан көркөм эстетикалык тарбия берүүнүн бир бөлүгү – көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү; сулуулукка, тазалыкка үйрөтүү; маданияттуулукка тарбиялоо; адамзат коомундагы маанилүү мурастарды үйрөнүү, жалпы элдик руханий ийгиликтерди баалай билүүгө тарбиялоого» өзгөчө көңүл бөлүнгөн [125]. Бул концепциянын негизинде бүгүнкү күндө коомдун, инсандын калыптанышында эстетикалык жана көркөм билим берүүнүн ролуна маани берилип, көркөм сүрөт өнөрү, музыка, улуттук кол өнөрчүлүк, скульптура, дизайн жана искусствонун башка түрлөрү аркылуу ишке ашырылат.

Мына ушул улуу мурастар бүгүнкү күндө да Кыргызстандын өнүгүү этабы коомдогу ааламдашуунун негизиндеги өзгөрүүлөр менен катар жашап,

кайрадан өнүгүп, өзгөрүп, заманбап, инновациялык түзүлүштөргө ээ болуусу менен мүнөздөлөт, себеби, ааламдашуу процесси адамзаттын социалдык, маданий, руханий адеп-ахлактык жана башка чөйрөлөрүн дагы олуттуу өзгөрүүгө дуушар кылды. Ааламдашуу шартында маалымат технологиялардын өсүшү менен коштолгон мезгилдин талабы билим берүү системасын жаңылоону талап кылууда, бирок, ошол эле учурда кыргыз элинин улуттук көрөңгөлөрүн, рухий баалуулуктарын унутта калтырбай, келечек муундарга таанытып, үйрөтүп, жан дүйнөсүнө, руханий адеп-ахлагына сиңирип, билим берүүнү да мезгилдин талабына шайкеш келтирүү менен кошо алып кетүү зарыл. Бул үчүн билим берүүнү заманбап шарттар менен айкалыштыруу аркылуу болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоо милдеттери коюлат. Аталган маселелер Кыргыз Республикасынын Президентинин "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгында (2021), "2021-2026-жылдарда окуучу жаштарды руханий адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясында" (2021) тарбиялоонун башкы максаты катары жаштарды ата-мекендик педагогикалык салттар аркылуу калыптандыруу, ошондой эле жаш муундарга элдик руханий маданияттын мурастарын элдик педагогиканын идеялары, улуттук тарыхый дөөлөттөрү аркылуу жеткирүү милдеттери белгиленген [126]. Бул милдеттерди ишке ашыруу үчүн сөзсүз түрдө кесипкөй педагогдорду улуттук баалуулуктардын үлгүлөрүн колдонуп, келечек муунга тарбия берүүгө даярдоо зарылдыгы келип чыгат. Мына ушул улуттук баалууктардын чоң бир багыты – жасалга-колдонмо искусствосу.

Ушундан улам студенттердин, башкача айтканда келечектеги мугалимдердин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү изилдөөбүздүн маанилүү маселеси катарында кароону максат кылып алдык.

Улуттук баалуулуктарды – тарых, каада-салт, элдик музыка, элдик педагогиканы бир катар эмгектерде ар кандай аспекттен, ар кандай өлчөмдө талдоого алынган. Акыркы жылдары студенттердин көркөм чыгармачылык

жактан өнүгүү маселелерин, элдик педагогика жана искусство каражаттары аркылуу студенттерди тарбиялоого көптөгөн изилдөөлөр арналган эмгектер: С.М. Абрамзон, А. Акматалиев, А. Алимбеков, Х.Ф. Анаркулов, Л.Я. Зиць, А.Т. Калдыбаева, В.И. Киреенко, В.С. Кузин, В.Б. Мириманов, Л. Пранг, Т.В. Панкова, М.Р. Рахимова, А.Б. Салтыков, А.А. Сарбагышев, Т. Умөтов, Ю.А. Шибаева, Имаева Н.И., Измайлов А.Э., Т.А. Коңурбаев, Т.А. Орусбаева, Н.К.Түнгатарова, Л.В. Усенко, Т.А. Умурбекова, А.М. Муратова, К.К. Жакыпов, О.Э. Капалбаев, А.Э. Турусбекова, А.Н. Джүзбаева.

Жалпы мугалимдик кесипке даярдоо маселелери А.Н. Андреюшин, И.Б. Бекбоев, Ю.К. Бабанский, Ч.А. Климов, В.А. Кудин, Г.Г. Лебедев, Э.М. Мамбетакунов, Н.П. Сакулина, Б.М. Теплов, Н.Д. Хмельдин, ал эми аталган кесиптин коомдук-социалдык, психологиялык, педагогикалык жактары Н.А. Асипова, Н.Б. Крылова, Н.В. Кузьмина, Р.И. Курманкожоева, А.К. Маркова, Л.М. Митина, Ю.П. Азаров, Л.В. Бабич, В.И. Загвязинскийдин изилдөөлөрүндө илимий жактан негизделип, ар кандай аспекте каралган.

Көркөм графикалык ишмердүүлүүк аркылуу таанып-билүү жана чыгармачылык активдүүлүктү калыптандырып өнүктүрүүчү багытка В.П. Зинченко, С.Е. Игнатьев, В.В. Корешков, В.К. Лебедко, О.П. Шабанова, Е.В. Шорохов, Т.Я. Шпикалова, А.С. Хворостов, Ю. М. Алиев, К. Ж. Амиргазин, Ж. Н. Джусупова, У. Ш. Ибрагимова сыяктуу окумуштуулар кайрылышкан.

Коомдо болуп жаткан социалдык процесстер инсандын өнүгүшүнө жаңы талаптарды коюп келет. Бул талаптардын негизгиси чыгармачыл, стандарттуу эмес ой жүгүртүп, өзүнүн интеллектуалдык патенциалын толук колдоно билип, ишмердүүлүктүн ар кандай түрүндө маселелерди креативдүү чече билген инсанды калыптандыруу.

Заманбап инсанды калыптандырууда чыгармачылык, ар кандай ишмердүүлүктөрдүн негизине чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү, калыптандыруу, маселелерине О.В. Афанасьев, Л.С. Выготский, Е.И. Игнатьев, А.Н. Леонтьев, Н.С. Лейтес, Б.Т. Лихачев, Я.А. Пономарев, С.Л.

Рубинштейн, Б.М. Теплов, П.М. Якобсондордун илимий изилдөө эмгектери арналган.

Акыркы жылдарда көркөм-чыгармачыл ишмердүүлүктү окуу процесси менен айкалыштырып окутууга да көптөгөн илимий эмгектер арналып келет, буга мисал катары В. П. Зинченко, В. Е. Нестеренко, Ю. И. Постоногов, Н. Л. Старченконун эмгектерин белгилөө менен сабак процессинде кыялданууну өнүктүрүүчү шарттар түзүлүүсү зарыл деген ойлорун баса белгилеп өтсөк болот.

Ал эми жасалга-колдонмо ишмердүүлүгү аркылуу студенттердин көркөм чыгармачылык өнүгүсүн калыптандырууга арналган Е. С. Асылханов, Н. С. Боголюбов, В. В. Корешков, М. В. Соколов, А. С. Хворостов, Т. Я. Шпикалованын, жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктү практикалык негизде өнүктүрүүгө Ю. М. Алиев, Н. Г. Назарова, Л. А. Панова, А. А. Сихаевалардын эмгектери арналган.

Аталган эмгектердин маанилүүлүгүн, баалуулуктарын баса белгилөө менен катар, бул изилдөөлөр жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүп, кесиптик даярдоодо илимий-методикалык жактан камсыздоо үчүн жетишсиз, себеби, ар бир улуттун колдонмо-жасалга өнөрүнүн басып өткөн тарыхый жолу, ошол улутка гана таандык болгон өзгөчөлүгү, климаттык шарттары, үйрөтүү ыкмаларын теориялык жактан билим берип, ал эми практикалык негизде көндүмдөрүн калыптандыруу зарылчылыгы келип чыгат. Азыркы күндө педагогика илиминде искусствонун чоң бир багыты катары жасалга-колдонмо искусствосу сабагы аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү атайын изилдөө предмети катары караган илимий эмгектер жокко эсе. Бул багыттагы иштерди жандандыруу улуттук баалуулуктар менен тааныштырып билим жана тарбия берүү процессине чоң салым кошуп, студенттердин педагогикалык ишмердүүлүгүндө чыгармачылыкка, профессионалдуулукка шыктандыруучу баалуу каражат боло алат. Ошондой эле улуттук жасалга-колдонмо искусство предметтери менен окуу

процессинде тааныштырып, билимдерин баютуу, ал аркылуу студенттердин жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу, чыгармачылыгынын өнүгүшүнө шарт түзүп, кесипке багыттап окутуу алардын кесиптик компетенттүүлүгүндө чоң таяныч, себеби, жасалга-колдонмо кол өнөрү – искусствонун элестүү табиятын, анын айрым экспрессивдүү көркөм сапаттарын – колорит, форма пластикасы, орнамент, композициялык чечим, материалдын текстурасын кабыл алууга шарт түзөт да, аны менен катар элдик искусствонун салттуу түрлөрүнүн ар кандай техникалык ыкмаларын жана көндүмдөрүн, ар кандай материалдарды иштетүү ыкмаларын өздөштүрүү – ар дайым жаштар үчүн кызыктуу иш болуп, студенттердин чыгармачыл иш-аракеттерине жигердүү түрткү берет.

Көркөм билим берүү багытындагы факультеттер үчүн жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн мазмуну – оюм-чийим (эскиз) түзүү, кийиз басуу, чий чырмоо, сайма саюу, оймо оюу, курак куроо ж.б. түрлөрү боюнча биздин оюбузча, окуу программаларда максаттары жана милдеттери жетиштүү түрдө конкреттештирилген эмес, теориялык курс практикалык сабактар менен өз ара байланышы толук негизделген эмес. Окуу программаларынын мазмуну жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн айрым гана түрүнө багытталган, муну менен студенттердин көркөм чеберчилигин максаттуу калыптандырууга мүмкүн эмес, демек, көркөм өнөрдүн өнүгүү тарыхын жана көркөм чыгармачылык жаатындагы билим берүүдө жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн ар бир түрүнө басым жасалышы керек.

Демек, көркөм билим берүү багытындагы көркөм өнөр адистерин даярдоодо кесиптик компетенцияларын толук өнүктүрүү үчүн алардын жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк боюнча теориялык жана практикалык билим-билгичтиктерин өнүктүрүү зарыл. Мына ушул процессте алардын билим жана тарбия берүү маселелерин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу ишке ашыруу даярдыгы жетишсиз. Ошондон улам төмөндөгү **карама-каршылыктар** келип чыгат:

– студенттерди көркөм өнөр боюнча кесипке даярдап, кесиптик компетенцияларын өнүктүрүүдө жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагынын мүмкүнчүлүктөрүнүн эске алынбагандыгы;

– көркөм өнөр адистигинде билим алган студентердин орто мектепте жасалга-колдонмо искусствосунун үлгүлөрүн колдонуп, иш алып барууга даярдыгынын жетишсиздигинен улам окуучулардын эстетикалык табитин өнүктүрүп, кыргыз элинин жасалга-колдонмо көркөм маданияты, баалуулуктары менен тааныштыруу талаптарынын ишке ашырылбагандыгы;

– студенттерди көркөм өнөр боюнча кесипке даярдоодо, орто мектепте окуучулардын жасалга-колдонмо искусствосунун үлгүлөрүн колдонуп, сабак өтүүгө шарттын түзүлбөгөндүгү.

Ушундан улам, *жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагында студенттердин жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн үлгүлөрүн колдонуп, чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмуну кандай болушу зарыл жана аларды кантип өнүктүрүүгө болот деген маселе жаралат?*

Бул маселени чечүү үчүн теориялык жактан талдап, педагогикалык шарттарды аныктап, жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түзүү талабы келип чыгат, ушул жагдайларды эске алуу менен илимий изилдөөгө **"Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары"** – аттуу тема тандалып алынды.

**Диссертациялык иштин темасы** И. Арабаев атындагы КМУнун Педагогика жана психология институтунун педагогика кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты**: жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктап, алардын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү.

Изилдөөнүн максатынын негизинде изилдөөгө төмөндөгүдөй **милдеттер коюлду:**

1. Жасалга-колдонмо искусствонун тарыхый өнүгүшүн жана жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмунун психология-педагогикалык аспектилерин теориялык талдоо.
2. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн, педагогикалык шарттарын аныктап, моделин түзүү.
3. Аныкталган шарттардын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Бул коюлган милдеттерди чечүү үчүн **изилдөөдө төмөнкү методдор колдонулду**: тарыхый, психология-педагогикалык, искусство таануу адабияттарын, жасалга-колдонмо искусствосу боюнча илимий эмгектерди теориялык талдоо. Көркөм билим берүү багытындагы окуу программаларын, мамлекеттик билим берүү стандарттарын талдоо. Байкоо, студенттердин окуу, чыгармачылык иш-чыгармаларын талдоо, анкета, тестирлөө, суроо-жооптор, агемелешүү. Илимий-педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.** Жасалга-колдонмо искусствосунун тарыхый өнүгүшү илимий-теориялык, практикалык жактан талданып, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмуну, педагогикалык шарттары аныкталды. Аныкталган шарттардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыкты. Студенттерге билим берүүдө жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу алардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн компоненттери педагогикалык багытта ачылып, элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бардык түрлөрү боюнча кеңири мисалдардын негизинде билим берүү процессинде чыгармачылык активдүлүктөрү калыптанды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** – «Жасалга-колдонмо искусство предметтери» курсу боюнча кол өнөрчүлүктүн бардык багытын камтыган типтүү программа, ОМК, тапшырмалар системасы, тесттер көркөм өнөр адистигинде окуган болочок педагогдор үчүн колдонулса болот. Илимий изилдөөдө жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун компоненттери бул адистикте иштеген педагогдордун кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструментарий. Бул багытта компетенциялары калыптанган студенттер жалпы билим берүүчү мектептерде, билим берүү борборлорунда, орто жана жогорку окуу жайларында көркөм-эстетикалык билим жана тарбия берүүгө даяр адистерди даярдоого өбөлгө түзөт.

**Изилдөөнүн эксперименттик базасы.** Эксперименттик иш И. Арабаев атындагы КМУнун, Искусство жана дизайн факультетинин, Көркөм сүрөт жана дизайн, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин көркөм сүрөт жана жасалга-колдонмо искусство багытында билим алган студенттерден түзүлгөн топтордо жүргүзүлдү.

**Коргоого коюлуучу негизи жоболор:**

1. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүктөрүн калыптандырып, өнүктүрүп, элдик жасалга-колдонмо искусство жаатында келечектеги адисти кесиптик жактан даярдоо мезгилдин талабы жана маанилүү милдети болуп саналат, студенттердин чыгармачылык активдүүлүктөрүн бул жаатта калыптандыруу улуттук баалуулуктарды баалоо, муундан-муунга өткөрүп сактап, жайылтууга жасалган кадамдар, себеби, бүгүнкү студент, эртеңки кесипкөй адис, келечек муундарга улуттук баалуулуктарды тааныта турган кесип ээси.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө педагогикалык шарттарды түзүп, жалпы жана *профессионалдык компетенцияларын калыптандыруу да күчтүү каражат*, себеби, студенттердин *рухий* өсүүлөрүнө, билим-билгичтиктерине, дүйнө таанымына, атуул катары *калыптанышына,* адеп-ахлактык, эли-жерин

сүйүүгө, элдик каада-салттарды билүүгө шарт түзүп, чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жол ачып, көркөм-эстетикалык табитин өстүрөт жана калыптандырат.

2. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмуну жана анын эффективдүүлүгү окуу-методикалык процесстин *мазмунунан* көз каранды. Студенттер менен окутуу процессин уюштурууда анын мотивациясын, жеке тажрыйбасын максималдуу эске алуу – биздин карап жаткан көйгөйдү, б.а. чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүнүн жолун ачыктап чагылдырат. Аларга биз төмөнкүлөрдү киргиздик: студенттердин билим алууга мотивациясы, рефлекциясы, алардын тажрыйбасы; чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түзгөн керектөөлүүчү материалдык жана техникалык каражаттардын толук болушу; туура тандалып колдонулган окуу методдору; көркөм кол өнөрчүлүк боюнча теориялык, практикалык билимдердин топтолушу; студенттердин өз алдынча иштери; жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк боюнча чыгармачылык иштер менен таанышуусу, жасоосу; жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн түрлөрү боюнча жеке жана топтук иштерди аткаруу; баалоо аркылуу студенттердин кол өнөрчүлүккө болгон чыгармачылыгын активдештирип, калыптанган предметтик компетенцияларын баалоо.

3. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүчү милдеттердин чечилиши тандалып алынган педагогикалык шарттардан көз каранды, демек, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүчү натыйжага аныкталган педагогикалык шарттарга таянып жүргүзүлгөн эксперимент аркылуу жетишүүгө болот.

**Изденүүчүнүн илимге кошкон жеке салымы:** жасалга-колдонмо искусствосунун тарыхый өнүгүүсү илимий-практикалык негизде теориялык талдоого алынып, жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык

шарттары аныкталды; тапшырмалар системасы түзүлүп, окуу-иш планы, типтүү программа, ОМК иштелип чыкты.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** илимий иштин негизги материалдары илимий-практикалык конференцияларда баяндама катарында окулду. ***30*** илимий макала, андан ***6*** макала чет өлкөдө жарык көрдү.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана тастыктоо:** илимий-изилдөө иштин жыйынтыктары республикалык илимий-практикалык конференцияларда талкууланды. И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысында; Кыргызстандагы ЖОЖдордун жарчысында; Абай атындагы Казах Улуттук педагогикалык университетинде Эл аралык симпозиумда, (Алма-Ата), РФнын Тула мамлекеттик университетинде Эл аралык илимий-практикалык интернет-конференцияда, К.А. Ясави атындагы Эл аралык казак-түрк университети (Каз.Рнын Туркестан ш.), Ататүрк Ала-Тоо университети, С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы (Нарын), КУИА 25-апрель Салттуу музыка күнүнө карата, Айтматовдун 90 жылдыгына арналган «Ааламдашуу шартында улуттук идентүүлүктү сактоодогу салттуу музыкалык искусствонун ролу – 2018» илимий-практикалык конференцияда. Эл аралык илимий-практикалык конференция (Каз.Республикасы, Нурсултан ш.2021ж) ж.б.

**Илимий иштин түзүлүшү**: Диссертация киришүүдөн, үч бөлүмдөн, бөлүмдөр боюнча корутундудан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Жалпы көлөмү 193 бет.

# І ГЛАВА. ЖАСАЛГА-КОЛДОНМО ИСКУССТВО ПРЕДМЕТТЕРИНИН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮШҮЖАНА СТУДЕНТТЕРДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## І.1. Жасалга-колдонмо искусство предметтеринин тарыхый өнүгүшүн илимий-теориялык негиздери

Жасалга-колдонмо искусствосу – бул көптөгөн кылымдар бою өнүгүп, муундан-муунга өтүп, сакталып келген ар кайсы элдердин маданий баалуулуктары жана колориттүү өзгөчөлүгү. Жасалга-колдонмо искусствосунун өнүгүшүн адамдазаттын өнүгүшүнөн бөлүп элестетүү мүмкүн эмес, себеби, бул искусство аркылуу жаралган ар бир буюм курчап турган чөйрөдөгү жашоо-тиричиликтин уюштурулушун жана руханий дүйнөдөгү гармониясы менен айкалышып турат.

Жасалга-колдонмо маданият – бул элдик баалуулуктарды жаратуу жана аларга ылайык жашоо. Бул элдин жараткан нерселеринин бардыгы: турак жай, кийим-кече, кол өнөрчүлүк буюмдары, куралдары, элдик фольклор жана башкалар. Ар бир элдин маданияты дарактын бутактарындай чырмалышкан.

Демек, кыргыз элдик улуттук көркөм маданияттын чоң бир бутагы жасалга-колдонмо искусствосунун калыптанышына түздөн-түз идеялык баалуулук катары таасир эткен элдик чыгармачылык ар дайым элдин жашоого, жаратылышка, дүйнөгө болгон түшүнүгүн билдирет. Жасалга-колдонмо искусствосунун үлгүлөрүндө улуттук кулк-мүнөздүн эң мыкты сапаттары камтылган, алар гуманизм, чынчылдык, Мекен алдындагы милдетке берилгендик, оптимизм, кайраттуулук даңазаланат, себеби ошол искусство аркылуу берилген ар бир «кайрык» өз атына ээ. Ошондон улам, илимий изилдөө ишибизди темага байланыштуу *терминдерди тактап алууну* туура таптык.

***Ж а с а л г а (д е к о р)*** – бул *коздукту түзүүчү сүрөт тизмеги* эмнеден алынгандыгынан (жаратылыштан, тоолордон, суулардан, гүлдөрдөн, канаттуулардан, жер-жемиштерден ж.б.) түшүнүк берүүчү термин. Буюмдардын эстетикалык жагымдуулугу аны көркко келтирип, ажарын ачкан көркөм жасалганын-декордун мазмунуна жараша болот. Жасалгалоо иштер – көпчүлүк учурларда кандайдыр бир архитектуралык курулуштардын, үйлөрдүн, буюмдардын ж.б. жасалгаланышы менен бирге ишке ашырылуучу жумуштары. Булардын тарыхый мурастарынын ачык мисалы кылып байыркы Египеттик, Грециялык жана Римдик архитектурадагы храмдардын, сарайлардын, жоокер кийимдеринин, куралдарынын, фараондордун ритуалдык, салттарын жана байыркы орус архитектурасындагы соборлордун (Киев, Новгород, Санк-Петербург, Москва ж.б.) чиркөөлөрдүн, монастырлардын курулуштарындагы жасалгалар менен бирге байыркы кытай жибектерин, индия сөөк буюмдарын атасак болот. Ошондой эле чыгыш элдериндеги архитектуралык өзгөчөлүктөрдүн стилин, кытай, япон, индия, кыргыз, казак, өзбек шаарларындагы мавзолей, мунаралардын, кыргыз, казак, түркмөн, монгол боз үйлөрүнүн курулуштары жана элдердин көркөм буюмдары айкын мисал боло алат.

***К о л д о н м о (п р и к л а д д ы к)*** – бул *колдонуп-урунуу* деген маанини түшүндүрөт. Чындыгында элдик буюмдар кандай гана формада болбосун, алар негизинен колдонуп урунуучу маанидеги утилитардык милдет аткараары талашсыз. «Элдик кол өнөрчүлүк буюмдары, турмуш-тиричиликтин муктаждыктарына шарталып, өз өнүгүүсүн үй өндүрүшүнөн тапкан» – деген С.М. Дудинанын аныктамасына кошулууга болот [74]. Анткени, ал кеңири колдонуп-урунуп жүргөн буюмдар, чынында эле айылдык уздардын, зергерлердин, усталардын, чеберлердин колунан жаралганы жөнүндө изилдөөчү көз караштар жана сөздөр жок. Алар дайыма колдонуп-урунуучу гана максатта өнүктүрүлбөстөн, кандайдыр бир формага, мазмунга, символикалык сүрөттөлүшкө ээ болушуп, утилитардык-конондук милдетен бошонуп, элдик көркөм өнөрдүн көрөңгөсүн түзгөнү маалым. Алсак, кадимки

эле чий жерге төшөлүп сыздан, боз үйдүн туштарына тартылып, ызгаардуу суuктан сактап келсе, бүгүнкү күндө интерьерлерди жасалгалап, кооз буюмдар жасалып, көркөм полотнолор чырмалып элдик өнөрдүн түпкү теги келип чыккандыгында.

***И с к у с с т в о*** – бул сулуулуктун мыйзамдарын сактаган көркөм чыгармачылык – дүйнө таанымдын көркөм образдар аркылуу элестүү чагылдырылуучу бир формасы; адамзаттын рухий маданияты менен чыгармачылык кызматынын маанилүү элементи. Искусствого сүрөт өнөрү, музыка, театр, көркөм адабият, кино, архитектура, скульптура кирет. Искусство коомдук-тарбиялык мааниге ээ болуп, адамдын акыл-эсине, ой-сезимине, кыялына таасир этет, коомдук турмушта жана социалдык күрөштө айрыкча чоң роль ойнойт. Искусство адамзат коому менен кошо өнүгүп, анын материалдык өсүшүн чагылдырып, коомдук аң-сезимди калыпка салууга көмөктөшүп, идеологиялык куралга айланган.

Демек, жасалга-колдонмо искусство (декоративдик-прикладдык искусство) – бул өнөрдүн байыркы түрү. Ал сүрөт искусствосунун бир түрү катары таанылып, адамзат өзүнүн аң-сезимдүү турмуш тиричилигин баштаган күндөн баштап, улам жаңыланып, өзүнүн ордун, өнүгүүсүн тапкан өнөр.

Жасалга-колдонмо искусствонун милдети ар түрдүү буюмдарды, жасалгаларды, курулуштун айрым бөлүгүн кооздоо, ошол кооздукту түзүүгө пайдалануучу ар кандай жасалга элементтерин, нерселерди жасоодо, демек бул өнөр илгертен келе жаткан элдик өнөр. Буюмду эл жаратат, эл ага ылайыктуу, жарашыктуу түр берип, ой-кыялын оюм-чийим аркылуу кынаптайт. Ал буюмдар элдин кыялын, эңсөөсүн, үрп-адатын, жаратылышын түркүн түс менен чагылтып, урпактарга мурас болуп, бабалардын турмушунан элес берет. Ошондуктан аларды таанып билүүнүн жана ал аркылуу билим берүүнүн, тарбиялык иштин ролу зор. Азыркы мезгилдеги жаштардын сүрөт искусствосуна, анын ичинде элдик кол өнөрчүлүккө болгон кызыгууларынын тынымсыз өсүшү бекеринен эмес.

Көптөгөн этнографиялык жана өнөр таануу илимдери боюнча адабияттарда декоративдик-прикладдык искусство «кол өнөрчүлүк» же «элдик өнөр» деген мааниде айтылып жүрөт. Албетте «өнөр элге таандык, өнөрдү эл жаратаары» талашсыз, бирок өнөрдүн көптөгөн түрү бар, аларды сүрөттөө тили да, ар башка. Ошондуктан ар бир өнөрдүн аталышы, жаратылыш шарты жалпылыкка ээ болгон сүрөттөө ыкмасы, теориялык жана практикалык негизи болот. Ушул көз караштан алып караганда көркөм процесстин тарыхында байыртадан бери «декоративдик-прикладдык искусство» – деп аталып, өзүнчө изилдөө объектилерине алынып, тарыхы түзүлүп, сүрөт искусствосунун бир түрү болуп классификацияланып калганы жалпыга маалым.

Декоративдик-прикладдык искусствону *«жасалга-колдонмо искусствосу»* – деп эне тилибизде колдонуп, сөз куруму «коoздоочу, жасалгалоочу жана колдонуп урунуучу өнөр» – деген маанини түшүндүрөт.

Ошентип элдик турмуш-тиричиликтин талабына шарталып үй өндүрүшүнөн өнүгүүсүн тапкан элдик буюмдар, тигил же бул элдин көркөм өнөргө болгон аң-сезимин аныктайт деп айтылган сөздүн негизи бар. Анткени, үй өндүрүшүнө негизделген бул өнөр, бирдей деңгээлде, бирдей мезгилде, бирдей формада өнүкпөгөнүн алсак, анда чыгыш элдери текстиль жана керамика өнөрүн, египеттиктер, римдиктер жана гректер архитектуралык курулушту жана анын жасалгаларын, Европада металл жана айнек өнөрлөрүн алгачкылардан болуп иштеп чыгышкан деген сыяктуу, көптөгөн элдердин өзүдөрүнө таандык башталыштары бар. Ошондуктан, улуттук мүнөзгө жана колоритке каныккан элдик буюмдардын таанып-билүүдөгү жана тарбиялык иштеги, көркөм маданияттагы ролу чоң.

«Анын үстүнө дүйнөлүк илимий аныктамалардын тажрыйбаларында тарыхчылар жана археологдор элдик буюмдардын көркөм мурастарынан алардын тарыхый доорун жана картасын, коомго болгон мамилесин, материалдык жана техникалык мүмкүнчүлүгүн, элдин ишенимин жана салтын, турмуш мүнөзүн, адамдардын кесипчилигин, көркөм маданиятын

жана кызыгууларын, алардын айлана-чөйрөгө болгон көз караштарын аныктап жүрүшөт» – дейт Н.П. Костерин [109].

Дүйнө элдеринин жасалга-колдонмо кол өнөрлөрүндөгү көркөмдүк өзгөчөлүгүн, аны түзүүдөгү, жасоодогу каражаттарын, аткарган милдеттерин кылдаттык менен үйрөнүү аркылуу, алардагы кандайдыр бир жалпылыктын, өз ара карым-катыштарын, таасирлерин, мамилелерин баалоо, улуттук маданиятка жана улуттук көркөм кенчке, урмат менен мамиле кылуудагы адамдын маданият деңгээлин көтөрөт. Анткени, алардын кылымдар бою иштелип чыккан, өзүнө таандык улуттук мүнөздүн колоритин түзүп, улуттук чендин алкагынан чыгып, дүйнөлүк таанымдыкка алынып, жалпы элдик кенчке айланып калган көркөм өнөрү жана маданияты бар.

*Көчмөн турмушту башынан кечирген кыргыз элибизде кол өнөрчүлүк, б.а. жасалга-колдонмо искусствосу кылымдарды карытып, байыркы доордо эле калыптанып эң мыкты өнүккөн.* Анын материалдык негизин мал чарба продуктулары, жыгачты, металлды жана башка иштетүүгө байланышкан үй өндүрүшү түзгөн. Бул өндүрүшкө эмгекке жарактуу ар бир үй-бүлө мүчөсү катышкан. Үйдөгү өндүрүш жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү жалаң эле үй тиричилигине жана турмуштук зарылчылыкка шартталбастан, элдин сулуулукка, кооздукка, өнөргө умтулуусуна да байланыштуу болгон. Эстетикалык керектөөнү канааттандырууга, тиричиликти көркөмдөөгө болгон мүмкүнчүлүктү толук пайдаланууга умтулуу көркөм кол өнөрүнүн ар тармагын өнүктүргөн. Ал өзүнүн көп түрдүүлүгү, оймо-чиймесинин (орнаменттик) тактыгы, өзгөчөлүгү, түстөрдүн жана тондордун айырмалуулугу, бай, ажайып фантазиясы менен белгиленген. Көчмөн турмуш көркөм искусствонун өнүгүш мүмкүнчүлүгүн чектегенине карабастан, узакка пайдаланууга ылайыкташтырылган турмуш-тиричилик буюмдары (турак жайынын ички, тышкы жасалгасы, аялдардын кооздук, асем буюмдары, ат жабдыктары) гана эмес, күнүмдүк кийим-кече, үй тиричилигинде дайыма урунула турган буюмдары дагы көркөм чыгармачылыктын деңгээлин көрсөтө алган [24].

Үй шартындагы өндүрүштө жана кол өнөрүнөн жасалган ар кандай көркөмдөлгөн буюмдар турмуш-тиричиликте пайдаланылган. Элдин аң-сезиминде кол өнөрү турмуш-тиричиликтен ажырагыс болуп эсептелген. Кыргыз көркөм өнөрүнүн кайталангыс шедеврлери сыймыктанууга татыктуу болсо дагы ал көркөм чеберчиликтин уникалдуу үлгүсү катары бааланбастан, турак жайдын же интерьердин бир бөлүгү, кийим-кече, же ат жабдыгынын ажырагыс элемент катары кабыл алынган да, анын көркөмдүүлүгүнө караганда, пайдаланууга ыңгайлуулугу жогору бааланган. Кыргыз элинин жогорку деңгээлдеги чеберчиликке жөндөмдүүлүгү, дилгирдиги өзгөчө көркөм өнөр искусствосунан ачык көрүнгөн.

Ушундан улам кол өнөрчүлүктү биздин элдин маданиятынын, искусствосунун рухий турмушунун башка тармактарынан бөлүп кароого болбойт. Кол өнөрчүлүктүн чыгармалары, оюу-чийүү орнаменти, элдик поэтикалык оозеки жана музыкалык чыгармачылыгы менен органикалык байланыштары өнүгүп, бири-бирине таасирин тийгизгендиги алардын ортосундагы жалпы белгилерден байкалат. Бул жалпылык – элдик нукура терең реалисттик стили, айкын көркөмдүк, өтө бай образдуулугу, чеберчилиги менен айкалышкан.

Жасалга-колдонмо искусство буюмдарынын *баалуулугунун факторун* илимий жана практикалык негиздеги эки принциптин шартында караш керек:

1. элдин терең катмарына сиңип, талаптарына алынып, эл чарбасында кеңири өндүрүлүп жаткан буюмдардын көркөмдүк жана сапаттык деңгээлинин чеги;
2. элдик чакан ишканалардын, чыгармачыл бирикмелердин жана элдик чеберлердин колунан жаралган буюмдардын көркөмдүк-эстетикалык деңгээлдеги (жаңычыл табылгаларынын өз алдынчалыгынын көркөм мурас катары) бааланышы.

Ал эми жасалга-колдонмо искусство буюмдарынын сапаттык жана *эстетикалык нарктуулугу* материалды, форманы көркөм иштеп чыгуудагы

оюм-чийимдер жана мотивдер, сюжеттик жана символикалык сүрөттөөлөр менен жасалгалоодогу өзгөчөлүгүндө.

Жасалга-колдонмо искусствосундагы оюмдарды түзүүнүн булагы болуп, жергиликтүү жаратылыш байлыгы эсептелет. Улуттук оюмдардын нукуралуулугун стилдик өзгөчөлүгү, анын түстүк ритминин, симметриясынын жана формасынын символикалык мазмундагы гармониялуу биримдигинде. Атап айтсак, орус, украин, белорус, чех, поляк сыяктуу элдердин оюмдарынын (орнамент) гармониясын көгүш, жашыл түстөрдүн гаммасындагы өсүмдүк формалары, ал эми кыргыз, казак, монгол, түркмөн оймолорунун символикалык сюжетин кызгылт, күрөң, сары, көк түстөргө каныккан «мүйүздүн» образы түзөөрү белгилүү. Бардык эле улуттарда бирдей сырьёдо, бирдей көркөм формада элдик буюмдардын жасалышы же өндүрүлүшү мүмкүн эмес, себеби, ал тигил же бул элдин жергиликтүү шартына, материалдык, техникалык жана сырьёлук базасына, эстетикалык деңгээлине жараша калыптанат. Мисалы илгертен эле жыгачтан, жүндөн, чоподон жасалган буюмдар көпчүлүк чыгыш, анын ичинде Орто Азия элдеринин тиричилигинде кеңири колдонулуп келген. Аларда бир жерден экинчи жерге көчкөндө өздөрү менен кошо алып жүрүүчү *боз үйлөрү* болгон. Ал боз үйдү жасалгалашта жана өздөрү кийиниш үчүн, жыгачтар, жүндөр жана кийиздер кеңири пайдаланылган. Ал кийиздер кычыраган кышкы суюктан, саратан жайкы ысыктан сактаган. Боз үйдүн жасалгалары катары пайдалануучу кооз куржундар, баштык, аяк кап, таарлар жана башка майда-барат буюмдарды, чоподон идиш-аяктарды, азык-түлүк сактоочу “кампа” буюмдарын жасашкан. Боз үйдүн ички жасалгасы – үйдүн ичинин бөлүнүшү жана андагы буюмдардын жайланышы элдин турмушу, салт-санаасы менен аныкталат, анын ар тарабы өзүнчө мааниге ээ болгон. Боз үйдүн так ортосу – коломто, ага казан асылат. Эшик менен коломтого карата төр жайы, улага, эпчи жагы, эр жагы болуп бөлүнөт. Төр – үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Анда жүк жыйылып, конок күтүлүп, адамдар жаткан. Ал жерге ала кийиз, өрө кийиз, шырдак, көлдөлөң, төшөк сыяктуу баалуу буюмдар салынган. Жүктүн

эки жагына текче илинет. Эпчи жак, аялга таандык – боз үйдүн кире беришиндеги оң тарабы. Анда ала бакан орнотулуп, тамак-аш, идиш-аяк сакталып, аяк кап, чыны кап илинет. *Аяк кап деген эмне*? Аяк кап – кийизден жасалган ашкана буюму. Буга жыгач идиш-аяктарды сакташат. Ал көчмөндөрдүн турмушунда кенен колдонуп, боз үйдүн эпчи тарабына керегеге эки кулакчасынан илинген. Мунун жөнөкөй түрү жалаң кийизден турат. Коозу кадимки оюмдун четине көбүнчө ак-карадан «араа тиш», «бадам оюму», «ит куйрук оюму» өңдүүлөр берилет. Айрым жерлерде мунун кийизин шырдактай кынаптап шырыйт. Аяк капка түшкөн шырдак оюмдары ар түрдүү. Көбүнчө уздар кызыл менен көк өңдү, же кара менен сары өңдү, кара менен кызыл өңдү айкалыштырышат. Ага да «жалпы оюмду» оюп берүү мүнөздүү келет. Ал эми аяк каптын капкалдырыгына да өзүнчө оюм түшөт. Ага негизинен «мүйүз оюму», «табак оюму», «кыял оюму» келет да, бет оюмуна жарашыктуу көрүнөт. Буюм боз үйдүн ички жалпы жасалгасына өзүнүн өзгөчө кооздугун кошуп турат. Аяк каптын капкалдырыгынын бүчүсү ортолук оюмдун чок-ортосуна кадалган топчуга бүчүлөнөт. Чарчы жарым тегерек борумунда жапкычтуу келген бул кооз буюмдун чети чарчы тордолонот жана «төкмө чачыланат» Эр жагы – үйдүн сол тарабы. Анда эркектердин кийими, куралы, ат жабдык ж. б. буюмдар коюлган. Улага – үйдүн кире бериши. Ага адатта отун жыйып, ээр-токум коюлган. [13].

Кыргыз элинде жасалга-колдонмо искусствосунда жүндөн оймолуу килемдер токулган, шырдактар шырылып, ала кийиздер жасалып, нукура жаратылыштан алынып чийлер чырмалган.

Элдин өнөргө жана анын кооздугуна болгон мындай кызыгуулары улуттук сезимди камтыган ар кандай көркөм формадагы, декоративдик-прикладдык мазмунга бай буюмдарды жаратууга түрткү болгон. Бул туралуу академик А. Салиев “Алардагы көркөм ойлордун композициясы, түстүк гармониясы, стили жана техникалык жактан аткарылышы боюнча, ар кандай материалдардан жасалып, тигил же бул элдерге таандык болгон мындай кызыгуулары улуттук мүнөздү камтыган ар кандай көркөм формадагы ,

көркөм-жасалга өнөрдүн өзгөчөлүгүн билдирген ойюмдардын (орнаменттердин) жана түстөрдүн улуттук калориттеги гармониясынын энциклопедиясы түзүлгөн" – десе, «элдик орнамент – бул элдик поэзия» – деген орус акыны Есениндин айткандарында толук негиз бар [170, 13-б.]. Анткени, улуттук буюмдардагы орнамент – оймолорунун ар түрдүүлүгү, андагы улуттук мүнөздүн коллоритин туюндурган психологиясын берүү, декорлорго байланыштуу болгон. Декорлордун мазмунун, негизинен тигил же бул эл мекендеген аймактын жергиликтүү флоралар менен фауналардын символдоштурулуп иштелип чыккан кооз формалары түзөөрү талашсыз, бирок ал шартташууга да туш келет.

Мындай формаларды элдик чеберлер, элдин эстетикалык талабына, турмуш-тиричилигинин шартына ылайыкташтырып, коомдук өнүгүштүн агымы менен улам буюмдардын жаңы формаларын, жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу менен байытып, өнүктүрүп турган. Бул өз кезегинде кыргыз, казак, түркмөн, азербейжан, тажик сыяктуу элдердин байыркы салттарындагы килем, ала кийиз, шырдак ж.б. буюмдары өздөрүнүн нукуралуулугу менен көчмөн турмуштун шартынан чыгып, отурукташкан социалдык турмуш-тиричиликке ылайыкташтырылган жаңы формасынын көркөм саймадагы өздөрүнүн кайталангыс кооздугу, тиричилик шартындагы зарылдыгы боюнча эл аралык мааниге ээ болуп, алардын маданий өнүгүшүнө таасир тийгизүүдө. Азыркы буюмдар тышкы көрүнүшү, көркөмдөлүшү боюнча, мурдагы салттуу буюмдардан ачыктыгы, оюмдагы мазмундун тереңдиги менен айырмаланып турат. Бүгүнкү илимий-техниканын жетишкен заманында улуттук кол өнөрчүлүк да улам жаңыланып байып, заманбап машина, станоктордун жардамы менен эл талабын канааттандырып жасалып келет. Элдик көркөм мурас менен коомчулукту (окуучуларды, студенттерди, жана өнөр сүйүүчүлөрдү) толук кабардар кылып, бул өнөргө аралаштырууда мектептин, өндүрүштүн, чыгармачыл уюмдардын, жогорку жана орто окуу жайлардын ролу чоң.

Тарыхчылар кыргыздарды Енисейден чыгышкан деп далилдешкени маалым. Буга Енисей жеринде табылган орхон-кыргыз жазуулары негиз болгон. Биздин замандын XI кылымына чейин Ха-Гас деп аталган эл жашаган экен. Бул сөз кытайдын “кыргыз” деп аталган сөзүнөн чыккан дешсе, муну элдик санжырачылар тарабынан “Кырк кыз” жана “кырып түгөнгүс” – деп божомолдошкон варианттары да бар, бирок тарыхый фактыларга таянсак, анда “кыргыз” – деген сөздүн өзү биздин кылымдын 569-жылдарындагы тарыхый эмгектерден да жолукса, биздин эранын III кылымдарындагы кытайлык летопистик жазууларда “300 мин армиялуу улуу Кыргыз мамлекети” – деген жазуулар кездешет деген жазуулар да бар. Ал эми азыркы Кыргызстандын аймагындагы элдер байыртадан бери эле отурукташканы белгилүү. Нарын шаарынан алыс эмес жерде жүргүзүлгөн археологиялык казууларда 300 жыл мурда адамдар пайдаланган таш куралдар табылган. Биздин заманга чейинки II кылымда Жети-Сууда усундар мал чарбачылыгы менен тиричилик кылышкан көчмөн калктар жайланышканы да тарыхый маалыматтарда айтылган.

Енисей кыргыздарынын усундардын аймагына көчүп барууларынын себептери жана убактысы жөнүндөгү маалыматтар илимде аз изилденилген маселелердин катарына кирет.

Енисей кыргыздарында топтолгон элдик өнөрдүн элементери, Тянь-Шань аймактарындагы кыргыздарга да өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Бул айрыкча жасалга-колдонмо өнөрдүн буюмдарынын көпчүлүгүндөгү жасалгалардын көрүнүшүн, мазмунун сактап калгандыктарынан байкалат.

Кыргыздар өз учурунда кымбат баалуу металлдарды өндүрүп иштетүүдө жакшы ийгиликтерге жетишкени маалым. Анын үстүнө тарыхта IV-V кылым көчмөн элдердин орун которуп көчө башташынын “Улуу доору” – деп аталат эмеспи. Мына ушул доорлорго таандык болгон жасалга-колдонмо өнөрлөрүнүн ажайып үлгүлөрүнүн бири Шамшы көрүстөнүнөн (Чүй өрөөнү) табылган алтын буюмдардын топтому – алтын бет кап (маска), алтын сөйкөлөр, чач учтуктар, алтын чөйчөк, нефрит билериктери жана альмандин

чөгөрүлүп кооз жасалган алтын кеп такыя ж.б. Бул буюмдар изилдөө экспертизасынын аныктамаларына караганда биздин ата-бабаларыбыздын кымбат баалуу металлдарды, зергердик жана усануу техникасынын жолдорун, ыкмаларын жакшы өздөштүрүп, ар кандай эл керектөөчү металл буюмдарын жасай билишкенин айкын мүнөздөйт [2].

Ушундай тарыхый маалыматтардан байкалгандай кыргыздар байыртадан эле үй өндүрүшүнүн шартында металлды, чопону, жүндү жана терини иштетүүдөгү өнөрчүлүгү өзүнчө бир бийиктикке көтөрүлүп, ал тургай тектеш элдер менен атаандаштыкка чыкканы байкалат. Алтын жана күмүш, тери жана кийиз, карапа буюмдар өсүмдүктөрдүн формалары менен жаныбарлардын элестеринен айкалыштырылып түзүлгөн оймолор менен кооздолгон. Ага мисал катары археологиялык казуулардан табылган тери туш кийиз, карапаларды жана Хакасиядагы Абакан шаардык край таануу музейиндеги алтын жана күмүш буюмдарды, курал-жабдыктарды айтсак болот.

Кыргыздардын уздарынын жана зергерлеринин колдорунан жаралган буюмдардын, көчмөндөрдөн табылган жасалгаларындагы оймо (орнамент) өнөрүнүн үлгүсүндө көчмөндүү Түштүк Сибирь урууларынын таасири бар экендиги да байкалат. Бул кыргыз урууларынын Енисейден Тянь-Шанга көчүп жүргөндүктөрүнө байланыштуу болгон.

Кыргыз оймо-чиймеси өзүнө илгертен эле изилдөөчүлөрдүн көңүлүн буруп келген, бирок буга атайылап кызыгуу XX к. гана пайда болду Кыргыз оймо-чиймесин белгилөө жана аны кыскача сүрөттөп жазуу, албетте, бир кыйла эртерээк башталган, бирок ал, мисалы, биринчилерден болуп кыргыздардын этнографиялык сүрөттөмөсүн берген Н. Зеланд сыяктуу изилдөөчүлөрдүн атайын сюжети болгон эмес. Кыргыз оймочиймесин атайылап иликтөө 1907-ж. таандык, ошол жылы венгер окумуштуусу Альмаши (Almásy György) бул маселе боюнча өзүнүн байкагандары жөнүндө жазган. Бул килемдерде «фитоморфтуу» оймо-чиймеге караганда зооморфтуу оймо-чийме мурда пайда болгондугун адилеттүү белгилеп келип, мунун түпкү

теги персиялык деп эсептейт, бирок ал бардык көңүлүн «кочкор мүйүзгө» бурат. Аппликацияны алда канча эски ык катарында карайт. Оймо-чиймелердин эки башка түрдөгү тобуна байланыштуу ал *«Hornmotiv»* (мүйүз мотиви) жана «*Heratimotiv» (Герат мотиви*) деп бөлөт. Мындан башка да, сырттан кабыл алынган спираль (эшилме) жана меандр мотивдерин белгилеп, автордун пикири боюнча, булар кытай жана грек тектүү мотивдер катары көрсөтүлөт. Автор В. Радловдун «Aus Cibirien» деген белгилүү эмгегинде айтылган жана (тийиштүү түрдө далилденбей туруп) 1939-ж. Азиз Ниалло тарабынан колдоого алынган «тамга» теориясына этиет мамиле жасайт [2].

Сүрөтчү М.В. Рындин түзгөн альбом кыргыз оймо-чиймелеринин негизги жыйнагы болуп саналат. М. В. Рындин он жыл бою кыргыз оймо-чиймелери боюнча материалдарды чогултуп жүрүп, 6 бөлүмдөн турган альбом түзгөн:

I. «Кыргыз оймо-чиймесинин үлгүлөрү» (I-IV); бул бөлүмдүн милдети негизги материалды (кийиз, сайма, жыгач, металл ж.б.) жана оймо-чиймелер түшүрүлгөн (ала кийиз, шырдак, туш кийиз ж.б.) буюмдарды ачып көрсөтүү болгон. Сүрөттөр материалдын фактурасынын жана буюмдун милдетинин өзгөрүшүнө байланыштуу оймо-чиймелердин өзгөргөнүн берет. Кийинки тема альбомдун башка бөлүмдөрүндө да козголгон.

II. «Түс композициялары» (V-XIII табл.), мында реалисттик сюжеттер камтылып, живопистин (XII табл., 1-2-сүр.) таасири чагылып, оймо-чийме иш жүзүндө өзүнүн мүнөзүн жоготот. XIII таблицадагы сүрөттө кытай (дунган?) таасири ачык байкалат.

III. «Негизги элементтер» (XIV-XX табл.) деп аталган чоң бөлүмдө оймо-чиймелердин жаңы үлгүлөрү жарала турган, бөлчөктөлбөй турган үлгүлөр көрсөтүлөт. Алардын бир бөлүгүндө – жогору көркөмдүктөгү, реалисттик образдардын ачык сүрөттөрү берилген, калган бөлүгү pars pro toto усулу боюнча түзүлгөн. Аларга түшүндүрмөлөр төмөндө берилет. Элементтердин бир бөлүгү көркөм буюмдардын бардык түрлөрүнө мүнөздүү,

азыраак бөлүгү белгилүү бир типтер менен гана байланышкандар. Бул баарынан мурда чийге жана килем өндүрүшүнө таандык.

IV. «Реалисттик сюжеттер» өзгөчө бөлүнгөн (XI-XII табл), бул сюжеттер негизинен жандыктардын сүрөттөрүнөн жана сүрөттөрдүн «скифтик мүнөзүн» бир кыйла ачык сактап калгандарынан турат. Алар кездемедеги сайма же кийиз бетиндеги аппликация түрүндөгүлөр.

V. «Кыргыз оймо-чиймесинин эволюциясы» (XIII-XVII табл.) бөлүгүндө өз ара кайчылашкан эки процесс көрсөтүлөт. Биринчиден, негизги элементтин формасынын өнүгүшүнүн мыйзамы, аны так кайра өндүрүүнүн жолдору, көп учурда рагз рго СоСо принциби боюнча жүрө турган жалпылоо жана, экинчиден, кийиз менен байланыштуу болгон, жумшак формадагы фактурадан (айрыкча шырдактын аппликациясында) килем менен чийдеги бурчтуу, геометриялык сызыктарга (бойро) карай өтүүдө негизги элементтин томоосунун өзгөрүшү көрсөтүлгөн.

VI. «Баяндардын жана комбинациялардын системасы» (XVIII-XX табл.) деп аталган акыркы бөлүм акыркы учурда жок болуп бараткан, бирок өткөн доордо кыргыз оймо-чиймесинин кеңири баяндоочулук мүмкүнчүлүгүн ачык далилдеп турган оймочиймелердин «пиктографиялык» милдетин көрсөтөт. Альбомдо берилген материалдардагы өзгөчө илимий баалуулук – негизги элементтердин аталыштарынан турган терминдер – кыргыз оймо-чиймесинин лексикалык жактан ырасталып белгилениши болуп саналат.

Рындин боюнча кыргыз оймо-чиймеси 173 негизги элементтен турат, алар өз ара башка элементтер менен айкалышып, үч жарым миңден көбүрөөк оймо-чиймелүү сюжетти түзөт. Кыргыз оймо-чиймесинин 173 элементи төрт топко бөлүнөт: айбанат дүйнөсү – 98 элемент; өсүмдүктөр дүйнөсү – 20; ландшафттар менен жаратылыш көрүнүштөрү – 10 жана тиричилик буюмдары жана дин – 45. Килем менен чийде жаныбарлар дүйнөсү менен жаратылыш көрүнүштөрүнөн – 47, өсүмдүктөр дүйнөсүнөн – 5, тиричилик буюмдарынан – 16 элемент бар деп белгилеген [160].

Альбомдо келтирилген негизги элементтердин үлгүлөрү кыргыз оймо-чиймесинин байлыгын айгинелейт. Алардын бир бөлүгү бир үлгүдөн экинчи үлгү жарала турган (воспроизведение) жана бири-бири менен айкалышын аныктаган так мыйзам ченемдүүлүккө ээ. Рындиндин жазмаларынын негизинде биз тигил же бул элементти пайдалануунун салты менен жобосуна мисалдар келтирмекчибиз.

*«Кочкор мүйүз» (аркар мүйүз)* көчөтү кыргыз оймо-чиймесинде башкы орунду ээлейт. «Кочкор башы» көчөтү азыраак колдонулат. «Кочкор мүйүз» көчөтүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгү – мүйүздүн эки...үч жолу оролуп, спираль түрүндө болгондугунда. Колдонуу учурунда "кочкор мүйүз" «аркар мүйүз» көчөтү көп учурда оймо-чиймелердин башка да түрлөрүн айкалыштыруу жолу менен татаалдашат. Кыргыз оймо-чиймесинин композициясында «кочкор мүйүз» көчөтүндө башка бир түрү өтө сейрек учурайт. Бул элементте спиралдын санын көбөйтүү «кайталанган мүйүз» сүрөтүн пайда кылат. Мындай ык күмүшкө данакерленген алтын сымдардан жасалган күмүш буюмдарда көп учурайт.

*«Ак бугу мүйүзү»* «бугу мүйүздөн» өзүнүн түзүлүшүнүн татаалдыгы менен айырмаланат. «Ак бугу мүйүзү» кыргыз оймо-чиймесинде өтө көп кездешет жана көпчүлүк композицияларда «кочкор мүйүз» менен айкалышат. «Бугу мүйүз» көчөтүнүн стилдешкен сүрөтү өтө көп түрдүү келет жана көп учурда, анын курамдык бөлүгү катарында айбанаттын, өсүмдүктөр дүйнөсүнүн жана тиричилик эмеректеринин сүрөттөрү да кирет. Тажрыйбалуу уз-саймачылардын түшүндүргөндөрүнө караганда «бугунун жазы мүйүзү» жана «жазы мүйүз бугунун туяк изи» – деп аталган көчөттөр мүйүзүнүн бутактары жазы келген, ири, күчтүү бугунун сүрөтү болуп саналат.

*«Бугунун жазы мүйүзү»* көчөтү «бугу мүйүз» көчөтүнөн мүйүздүн ортоңку бутактары жазы болуп барып, баш жактарында кеңейип кеткендиги менен айырмаланат. «Жазы мүйүз бугунун туяк изи» «кочкордун изи» көчөтүнөн туягынын ачаларынын көбүрөөк айрылышы менен айырмаланат. «Кочкор мүйүз» («аркар мүйүз») «жалбырак» жана «тумар көчөттөрү менен

айкалышпаганын айтпаганда, кыргыз оймо-чиймесинин башка негизги элементтери менен айкалыша берет, ал эми «жалбырак» жана «тумар» көчөттөрү менен айкалышканда «көгүчкөн» көчөтүн берет. *«Тоо теке»* көчөтү менен айкалышы бөлөк-бөлөк түшүрүлөт. Мындан башка да, «тоо теке мүйүз» көчөтүнүн мүнөздүү белгиси – мүйүздөрдүн ички каптал сызыктары уланып жүрүп отуруп аягында бир чекитке келип кошулбагандыгында турат, мына ушунун өзү «тоо теке мүйүз» көчөтүн «айчык» көчөтүнүн тектеш композицияларынан кескин айырмалап турат. *«Уй мүйүз»* – жалпысынан уй мүйүзүнүн мүнөздүү формасында берилет, мында «уй мүйүз» көчөтү формасы боюнча «кочкор мүйүз» көчөтүнүн формасына жакын келгени менен, анын түзүлүшү спираль түрүндө имерилген жерлери «кочкор мүйүз» көчөтүнүн спиралындагыдан аз, тактап айтканда, бир жарым имеримден же андан азыраак келет. *«Така»* – кыргыз оймо-чиймесинде негизги элемент катары эсептелип, ал буюмдун өзүнөн – такадан эмес, анын изинен көчүрүлүп алынгансыйт, муну ортолук бөлүгү ичкерип кеткен «така» көчөтүн жакшылап караганда ачык көрүүгө болот, мындай из такалуу аттын изинен гана байкалат. «Таканын» ортоңку бөлүгүнүн ичкерип көрүнүшү «така» көчөтүн «айчык» көчөтүнөн айырмалап турган мүнөздүү белгиси болуп саналат.

*«Көгүчкөн»* көчөтүнүн эң башкы өзгөчөлүгү стилдештирилген көгүчкөндүн башы дайыма төбөсү жогору каратылган үч бурчтук түрүндө сүрөттөлөт. «Көгүчкөн» көчөтүнүн мүнөздүү белгиси – канаттары менен куйругунун ички сызыктарынын түзүлүшүн жалпылаштырылбаган багытта берилгендигинде жана ал ушундай окшош позициядагы «айчык» көчөтүнөн кескин айырмаланат. «*Айчык» көчөтү* өзү менен өзү жана кыргыз оймо чиймесинин башка негизги элементтери менен композициялык жактан айкалышканда «тоо теке мүйүз» жана «карга тырмак» көчөттөрүнүн ушул сыяктуу айкалыштарынан айырмаланып, анын негизги формасы сакталган учурда композициялык айкалыштардан да байкоого болот. Кыргыз оймо-чиймесинде кыргыздар *«бадам»* – деп атаган көчөт көп колдонулат. Бул көчөттү талдап көргөндө көчөттүн теги өсүмдүктөр дүйнөсүнөн эмес,

жаныбарлар дүйнөсүнөн чыкканы ачык байкалат, мунун түшүнүгүн эң эле кары адамдар да айтып бере алышкан эмес. «Бадам» көчөтүнүн ар түрдүү формаларын карап чыгуу бул көчөттүн бөлүктөрү мурда «кыргоол» көчөтүнүн формасын мүнөздөгөн көчөттө ачык байкалып турган болсо, эми акырындык менен жоголуп кеткенин көрсөттү. Кыргыз оймо-чиймесинде «*кыргоол» көчөтүнүн* көп колдонулушу кыргыздардын илбээсинге болгон аңчылыгындагы кыргоолдун ролу менен түшүндүрүлсө керек, а мүмкүн ал өзбек оймо-чиймесинен кабыл алынгандыр. Кыргыз оймо-чиймесинде (негизги элементтерде «кыргоол» жана «кыргоолдор» түрүндө түшүрүлөт. «Кыргоолдор» көчөтүнүн туура берилген формасы аны бөлүп-бөлүп алганда ар дайым «кыргоол» көчөтүнүн формасын берет. *«Жалбырак» көчөтүнө* айкалыштырыла турган кыргыз оймо-чийме элементтери жалбырактын бетине композициялык чечим катарында киргизилгенде өздөрүнө мүнөздүү белгилерин жоготот. «*Кара карганын изи» көчөтүнүн* мүнөздүү белгиси – анын тырмактарынын дайыма ачылган түрдө түшкөндүгүндө турат, эгерде мүмкүн үстүнө кошумча көчөт түшүрүлсө, ал көчөт өзүнө тийиштүү белгисин жоготот. «Кара карганын изи» түшкөн көчөттүн бөлүнбөй бир бүтүн турушу аны «көгүчкөн» көчөтүнөн айырмалай турган негизги белгиси болуп саналат. *«Гүлдөр» көчөтү* желекчелеринин саны боюнча он бир желекчелүү гүл көчөтүнө чейин жетет, андан ары ал көп желекчелүү «ай гүлү» деген аталышка ээ болот. «Гүл» көчөтү тегеректченин ичине эч качан түшүрүлбөйт, эгер түшүрүлсө анда ал башка аталышка ээ болот, атап айтканда, «чач теңге» – деп аталып, ал аялдардын тыйындардан турган күмүш чач учтугун билдирет. «Гүл» көчөттөрү түшүрүлгөн гүлдүн өз аталышы боюнча аталат же гүлдүн чок ортосунда жайгаштырылган нерсенин аты менен, же кыргыз оймо-чиймесинин негизги элементи катарында өзгөчөлүү аты болгон желекченин формасы боюнча аталат. *«Бүркүт» көчөтүнүн* курамдык бөлүктөрү, негизги элемент катарында өздөрүнө таандык белгилери болсо да, ошого карабастан, композицияга жуурулушуп, өз алдынча жашоосун токтотот да, «бүркүт» деген жалпы аталыштын ичине кирет. *«Умай» көчөтү* өзүнүн түзүлүшү боюнча

«бүркүт» көчөтүнүн түзүлүшүнө окшош келет, бирок андан канаты бар жыланҷач аялдын сүрөтүн бергендиги менен айырмаланат. «Умай» көчөтү балдарды коргой турган «тумар» көчөтүнө кирет. Умай – кушка окшогон, абада жашаган, бөбөктөрдү коргой турган аял түрүндөгү мифтик жан. *«Мончок» көчөтүнүн* мүнөздүү белгиси бул көчөт ар дайым бөлөк-бөлөк бөлүктөрдөн турат. *«Кондурга»* көчөтү «той мончок» көчөтүнөн «омуртка» көчөтү түрүндө гана түзүлгөндүгү менен айырмаланат, ал эми «той мончок» көчөтүндө омуртканын негизги формасынан башка да темир комуз жана така түрүндөгү кошумча көчөттөр болот. *«Ууктардын»* учу сайылып турган «түндүк» өзүнө окшош «күн» көчөтүнөн анын ортоңку бөлүгү «күн» көчөтүндөгү тегерек ачык бет катарында эмес, шакек түрүндө сүрөттөлгөнү менен айырмаланат, ал эми «шак- шак» – «таякчалардан турган бахрома» көчөтүнөн «шакшак» көчөтүнүн ортоңку бөлүгү шакек түрүндө болгондугу менен айырмаланат, ал эми «түндүктүн ортосу» болсо чамгарак түрүндөгү айкалыштан турат. *«Чымындын канаты»* көчөтүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгү – ал дайыма кош канат түрүндө түшүрүлгөндүгүндө, анткени бир эле канаттын сүрөтү берилсе формасы жагынан окшош болгону менен башкача «жалбырак» деп аталып калат . «*Кобул» көчөтү* менен ууктун төмөнкү жазы учу, түндүк, кереге жана түндүктүн чамгарагы кооздолот. Ушундай эле көчөт тери шымдардын тигишине тиш менен түшүрүлгөн. «Кобул» көчөтү мындан башка да, жалпы эле күмүш буюмдарды кооздоодо, териге наар түшүрүүдө, ошондой эле килемде, саймада жана кийиз оюмунда колдонулат, бирок килемде, саймада жана оймолуу кийизде өзүнүн формасын (ныгыра басып түшүрүлгөн из) жоготуп, тилке түрүндө гана сүрөттөлөт. «Кобул» көчөтү өзүнүн сүрөтү боюнча «карга тырмак» көчөтүнө окшош келет жана андан өзүнүн узундугу жана көп учурда алкак катарында колдонулгандыгы менен айырмаланат. «Килем» сүрөтү – кыргыз оймо-чиймесинде өзгөчөлүү сүрөт катарында кирет, ал жалаң гана түз сызыктардан туруп, килем менен чийдеги кыргыз оймо-чиймесинин негизги элементтерин түзөт. Килем сүрөтүнүн түз сызыктуулугу килем жана чийди кооздоо өндүрүшүнүн техникасы менен шартталган. Буга

кыргыз оймо-чиймесинин айрым бир, түзүлүшү түз сызыктуу болгон элементтери гана кирет. Килем сүрөтүндө, көпчүлүк учурда «кочкор мүйүз», «кочкор башы», «кайталанган мүйүз», «бугу мүйүз», «бугунун башы», «жазы мүйүз бугунун туяк изи» колдонулат. Бул айтылгандар тиричилик буюмдарындагы оймо-чиймелердин негизги элементтерин жана алардын айкалыштарын пайдалануунун жобосун мүнөздөйт. Кыргыз оймо-чиймесинин бардык негизги элементтери өзүнүн чындыкка жакын болгондугу, сүрөттөрүнүн ачык, дааналыгы менен айырмаланып, «бөлүктөрдөн турган бир бүтүндүк» мыйзамына баш ийет. Мына ушул ачык сызыктар жаратылыш көрүнүштөрүнүн «ай», «булут», «күн» сыяктуу сүрөттөрү менен үндөшүп кетет, өз кезегинде, көп сандагы сызыктарды, ашкере шөкөттүүлүктү бере турган өсүмдүк түрүндөгү оймо-чиймелер цикли кескин айырмаланат. Айтмакчы, мындай ашкере шөкөттүүлүк айбанат циклиндеги татаал комбинацияларга да мүнөздүү. Кыргыз оймо-чиймесиндеги баяндоочулук – айрым-айрым элементтердин комбинацияларында камтылып турат [165].

Жасалга-колдонмо өнөрдү өндүрүштөн бөлүп кароого болбойт, анткени, шаарларда өнөр жайлары ачылып, анда уздар, зергерлер чебер курулушчулар эмгек кылышкан. Алар кооз идиш-аяктарды оймолоп-чиймелеп жасашканы, кийимдерди жана турак жайларды кооздоп жасалгалашканы маалым. Муну биздин күнгө чейин жеткен эң сонун шырдак, ала кийиз, туш кийиз, көөкөр, чыгдан жана архитектуралык курулуштардан (Таш-Рабат, Манастын күмбөзү, Өзгөн жана Токмоктогу мунаралардан) көрүүгө болот.

Кыргыз маданияты өзүнүн гүлдөп өскөн доорундагылардын, б.а. биздин заманга чейинки V-VII кылымдарындагы мурастарынын бардыгын болбосо да, прогрессивдүү жактарынын көпчүлүгүн сактап кала алды. Алсак, дүйнөлүк көркөм өнөрдүн үлгүлөрүн өзүндө коллекциялаган дүйнөгө маалым Санкт-Петербургдагы Эрмитаж музейинде кыргыз элинин өткөн кылымдагы көркөм принциптерин жана көркөм каада-салтын, үрп-адатын терең чагылдырган өнөр буюмдарына, этнографиялык материалдарына кеңири орун берилген.

Анда негизинен элдик көркөм өнөрдүн өзөгүн түзгөн жыгач идиштер, тери буюмдар (көөкөр, көнөчөктөр, чыны каптар), күмүш ат жабдыктар ж.б.үй буюмдары (шырдак, ала кийиздер, аяк каптар, таарлар ж.б.), жаш кыздардын асемдүү кийимдери жана кооздук жасалгалары (сөйкөлөр, чач учуктар, билериктер, берметтен жасалган чач учуктуу кеп такыялар, шөкүлөлөр ж.б.). Алардын арасында этнографтардын жана өнөр таануучулардын көңүлүн өзүнө бурган, XIX кылымдын биринчи жарымына таандык, аябай жука, өтө кылдат, *назик ийлетилген эликтин терисинен иштетилген туш кийиздин саймасы, көркөмдүк эстетикалык мааниси, оймолорду түшүрүүнүн (саймалоонун) техникалык аткарылыш чеберчилиги, түстөрдүн айкалышынын улуттук колорити жагынан, азыркы туш кийиздердин түпкү оргиналдуу нускасы экендигинин далили.* Анткени, байыркы кыргыздар ар кандай түстөгү (ак, кара жердиктери) кийиздерге жана малдардын терилерине туш кийиздерди сайышкан. Мындай элдик өнөрдүн байыркы мурастарынын бири 1860-жылдары кыргыз жеринде болуп, кыргыз турмушун алып тарткан орус сүрөтчүсү В.В. Верещагиндин «Кыргыздын бай мергенчиси өзүнүн кушу менен» – деген полотносундагы мергенчинин териден иштетилген шымы, өтүгү, шайы чапаны, ак калпагы, боз үйдүн ички жасалгалары, капшыттагы сандык, жел боолор ж.б. көркөмдүк мазмуну жагынан элдик өнөрдүн өзүнчө бир бийиктигин көрсөттөөрү шексиз [24]. Бул картина реалдуу көрүнүштөн алып тартылгандыгы менен кайталангыс да, табылгыс да тарыхый факт. Эрмитаждагы, Третьяков галереясындагы этнографиялык жана өнөр чыгармаларынын материалдарындагы орнаменттерди, кооздоо элементтерин, түстөрдүн гармониясын, XVII-XIX кылымдардагы кыргыз элинин солциалдык абалын жана маданиятын толук элестеткен үлгү десек болот. Демек, кыргыз элинин маданияты менен искусствосунун өнүгүшүндөгү жаңы этабы – бул орус эли менен маданий алакадагы мамилесине байланыштуу болгон, себеби, кылымдар бою көркөм мурастын коллекциясын түзгөн орус элинин прогрессивдүү маданияты менен реалистик традициядагы көркөм мектеби, кыргыз элинин маданияты менен өнөрүнүн өнүгүшүнө таасирин тийгизбей

коё алган жок. Кыргыздардын көркөм кол өнөрчүлүгүнүн өсүп-өнүгүүсү, Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин кайрадан жаңы нукта, цивилизациялуу жол менен алдыга карай багыт алды. Эгерде өткөн тарыхка кайрылсак, анда революцияга чейин кыргыз элине жасалга-колдонмо искусство предметтери сыяктуу илгертен келе жаткан өнөр гана таандык болсо, ал эми азыр живопись, графика, скульптура, архитектура, дизайн сыяктуу өнөрлөрдүн станоктук, монументалдык мазмундагы түрлөрүн улуттук ченде, жаңы сапаттык мазмунда, реалистик багытта өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк алды.

Жасалга-колдонмо искусство маданиятыбызды сактап, өнүктүрүп усталар жана уздар жүндөн, кийизден, териден, жыгачтан, күмүштөн, сөөктөн, өрмөкчүлүк, саймачылык жана булгаарыдан жасалган укмуш буюмдарын келечек муундарга мурас катары үйрөтүп калтырышы кыргыз элинин тарыхын, улуттук улуу мурастарын үйрөнүүгө шарт түзөт.

Жасалга-колдонмо искусствосунун кайсы гана түрүн албайлы, баардыгында тең таланттулук, чеберчилик көрүнүп, дизайн жаны баскычка көтөрүлүп, чет элдиктердин да көңүлүн өзүнө буруп, өзгөчө өз элибизде оз ордун таап калган кези, себеби ар бир кыргыз айымдын гардеробунда улуттук кийимдер орун алды, ар бир мырза *улуттун баалуу баш кийими ак калпакты* сыймыктануу менен кийип, керек болсо *ак калпак күнү да улуттук майрам* катары белгиленип келет, демек, кыргыз элдик Жасалга-колдонмо искусство предметтери элдин заманбап санариптик өнүгүү доорунда да өз актуалдулугун сактап калганынан кабар берет. Жасалга-колдонмо искусствосу аркылуу жаралган улуттук кийимдерге кызыккандар көп. Көчөдө, иште, чоң жыйындарда, кыргыз оймосу менен чепкен же көйнөк, моюн орогуч, калпак кийип жүргөндөр көбөйдү. Жасалга-колдонмо искусствосунун үзүрү этникалык стилде тигилген кийимдер Dolce&Gabbana (D&G), Gucci, Versace, Armani өңдүү дүйнөлүк брендге теңдеше алары талашсыз, себеби, нукура сырьёдон жасалган көркөм кийимдер.

Республикабыздын шаар, кыштактарында элдик жасалга-колдонмо искусство предметтерин жаңы нукта өркүндөтүүчү элдик өнөрканалар жана ишканалар уюштурулуп, орто мектептерде «Көркөм өнөр жана технология» сабактарында сааттар каралып, ал тургай ийримдик иштердин колго алынып жандандырылышы мыйзамдуу көрүнүш. Мындай элдик өндүрүш ишканаларында уз-чеберлер, зергерлер, сүрөтчүлөр элдин талаптарына карата, элдик өнөрдүн салтындагы кооз буюмдарды өндүрүшсө, мектеп сабактарында окуучулар элдик өнөрдүн байыркы мурастарынан жана тарыхынан кенен түшүнүк алышып, элдик буюмдарды жасоону үйрөнүү аркылуу, дүйнө элдеринин жасалга-колдонмо искусство предметтеринен маалымат алышууда. Жасалга-колдонмо кол өнөр элдик турмуш-тиричиликтин талабын канаатандырып, адамдын күндөлүк турмушу менен бирге болуп, алардагы кооздук сезимди ойготуп, сулуулуктун мыйзамдарына гана каныктырбастан, ал улуттук ар намыстын бийик үлгүсү, атуулдук сезимге тарбиялоодо чоң жардам берет. Элдик мүнөздүн белгисин өзүндө сактап, эл тарыхы, эл мүдөөсү бар элдик өнөрдүн көркөм билим берүүдөгү мүмкүнчүлүгү зор.

Жасалга-колдонмо искусство чыгармаларын иштеп чыгууда, ар бир элдин эстетикалык табитине ылайык спецификалык өзгөчөлүктөрү эске алынат. Ал негизинен жалпы эле дүйнө элдерине таандык. Алар тарабынан иштелип чыккан, көркөм процесстин тарыхына кирип калыптанып калган, тиричиликте, турмушта, өндүрүштө кеңири колдонуу, урунуу ыңгайында, көркөм философиясында аныкталган *жасалга-колдонмо өнөрдүн төмөнкүдөй жанрдык механизмин түзөт:*

1. *Керамика карапа иштери* (чопо, майолика, фарфор, фаянс) негизинен байыртадан бери чыгыш элдеринен мурасталган өнөр. Бул жогорку ыссыктыкта уютулуп бышырып иштөө жолу менен жасалуучу идиштер, буюмдар ж.б.

2. *Айнек жана көркөм айнек буюмдары* (хрусталь идиштери), түстүү айнек буюмдары, вазалар, нурданып туруучу арматуралар ж.б. бул айрыкча, Европа

өлкөлөрүндө өзүнүн өнүгүүсүн тапкан өнөрдүн жана өндүрүштүн бир түрү. Эң жогорку ыссыктыкта эритилип үйлөтүлүп иштетилет.

3. *Жыгач жана көркөм жыгаччылык буюмдары* кол өнөрчүлүктүн байыркы түрүнө кирет. Жыгач менен көркөм иштетүүнүн түрү кесүү, оюу чыгыш элдеринде биздин доордун VI-V кылымдарында өзүнчө бир кайталангыс из калтырганы маалым (жыгачтан жасалган идиш-аяктар, үкөк сандыктар, боз үйдүн жыгачтары, бакан, каалгалар). Азыркы учурда мебелдер, негизинен жонуп, кесип, аралап, күйгүзүп иштөө ыкмалары менен бирге, ар кандай станокторду колдонуу техникасы менен да аткарылат.

4. *Лак живописи менен иштелген буюмдар* (шкатулкалар, вазалар, статуэткалар, подностор ж.б.) негизинен ар кандай материалдардан жасалган, элдик чеберлердин иштеринин мазмунуна, тематикасына жараша буюмдардын беттерине лак живописи менен сүрөт тартуу болуп эсептелет.

5. *Сөөк – зергерчиликтин жердиги* көркөм буюмдарды кармоонун түбөлүктүү негизи. Ага малдын (төө, уй, топоз, жылкы, кой-эчки), кайберендердин (бугу, тоотеке, кулжа) сөөгү пайдаланылат. Сөөк жана мүйүз буюмдарын иштетүнүн негизги ыкмалары өгөп, үшкүлөп, жонуп, кайнатып тазалоо жолу болуп эсептелет (топчулар, сөйкөлөр, шурулар, чакча, айкелдер, сувенирлер, идиштер ж.б.).

6. *Текстиль, кездеме иши* – үй өндүрүшүнүн шартында илгертен бери келе жаткан түрлөрүнөн болуп саналат. Ал негизинен жүндөн, пахтадан, жибектен ж.б. текстиль материалдары жана андан жасалган буюмдар кирет (жүн буюмдары, килемдер, таарлар, көркөм саймалар, кийимдер) [160, 11-б.].

7. *Кийиз буюмдары* – ала кийиз, шырдак, аяк кап, жабык баш, үзүк, туурдук, эшик тыш өңдүүлөрү. «Кыргыз кийизге туулган» – деген сөз бар [9, 103-б.]. Бул «кыргыз кийизге жан киргизет» – дегенди туюндурат. Мындай кооз буюмдарыбыз кылымдарды карытып келет.

Кийизден жасалган буюмдарга токтоло турган болсок: ала кийиз – карала кийиз). «Ала кийиз, төшөк жок, Жерге жатты кайран эл» (Ысак). Түр-

оюм түшүрүлүп, уютулуп жасалган кийиз буюм. Алардын толук жердиги жүн болгондуктан, элибизде кийиз буюмдары арбын.

Ала кийизди даярдоо (кийизге оюм түшүрүү) байыркы, чаптап же оюп көчөт түшүрүү техникасын эске салат, ал эми шырдактын техникасы – курамдык элементтерин жана аппликацияларды кесип алуу жолу менен кийиз килем жасоо техникасы – инкрустацияга жакын (Б. Веймарн аны «мозаикалуу» деп атайт), бул ык моңголдордун тушунда өзгөчө өнүккөн. Ырас, аппликациялардын кошулган жерлерин шоона менен тигүүнү биз биздин замандын чегиндеги Ноин-Уланын эстеликтеринен да билебиз, аны казактардын «текимет» аппликациясынан да байкаганбыз [2].

*Ала кийиз (карала кийиз)* – деп *аталышынын себеби*, илгери ак жана кара койдун жүнүнөн түр түшүрүлүп жасалгандыктан, ошентип аталып калган. Уяң жүндүн баары эле боёкко жакшы кириши мүмкүн эмес. Кылчыктуу жарым кылчыктуу жүндү да боёкко абдан кандыра салып, муздак суу менен жакшылап жууп алышат. Уздардын айтымында бир койдун жүнүнө болжол менен алганда, бир чоң чака суу, 200 грамм боёк туура келет. Орточо ала кийизге 10 кг. кара жүн керектелет, ал эми түрүнө 1,5 кг. жүн керектелет [9, 14-б.]. Ала кийиздин кооздугу – оюмду майда-майда берилүүсү менен бардык өңдөр ич ара жуурулуша аралашып, ортодон бир өңдүн чыгуусу менен ойдогудай бааланат. Башкача айтканда көп боёктордон сүрөтчүлөрдүн пейзажын элестете алышы керек. Уютулуп жасалат.

*Шырдак* – кийиз буюмдарынын кооз түрү. Кабатталган кош кийизге түрдүү оюмдар түшүрүлүп, шырылган. элдик оюмдарды пайдалануу аркылуу жаралган көркөм буюм. Узчулуктун ата башын биз шырдакты (шырдамал) кармоодон билебиз. *Шырдак – оймочулук өнөрүнүн канышасы*. Ал түрдүү өңдөгү оймолонуп кооздолгон, кийизди беттештирип, «милте» (жээк, ыскыт, басыткы) коюп, жөрмөбөй шырылып, жерге төшөлүүчү көркөм үлгү. Койдун тазаланып сабалган кылчык күзгү (кээде күзгү менен жазгы жүндү аралаштырып), ак менен кара жүндөн өзүнчө жука, бышык кийиз уютулуп, бычылган кийизден бирөө оюм, экинчиси фон болуп түшөт [9, 288-б.].

Ала кийиз менен шырдак 2012-жылы ЮНЕСКОнун маданий мурастарынын тизмесине киргизилип, буларга болгон мамиле түп тамырынан өзгөрүп, бүгүнкү күнү шырдак дүйнө элинин назарында.”Алтын чөйчөк” уздары коомдук бирикмесинин мүчөсү Жаңыл апанын колунан жаралган шырдак Англиянын борбордук музейинде илинип турат. Кыргызстанда “Кыргыз шырдагы” сынагы дайыма уюштурулуп, элдин ичинен нукура уздардардын өзгөчө эмгектерин эл менен тааныштыруу иштери да колго алынган. Бул сынактын жеңүүчүлөрү: Б. Бостоналиева, З. Бегимбаева, А. Сулайманова. 1-орунду алган шырдак сынактын уюштуруучусу Д. Чочунбаеванын айтуусунда Кыргыз Улуттук тарых музейине өткөрүлүп берилген. Ушундай эле “Мурас” сынагында жакшы сакталга эски шырдактар тандалып, элдин назарын коюлган.

Штефан Домпке кыргыз шырдагын көп жылдардан бери изилдеп келет, Германиянын атуулу жана жашылдар партиясынын мүчөсү уюштурган шырдак көргөзмөсү Берлиндин айтылуу Унтен ден Линден бульварынын чекесиндеги Фестуңсграбен сарайында уюштурган, ал бир эле мезгилде Кочкордо, Ат-Башыда, көлдөгү Бөкөнбаев айлында жасалган эң мыкты шырдактарды Европага алып келип, көргөзмөлөрдө сатуу жагын уюштурган. Бүгүн анын аракети менен Германиянын ондогон шаарларында кыргыз шырдагын килем саткан дүкөндөрдөн табууга болот. Албетте шырдакка караганда, түркмөндөрдүн, Ирандын, Бухаранын калы-килемдери дүйнөгө жакшы таанымал. Ушуга байланыштуу Штефан Домпке шырдакты эл аралык базарга алып чыкканда, кыргыздар, алардын тарыхы жана маданияты тууралуу да кеңири маалымат берүүгө басым жасайт. Алармандар шырдак деген эмне экендигин билиши керек. Шырдак жасоо Кыргызстанда байыркы, коло доорунан келаткан, бирок технологиясы унутулуп бараткан өнөр экенин, шырдакты аялдар жасаарын айтыш керек, анткени алармандар шырдак менен кошо анын элинин да тарыхын сатып алат. Алар шырдакка байланышкан маданият, салт-санаага кызыгышат. Шырдактын кошумча баалуулугу ушунда – деп белгилеген.

*Жабык баш* – бул көбүнчө кийиз оюм менен жасалып, боз үйдүн ички уугунун билегине тегерете тосулуучу көркөм буюм. Боз үйдүн көркүн ачкан, ички жасалгаларынын эң негизгилеринин бири. Анын түрдүү үлгүлөрү бар. Жабык баштын ортолугуна көбүнчө шырдакка таандык «табак» оюмунун жана «түр оюмунун» бири ирээти менен көчүрүлөт. Жабык баш, адатта кадимкидей шырдактык шырык аркылуу шырылат. Боз үйдүн аянтына карата тегерете бычылган бул буюм, эки же төрт бөлүктөн турат [9, 55-б.].

*Үзүк* – бул боз үйдүн өрө кийизинин бир түрү. Уук үстүнөн келүүчү көлөмдүү жабуусу. Боз үй алдыңкы үзүктөн жана арткы үзүктөн турат. Үзүктүн жалпы аянты үйдүн чоң жана кичинесине карай аныкталат. Алдыңкы үзүктүн башкы жана ортоңку боолорун туурдуктукундай сызмадан да, термеден да жасайт. Ал эми этек боосу эшилген жиптен тагылат. Үйдүн аянтына карай боочуларды төрттөн-бештен да тагууга болот [9, 254-б.].

*Туурдук* – боз үйдүн өрө кийизинин бир бөлүгү. Туурдуктун этек жагы жазы келип, ууктун билегине чейин жабуучу баш жагы кууш болот, анткени, боз үй керегеден өткөндөн кийин улам жогорулаган сайын кууш болот. Ал – үйдүн кереге жабуусу. Анын узундугу 1,80-2 метрдей, туурасы 4,5-5 метрдей бычылат, ал көбүнчө төрт бөлүктөн турат. Буга көбүнчө эчки менен топоздун кылтагынан кара-ак жип, кээде кызыл-ак жип эшиле жээктелет. Аны туурдуктун жээги дейт. Туурдуктун эшме, сызма, терме боолорунан эки башы уукка бекитилет. Ал боолордун учтары «төкмө чачыланат» же «топ чачыланат» [9, 233-б.].

*Эшик тыш* – эшик чийдин сыртынан каланган кийиз. Адатта, эшиктин баш босогого чейинки ак кийиз менен жабылат. Анын үч тарабынан, эки жагынын жана аягынын жазылыгы 15-18-20-22 см. келген жерине түрдүү түстөгү көркөмдүк түшөт. Эшик тышка көбүнчө «мүйүз», «кыял», «бадам» өңдүү оюмдар түшөт да, кызыл, кара өңдө берилет [9, 324-б.]. Ал жээк катары аламычталып коюлушу мүмкүн. Эшик тыштын башына сызмаданбы же эшилген жиптенби боо тагылат. Ал эми мунун кырчоого байлана турган эки

четки ичке боосу эшме болот. Мындан сырткары да кийизден көптөгөн буюмдар жасалып келет.

*Чий* – «килем көчөт келтирип, чырмак салган чийине» (Манас эпосунан). Бул – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн түбөлүктүү жердиги, чырмакчылыкты жүзөгө ашырууда негизги материалы. Чий өсүмдүгүнүн бышкан маалы августтун экинчи жарымына туура келет. Өтө ката элек чийди түбүн жумшак кезинде ыгы менен жулуп, мээлүүн жерде кургатат. Согуу жана чырмактоо алдында абалы кабыгы аарчылат. Чийдин жердиги республикабыздын Тоң, Түп, Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Ат-Башы,Жумгал, Чоң-Алай, Алайкуу сыяктуу аймактарында арбын өсөт [9, 149-б.].

*Чий токуу* – бир метрдей бийик эки казыкчага узата коюлган түндүк бакан же ошол өңдүү жыгач тал, чий токуунун элдик дүкөнү. Чий – дан өсүмдүктөрү тукумундагы бийик өсүмдүк (Lasiadrostic Splendes). Чийдин сабагы жүн жип менен чырмалып, алардан килем тибиндеги оймо-чиймелүү буюмду даярдашат [2].

Чийди токуунун салттуу жөрөлгөсүндө токула турган жердик шоона төөнүн чудасынан, же койдун узун-кылчык жүнүнөн ийрилип, чыйратылган. Ага тандалып алынган сайдын бирдей томпойгон сүйрү таштарынын жыйырмадайы белинен байланат. Чийдин талы бир-бирден кезеги менен дүкөнгө коюлган сайын шоонага чырмалып, салаңдаган таштар бири-бири менен алмашып турат. Азыркы учурда айрым чырмакчы-уздар, шоона ордуна чыйратылган кебез жипти, таш ордуна эки жагында муунагы бар темир буюмдарды колдонушат. Ал шоонадай байлоого эптүү, таштай кармоого сыйда болот. Токуучу жиптин жоон-ичкелиги жасалуучу буюмдун үлгүсүнө, чийдин түрүнө жараша ылайыкташат. Токулган жиптин аяк-башына кара жиптен «ийрек» түшөт.

*Саймачылык* – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Эл ичиндеги кездешүүчү адеми буюмдарындагы формасы ар кандай, мазмуну терең сайма көчөттөрү бүгүн да көөнөрбөй, чеберлердин чыныгы уздугу жана ашкере таланттуулугун даавалап көрсөтөт.

*Сайма* (кеште) – кандайдыр бир заттын (нерсенин) сөлөкөтүнө окшош, уйкаш элементтерин (көчөттөрүн) кездеменин, теринин, кийиздин, таардын жана башкалардын бетине ырааттуулук, ыргактуулук менен кайталанган кооздук. Ал оюм-чийим, сайма, курак, түрдөн турат [9, 82-б.]. Элдик сайма “Илме сайма”, “Шибеге сайма”, “Илме дос”, “Басма”, “Көптүрмө”, “Терс кайык”, “Жөрмөмө”, “Чыраш”, “Карга тырмак”, “Кекиртек”, “Кайчылаш” – деген түрлөрү бар.

*“Ийне сайма”* – жөрмөп саюу, ичке ийне менен сайган сайма көрктүү көрүнөт. *“Илме дос”* – ийне сайманын бир түрү. Мында саюучу учукту жердиктен ичке алат да, эки башынан илмек өңдөнтүп улап илип улам улаштырып тартып олтурат.

*“Басма сайма”* – ийне адаттагыдай жердиктин алдынан өткөрүлөт. Башынан баштап белгилүү аралыкты аягына дейре бир сыйра сайып алат. Аны кайра башынан дагы үч-төрт жолу сайып тартат. Бул сайма менен илгери кийим жапкычтарды, терезе пардаларды, кроват жапкычтарды ж.б. үйдүн жасалгасынын көркүн ачуучу буюмдарды сайышкан.

*“Көптүрмө саймасы”* – жердикке түшүрүүчү учук жипти эң майда кылып саят. Ал бирдей түшүрүлөт жана көптүрмө саймага түшкөн көчөттүн көрүнүшү чийге, килемге, өрмөккө берилгендей сындырылып кетет. Ошондо жердиктин эки бетине сайма бирдей түшөт. Бул сайма менен сүлгүнү, бет аарчыны сайышкан.

*“Терс кайыкта”* – жердикке сайманы өтө майда түшүрүү керек. Түшкөн жиптин көзгө илешпей, өтө майдалана берилиши менен са йымды бири-бирине улантып сайып кетүү керек.

*“Жөрмөмө саймасы”* – бул сайма бир нече майда таякчаны оңго карай жантык сайып чыгат. Анын узундугу жана бири-биринен аралыгы 1-1,5см. Болушу зарыл. Жөрмөмө саймасы да майда саймалардын катарына кирет.

*“Чыраш саймасы”* – буюмдун чекесин чыраштап бекитүү дегендик. Буюмдун четинен “Жээк” (0,4-0,5см.) алынат. Ошол жээктен буюм четин кабыштыра (1-0,5см) аралыкты кыйгач кайып сайылат. Учук эми

кайчылашып, кайра мурунку сайган жердин сол жагынан чыгат. Андан кийинки учук кайра мурункунун сол жагынан чыгуусу тийиш. Ошентип сайма оңдон солду карай жылып олтурат. “Чыраш” саймасы “Илме дос” саймасын саюудан өзүнүн татаалдыгы менен айырмаланат. “Чыраш” саймасы менен көбүнчө калпактын чети сайылат. Бул сайма менен сайылган кыргыз калпагы кооз жана көрктүү келет. Негизи элдик сайма көчөтү “мүйүз”, “айчык”, “бадам”, “гүл” өңдүүлөр кирет да, булар түндүк-түштүк журтчулугунбирдей аралаган “Көөкөр”, “Бүркүт”, “Тогуз дөбө” ж.б. айбанаттар менен өсүмдүктөрдүн шарттуу сөлөкөттөрү да сайма көчөттөрүнөн, көчөт үчүн оюм-чийимдерден айырмаланып турат.

*Курак* – түрдүү түстөгү кездеменин, мехтин, кайыш, булгаарынын, кийиздин, таардын өөнүнөн кураштырылып жасалган буюм жана буюмду кармоо ыкмасы. Булардын жалпылыкты түзгөн окшоштуктары бар, бирок сүрөттөөдөгү, образ түзүүдөгү, буюм жасоодогу көркөм тили ар башкача болот.

“Кымкаптын өөнүн эп кылган,  
Кыздарына сеп кылган,  
Баркуттун өөнүн эп кылган,  
Балдарына сеп кылган”. (Калык).

Куракчы – курак куроо боюнча уз. Куракчылык – бычмачылык, тикмечилик өнөрүнүн бир түрү. Бул термин айрым аймактарда «курама» – деп да аталып жүрөт. Куракчылык – байыртадан калган жасалга өнөрү [9, 139-б.]. Илгертеден курак ыкмасы менен жасалган буюмдарга ар кандай формалар кооздук элементи катары колдонулган. Бул элементтер уздар тарабынан жасалган жууркан, төшөк, көлдөлөң, жаздык, чай туткуч ж.б. ушул өңдүү буюмдарды жасашкан. Арийне, курак куроо тактыкты талап кылуучу бычып-тигүү өнөрүнүн түйшүктүү түрү.

Кыргыздардын килем өндүрүшү негизинен Түштүк Кыргызстанда, түштүк кыргыз урук-уруулары – маңгыттардын, ичкиликтердин жана башкалардын арасында белгилүү, буларда кандайдыр бир оригиналдуу өзгөчө

техникалык ык жок. Килемдердин сүрөттөрү өтө эле геометриялашкан, ырас, реалисттик сүрөттөр да жок эмес [2].

*Килем* – түктүү көркөм көчөт салынып, колдо токулган үй ичин жасалгалоочу буюм. «Байчечекей жайнатып,

Алтын жиптүү зор килем» (оозеки адабият).

Кыргызда негизинен жүл (түк) жана Араби килем токулат. Килем аркагы өрмөктөй эле кадимки жүндөн жана мурунку эриш жиптердин калдыктарынан ийрилет. Килемге негизинен койдун жазгы кылчык жүнү, эчкинин, топоздун кылтагы, төө жүнү пайдаланылат. Килемди токууда күзүк, адыргы, күзүк көтөргүч, токмок, бычак, кайчы, күйөө, салгыч, жазгыч өңдүү аспаптары колдонулат. Килемди 4-5 адам токуйт [9, 107-б.]. Түштүк Кыргызстандын эл чыгармачылыгындагы эң сыймыктанаар өнөр – килем токуучулук. Элибизге таандык көркөм мурастардын ичинен укмуштуудай тез өнүгүүгө арымдуу мүмкүнчүлүк алгандыгын көрөбүз. Токулган килемдин эң көлөмдүүсүн “ордо килем” – деп атайт. Ал кирип олтурган бөлмөнүн эни менен бирдейченелген. Ал эми “калы килем” көбүнчө ысык үйдүн дубалына жана боз үйдүн керегесине тартууга ылайыкталган. “Төр килем” болсо аянттуу келип, дайыма жерге гана төшөлүп, бышыктуулугу менен кыйла жылдары урунууга ылайык келген.

*Терме* – өрмөкчүлүк өнөрүнүн көркөм түрү. Кыргыздын көркөм кол өнөрчүлүгүндө чыйратылган жиптен таар буюмун кооздоонун экинчи түрүн “өрмөк согуу” деп атайбыз. Анын көркөм көчөттөрү ар кыл болуп, кештелердин негизи менен сөлөкөттөрү бири-бирине так жана төп айкалышып, өрмөк согуу өнөрүнүн накай жасалгалык жагдайын көздөп турат. Таар терилип да, терилбей да согулат. Терме «кара терме», «кажары» (букары) терме болуп бөлүнөт. Өрмөкчүлүк менен бүткөн буюмдардын көлөмдүүсүнө жана аттуу баштуусуна жерге төшөлүүчү “Шалча” кирет. Өрмөкчүлүктө боз үйдүн ички сызмалары жана септери: “тегирич”, “уук тизгич”, “кереге чалгыч”, “үзүк боо”, “туурдук боо”, “жел боо”, “кереге таңгыч”, “сакак

таңгыч”, өндүүлөр менен катар “кап”, “куржун”, “ат жабуу”, “такта жабуу”, “ээрге салгыч”, “баштык” жана кийим-кечелери бүткөрүлгөн.

*Булгары* – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн жердиги. Тери, кайыш жана булгаары өнөрдүн эң байыркы түрүнө кирет. Көркөм буюм жасоонун, иштетүүнүн ийкемдүү түрү. Булгарыны иштетүү – мындан чыгарма жаратып, буюм жасоо. Кол менен басып, басма кылуу менен көркөмдүк түшүрүү. Эл терини жана булгаарыны иштетүүдө, алардан ар кандай буюмдарды жасоонун технологиясын жана техникасын, тиричилик буюмдарын жана көркөм формаларын иштеп чыгышкан. Демек, тери жана кайыш, булгаарыдан жасалган саба, көөкөр, көнөчөк, көнөк, чанач, чыны кап, тери шым, ичик тон, жаргак шым, балбан шым, тебетей, тулуп, тумак, кол кап, өтүк, чарык, жүгөн, куюшкан, басмайыл, көмөлдүрүк, камчы, тизгин, нокто, тушамыш, канжыга, желдик, тердик, ээр, ыңырчак, кур, кемер, томого, кын сыяктуу ж.б. буюмдардын байыртадан келе жаткан формаларын бүгүнкү күндө эл тиричилигинен жана чарбачылыгынан кездештирүүгө болот. [165, 133-б.]. Булгаары кармаган чеберлер – жарым-жартылай зергерлер. Булгаары бетине күмүш, датчалбас, жез, мис, коло, мельхиор сыяктуу түстүү металдарды чабуу чеберчиликтери азыр жандануудa [9, 44-б.].

*Зергерчилик* – асыл металдардан (күмүш, нейзильбер, мельхиор, датчалбас, жез, мис, коло, калай, кара темир өндүүлөрдөн кооз буюм жасоочулук. Уста аттуулардын көрүнүктүүсү зергер (күмүш уста) – (фарсча: зер – алтын, зергер – алтын-күмүш буюмдарынын устасы) болот. Элибизде күмүш кармоочулук – байыртан бери келе жаткан устакерликтин асыл түрү. Күмүш затынын наркка өтүүчү түрү илгери жамбы болгон (куйма күмүш, зом күмүш, куйма алтын, зом алтын – буларды жалпысынан жамбы дейбиз). Узануунун бирден-бир элдик наркы – күмүштү иштетүүчүлүк. Түрдүү асыл металлдардан кыз-келиндердин асем буюмдарын (шакек, билерик, сөйкө, желбирөөч, иймек, искек, оймок, топчу, чолпу, папик, чачпак, күбөк) жасоочу, ат жабдыктарын, жыгач, мүйүз, көн (шири) буюмдарын шөкөттөөчү чебери.

В. Н. Чепелев мурда эле кыргыз оймо-чиймесинин мааниси менен ролун ачып, аны баяндуу оймо-чийме деп атаган. Бул тезис Рындиндин материалдары тарабынан эң сонун далилденген. Оймо-чийменин баяндоочулук жагын иликтөө, мисалы, А. А. Бобринскийдин эмгегинде дурус аныкталган, ал жөнөкөй «чиймелер менен иероглифтерди айкалыштырып, калыбына келтирүү аркылуу» оймо-чийменин «этимологиясын» табууга жетишкен. Бул проблеманын тереңдетилишин (оймо-чийменин семантикасын изилдепүйрөнүүнү), негизинен, неолит жана коло доорлорунун карапасын изилдөөгө байланыштуу азыркы учурдагы илимий басма сөздүн беттеринде да байкайбыз. Кыргыз оймо-чиймеси шырдактын келишимдүү композицияларында да, Рындин айткандай «сөзмөр» туш кийизде да адатта көп кырдуу татаал баяндамалардан турат жана ал баяндар сүрөттөр менен сюжеттик жактан көп кырдуу болгон жазуунун орто аралыгында жатат. Сайма, оймо-чийме, кээде реалисттик сүрөттө жок болуп кетет да, бир кыйла байыркы пиктограмма алда канча бажырайып көрүнүп чыга келет. Бул көрүнүш кыргыз оймо-чиймесине гана таандык эмес. [2].

Түстөрдүн гаммасынын жардылыгы, мисалы, негизги түстөр: көк, кызыл, ак, сары түстөрдүн гана орун алганынан көрүнөт, мында жашыл түс толук дээрлик учурабайт, ал башка жактан кабыл алынган оймо-чиймеде (мисалы жыландын көчөтүндө) гана колдонулат. Көк түс – асмандын, кызыл – оттун, сары – түштүк чектери Кыргыз Ала-Тоосунун этектерине чейин жеткен чөлдүн (чексиз сары кумдун) символдору. Түстүн семантикасы кытай искусствосуна да белгилүү, мында, мисалы, кызыл түс – түштүктү, кара – түндүктү, жашыл – чыгышты, ак – батышты, сары – борборду, жашыл ажыдаар – жаз менен таңды, кызыл аюу – жай менен түш мезгилин, ак жолборс – күз менен кечти, кара-күрөң таш бака – кыш менен түндү билдирет. Кыргыз оймо-чиймеси нерсенин бетин каныктыра толтуруп, бош жер калтырбай, оймо-чиймени ыргактуу түрдө бөлчөктөлгөн кесиндилерге ажыратат, мында графика менен түс бири-бири менен римфалашып, «Манас» эпосундагы кыска саптардай ар бир фразада кыска да, анча татаал эмес да түрдөгү силлабикалык

ырга келип куюлушат. Оймо-чийменин музыкасы эпостун музыкасына окшош келет жана ал айтуучунун, комузчунун, домбрачынын, ырчынын үн ыргактарындай оймо-чиймеде кыска-кыска катарларды түзүп турат [63].

Жыйынтыктап айтканда жасалга-колдонмо өнөр элибиздин көркөмдүктү жаратуудагы баа жеткис талант шыгы, ал байыртадан келе жаткан эл чеберчилигинин жамаатык эмгегинин мазмуну. Көркөм өнөр – эл байлыгы, атадан-балага, энеден-кызга өткөн көркөм салттык улуу мурас. Элибиздин жасалга-колдонмо өнөрү башаты тереңден башталаарын тарыхый этнографиялык изилдөөлөр да аныктап турат. Тамырын кенен жайган бул өнөр ар бир үйдөн, ар бир насаатчыдан өрүш алып, улуттук типтеги мектебин түзгөндүгү менен бааланат. Анткени, мында көркөм өнөрдүн мурда белгилүү болгон формаларынын сакталып калышы, анын келечектеги өсүп-өнүгүшү туралуу талапты алдыга максат кылып коюлганы. Мындан биз улуу муундарыбыз менен азыркы муундун ортосундагы чеберчилик байланыштардын учугун улоонун, бири-бири менен тыгыз ашташтырылган мектебин түзүүнүн актуалдулууга жаралып жатканын байкайбыз. Бул кесипке жаштарды ата-энелери, айылдагы тажрыйбалуу уздар, кол өнөр чеберлери үйрөтүшкөн. Алар түшүндүрүп, акыл-кеңеш берип, колдоп, мактап же кемчилигин белгилеген усул-ыкмаларды колдонгон. Эркектердин чеберчилиги ат жабдыктарын жасоодон байкалса, аялдардыкы төшөнчү-орун, буюмдарынан көрүнгөн. Атап айтканда, шырдак, кийиз, шалча, курак, аяк кап ж.б. буюмдарды жасап-кооздоодо кыз баланын табитин энесинен үйрөнгөнүн гана эмес, анын аял затынына тиешелүү чеберчилигин байкашкан. Ал эми эркек балдарды тарбиялоодо көркөм маданияттын калыптануусуна, чыгармачылык иш аракеттин өнүгүүсүнө ар түрдүү материалдардан буюм жасоого, көбүнчө аларды малчы, уста, зергер болуу менен турмушка керектүү кесипти үйрөнүүгө болгон ишмердүүлүккө жана жоопкерчиликке тарбиялаган. Кыргыз эли уул-кыздарын жасалга-колдонмо өнөрүнө үйрөтүп, сулуулукту, көркөмдүктү түшүнүп, жашоо-тиричилик буюмдарын жасалгалоого, айлана-чөйрөнүн коздугун баалай билүүгө аны көздүн

карегиндей сактай билүүгө үйрөткөн. Бул элдик өнөрүбүздүн унутулуп, жоголуп кетүү коркунучунан сактап калуу зарылдыгы десек болот. Ал эми өнөрдөгү мындай эстетикалык агымдын келечегин, талабын канааттандыруу улам жаңы чыгармачыл муундардын тобу менен чыгармачыл уюмдардын жана өндүрүштүн толукталышына байланыштуу. Эгерде биз билим жана тарбия берүү ишинде баа жеткис каражаттарды өзүндө сактаган, элдик өнөрдүн көркөм мурастарына, үлгүлөрүнө көңүл бурбасак, анда биз тарбия ишинин эң маанилүү тармагын колдон чыгарабыз. Анын үстүнө көркөм өнөрдүн өнүгүшү элдин жалпы көркөм табиттик тарбиялык маданияты менен тыгыз байланыштуу жана аны андан бөлүп түшүнүү мүмкүн эмес, себеби, «устатынан шакирти өтүптүр» – деген элдик накыл сөздүн өзөгүндө бүтүндөй бир элдин көркөм маданияты, эстетикалык көркөм тарбия берүүдөгү улуттук көркөм мектебинин элдик педагогикасынын түзүмү менен тажрыйбасы камтылган.

Демек, өнөр – эркин чыгармачылыктагы жандуу процесс, ал коомдун агымы, элдин психологиясы, адеп-ахлак дүйнөсү менен тагдырлаш өсүп-өнүгүп, жаңыланып туруучу рухий дөөлөт. Ал эми бул рухий дөөлөттүн үрөөнүн өнүктүрүү камкордугу мектеп жашындагы окуучулардан башталганы натыйжалуу болоорун турмуштук практика ырастап жатат. Бала канчалык жаш кезинен өнөр дүйнөсүнө аралашса, анын айлана-чөйрөгө, буюмдарга болгон мамилеси өзгөрүп, фантазиясы байып, сезимталдыгы артып, тааный билүү жана кабылдоо сыяктуу адамдын эстетикалык интеллектуалдуулугуна мүнөздүү болгон компоненттери калыптанат. Көрө билүү – бул өнөр. Ал жөн эле көрө билүү эмес, ошол обьектиден көргөн кооздукту, сулуулукту акыл-ой менен сезип, таануу аркылуу андан эмоциялык кумар алуу дегендик. Алсак, элдик уздар туш-кийиз саймаларындагы оймолордун-декорун кайдан алышкан? – деген мыйзамдуу суроолор туулушу мүмкүн. Ооба алардын андай кооздук сүрөттөөлөрдү өзүн курчап турган айлана-чөйрөдөгү чындык нерселерден алышаарын илим эчак эле аныктаган. Мисалы, биз туш кийиздин кооздугун негизинен өсүмдүк формалары, гүлдөр, жалбырактар, бутактар ж.б.

түзөөрүн байкаса болот, бирок, алардын чыныгы формасын эмес, андан коздуктун, сулуулуктун кайталангыс көрүнүштөрү уздар тарабынан стилдештирилип, ыргактуу сүрөт тизмегин көрсө болот, демек, бул чыгармачылыктын, өнөрдүн түшүмү.

Кыргыз элинин жасалга-колдонмо искусство предметтеринин тарыхын көптөгөн илимпоздор изилдешкени белгилүү болду. Мисалы, М.Т. Айтбаев [6], Р.М. Рыскулбеков [165], Д. Сулайманов ж.б. Кыргыз элинин жасалга-колдонмо өнөрүнүн коңушулаш казак элинин кол өнөрчүлүгү менен окшоштуктары көп. Алсак, боз үй жасалгалары, ала кийиз, шырдак, чий, жыгаччылык, тери иштетүү, өңдөө, токуу өнөрчүлүгү жана оймо-чийме салуу, сайма саюу жагы өтө эле бири-бири менен тыгыз байланышта өнүккөн.

Элибиздин кол өнөрчүлүгүн ийне-жибине чейин терең изилдеп, нечен кылымдар бою муундан-муунга өтүп, өздөрү жараткан буюмдарын ушул кезге чейин өлбөс-өчпөс кылып тартуулаган уста-уздардын үлгүлөрүн, нускаларын жыйнап, көптөгөн китеп жазып тартуулаган этнограф, педагог, көркөм өнөр таануучу А. Акматалиевдин эмгектерине баа жеткис [9,10, 11,12].

Автор «Жасалга-колдонмо искусство чеберлери» – деген эмгегинде элдик кол өнөрчүлүктүн түрлөрүн (оймочулук, саймачылык, токуучулук, өрмөкчүлүк, чий чырмоо, зергерчилик, жыгаччылык) кеңири талдап, ар бири жөнүндө тарыхый маалымат берип, турмуштагы алган ордун, маанисин жана аларды жасоо технологиясы менен кеңири тааныштырат. Ошондой эле этнограф мектеп окуучуларына, кесиптик окуу жайларынын студенттери үчүн кыргыздын кол өнөрчүлүгүнүн сөздүгүн түзгөн [9].

Ушулар менен катар жалпы 1930-жылдардын башында Кыргызстан Сүрөтчүлөр Союзу түзүлгөндөн баштап, С.А. Чуйков жана В.В. Образцов кыргыз көркөм өнөрүнүн башында туруп, бүт чыгармачылыгын арнашкан. С.А. Чуйков улуттук көркөм өнөр мектебин түзүп, кыргыз жаштарынын арасынан өнөрлүү балдарды окутуу , чыгармачыл союз , музей ачуу максатын койгон.

Г. Айтиев жана С. Акылбековдор кыргыз көркөм өнөрүнүн көч башында турушкан. Г. Айтиев “Кыргыз жери” сериялары, С. Акылбеков “Кыргыз талааларында” – аттуу эмгектери кыргыз жеринин сулуулугун ачып беришкен. 30-жылдары венгер сүрөтчүлөрү Ласло Месарош жана Бела Уитц жергебизге келип көркөм өнөр казынабызга салым кошушкан.1940-жылдарынан баштап, Л.А. Ильина, А.Н. Михалев, Ф. Стукошиндер чыгармаларын кыргыз тарыхы, жашоо-турмушу, маданиятыбызга арнашкан.

1950-жылдары Москвадан билим алган кыргыз сүрөтчүлөрү Д. Кожахметов, К. Керимбеков. А. Усубалиев кайтып келишип, көптөгөн эмгектерди жаратышкан.

1960-жылдары өнөр чабытына кошулушкан жаңы муундар, жаңы таланттар жаңы эмгектерди жаратышты. Алар Ж. Үмөтов, А. Дайыров, С. Чокморов, Б. Жумабаев, Т. Герцен ж.б. Алардын эмгектеринде түрдүү ыкмалар, дүйнөгө башкача көз караш байкалат. Алардын чыгармачылыгы республикабыздын бардык маданияты менен адабият, киноматография, көркөм өнөр менен тыгыз байланышта болгон. М. Акынбеков, С. Айтиев, Ж. Кадыралиев жана башкалардын  эмгектеринде жаны өзгөчөлүктөр байкалган.

Элибизде жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктү, уз-чеберлердин эмгегин баалап, барктап аны даңазалап, көптөгөн макал-лакаптар айтылып келген.

Өнөрлүү өлбөйт.

Эмгек кылсан жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан.

Уста, устадан нуска.

Өнөрлүү адам мөмөлүү дарак.

Өнөрлүү зор, өнөрсүз кор.

Өнөр – аккан булак, билим күйгөн чырак.

Өнөр – түгөнбөс азык, жоголбос байлык.

Демек, кылымдарды карыткан кыргыз элинин жасалга-колдонмо көркөм өнөрү, жалпы маданияты дагы да кылымдарды карытып жашай берет, өнөрдүн уланышы энеден кызга, атадан балага өтүп, унутулбай замандарды карытат

деген ишенич бар... себеби, бул өнөр элдин турмуш тиричилиги, маданияты, жан-дүйнөсү, жашоого болгон көз карашы менен байланышып жашайт.

### 1.2. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн психология-педагогикалык аспектилери

Азыркы тез өзгөрүп жаткан санариптик коом жогорку деңгээлдеги креативдүү адистерди, мобилдүү, демилгелүү, ишмердүүлүктүн ар кандай тармактарында чыгармачылыкка жөндөмдүү адистерди даярдоону талап кылат. Мына ушул талаптарды ишке ашырууда билимдүү-компетенттүү чыныгы кесипкөй инсанды тарбиялоодо дүйнө элдеринин жана кыргыз элинин улуттук жасалга-колдонмо өнөрү менен тааныштырып, окуу-тарбия иштеринде пайдалануу учурдун актуалдуу талабы, себеби, бул улуттук баалуу мурастарда теориялык да, практикалык да баалуу ыкмалар камтылган. Заманбап билим берүү системасынын негизги максаты – активдүү жана чыгармачыл кесипкөй инсанды тарбиялоо. Жаштардын аң-сезимине жана интеллектине, улуттук өзгөчөлүк сезимине, тарыхый өзүн таанууга тарбиялоо маселелери, илимдин, техниканын жетишкендиктерине салым кошкон адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарга улуттук, адамдык тарбия берүүнүн мыкты салттарын колдонуу дайыма билим берүүнүн көңүл чордонунда болуусу зарыл.

Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу өнүктүрүү көпчүлүк учурда окуу процессине байланыштуу, андыктан чыгармачылыкты максаттуу башкара билүү керек.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмуну анын эффективдүүлүгү окуу-методикалык жана окуу-тарбиялык процесстин *мазмунунан* көз каранды. Изилдөөбүз студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү максат кылып, улуттук жасалга-колдонмо искусство предметтерин руханий-педагогикалык дөөлөт катары баалап, аны активдүү өздөштүрүп, сактап, жайылтып, келечек муундарга таанытып, билим берүүчү кесипкөй адистерди калыптандыруу. Жасалга-колдонмо искусство предметтери көркөм өнөр багытында билим алган студенттердин кесиптик ар тараптан толук билим

алуусунун бир бөлүгү, андыктан аларга үзгүлтүксүз билим алууга умтулуу зарылчылыгы келип чыгат. Бул үчүн алардын бул жаатта жалпы билгичтиктерин, билимдерин, кызыгууларын, табиттерин, жөндөмдөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн аныктап алуу маселеси жаралат, себеби булар теманын негизги мазмунун түзөт.

Чыгармачылык активдүүлүктү калыптандыруу – коомдук прогресстин социалдык-педагогикалык проблемаларынын актуалдуу проблемаларынын бири. «Инсандын чыгармачылык ишмердүүлүгүн калыптандыруу» категориясы коомдун өнүгүүсүнүн конкреттүү этабына оптималдуу түрдө, саясий, адеп-ахлактык, социалдык жактан туура келген инсандын сапаттары жөнүндөгү көз караштарды өзгөртүүнүн объективдүү процессин чагылдырган тынымсыз байып жана өнүгүп турган экономикалык жана башка мамилелер. Чыгармачыл активдүү ишмердүүлүккө аныктама берүү үчүн «чыгармачылык», «активдүүлүк», «ишмердүүлүк», «окуу, окутуу» – сыяктуу түшүнүктөрдү талдоого кайрылалы.

Чыгармачылык активдүүлүк, коомдогу идеологиялык иштер окуу процесси менен тыгыз байланышта болгондуктан, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн окуу-тарбия ишинде калыптандырууда окуу усулдары, формалары жана каражаттарын максаттуу колдонуу аркылуу жетишүүгө болот. Ошону менен катар чыгармачылык маданият – чыгармачылык кабыл алуу, баалоо, көз караштын өнүгүү натыйжасы, куралы ошону менен бирге жандандыруу фактору болуп эсептелет. Ал инсандын ар тараптан өнүгүүсүндө да маанилүү роль аткарат. Адам бул факторлордун таасиринде, биринчи кезекте, чындык дүйнөнү эстетикалык жактан кабыл алып жана кайра куруусу эстетикалык аң-сезим, акыл-ойдун өнүгүүсү менен байланышта өтөт.

***Ч ы г а р м а ч ы л ы к*** – бул адамдын же топтун сапаттуу жаңы, уникалдуу баалуулуктарды жаратуу процесси. Чыгармачылыктын натыйжасы материалдык нерсе – сүрөт, ойлоп табуу же китеп же материалдык эмес объект, – белгилүү бир билим чөйрөдөгү инновациялык идея, музыкалык,

адабий чыгарма же илимий теория болушу мүмкүн. Чыгармачылык иш-аракеттерге жөндөмдүүлүк ар бир адамда бар, бирок көпчүлүк адамдар аны күнүмдүк жашоодо сейрек колдонушат жана өнүктүрүшөт.

Чыгармачылык, англис тилинде *creativity* термини менен белгиленет, ал эми орус тилинде “чыгармачылык” – деген үнсүз түшүнүк “чыгармачылык жөндөм” – деген сөз айкашынын синоними болуп саналат. Жакшы өнүккөн чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү ар кандай кырдаалдарда ар түрдүү маселелерди стандарттуу эмес чечүү жолдорун табууга жана өз максаттарына жетүү үчүн колдонууга болот, демек адам чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн дээрлик бардык иш-аракетте өнүктүрө алат. Мисалы, чыгармачылыкты көркөм өнөрдүн түрлөрүндө – живописте, скульптурада, графикада, жасалга-колдонмо искусстводо жана искусствонун башка бардык тармактарында уникалдуу чыгармаларды жаратуу процессинин маанилүү бөлүгү, ошондой эле жаңы стилдердин жана жанрлардын пайда болушуна өбөлгө түзгөн процесс.

Англис психологу Грэм Уоллес (Graham Wallace) 1926-жылы эле илимий коомчулукка чыгармачыл ой жүгүртүү этаптарынын ырааттуулугун системалуу түрдө сүрөттөөнү сунуш кылган. Уоллестин идеялары “ой жүгүртүү искусствосу” – аттуу эмгегинде кеңири баяндалган жана бүгүнкү күндө чыгармачылык процесстин таанылган моделинин негизи болуп саналат.

Чыгармачылыктын негизги этаптары булар:

– даярдоо. Алдын-ала изилдеген маселенин так баяндалышын жана аны чечүүнүн мүмкүн болгон варианттарын издөөнү камтыйт.

– инкубация. Адамдын маселенин логикалык чечимин табуу аракетинен убактылуу четтеши, бар үлгүлөрдү кайталоого болгон аракети.

– ойлоп табуу, аракет. Капыстан аң-сезимде адаттан тыш чечимдердин пайда болушу.

– текшерүү-жыйынтыктоо. Аң-сезимде пайда болгон жаңы чечимдерди, идеяларды практика жүзүндө сыноодон турат. Демек, жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык

активдүүлүгүн өнүктүрүү процессинде да ушул чыгармачылыктын ар бир этабын басып өтүү зарылчылыгы келип чыгат. *Тилекке каршы, студенттер чыгармачыл ой жүгүртүүнү өзүнө талап кылып койбостон, көбүнчө, чыгармачылыкка тоскоол болгон негизги фактор, элден өзгөчөлөнүүдөн коркуу жана адамдардын негизги массасына окшош болууну каалап, кретивдүүлүктөн качышат.* Чыгармачыл көйгөйлөрдү чечүү аракеттерине тоскоол болгон дагы бир чоң көйгөй бул мектепте жана орто, жогорку окуу жайларында калыптанган жана аң-сезимге терең сиңген “шылдың” болуп калбайын коркунучу, тапшырманын эң мыкты чечимин заматта табууга умтулуу, эптеп жасады атын кылуу, жалкоолук жана көпчүлүгү жашоонун агымы менен тынч жүрүүнү каалашы. Мына ушундан улам студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруу маселе жаралат. *Активдүүлүк деген эмне?*

А к т и в д ү ү л ү к (от лат. activus – деятельный) – инсандын негизги иш-аракети максатка багытталгандыгы, мотивациялангандыгы, аң-сезимдүүлүгү, аракеттердин ыкмаларын билүүсү, эмоционалдуулугу, демилгелүүлүгү менен айырмаланган иштин өзгөчө түрү же өзгөчө иш-аракет. Активдүүлүк термини илимдин ар кандай чөйрөлөрүндө өз алдынча жана ар кандай айкалыштарда кошумча катары кеңири колдонулат, өзгөчө бул термин педагогика жана психология илиминде негизги орунду ээлейт.

*Активдүүлүктүн* заманбап идеялары, ишмердүүлүктүн табияты, булактары, формалары жана түрлөрү, мазмуну жана механизмдери окумуштуулар Л.И. Анцыферов [28], А.Н. Леонтьев, А.В. Петровский, В.А. Петровский, С.Л. Рубинштейндер тарабынан изделнген, ал эми *чыгармачылык ишмердүүлүк* түшүнүк жана анын маңызы Л.С. Выготский [67], И.Я. Лернер, В.М. Мельникова, В.Н. Мясищева, Я.А. Пономарева, Г.А. Праздников, В.П. Ушачева, Т.И. Шамова жана башкалардын эмгектеринде изилденген.

Л.И. Божович адамдын активдүүлүгүн өзүнүн жүрүм-турумун жана ишмердүүлүгүн башкара билүүнүн көрүнүшү катары аныктайт [56], ал эми Л.И. Анциферова активдүүлүктүн мүнөздөмөсү инсандын өз ара мамилелерин

чагылдыруу жана талдоо аркылуу ачып берүүгө аракет кылган: «Активдүүлүк субъекттин өзүнүн чегинен чыгууга умтулууган инсандын аныктоочу мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп саналат да, анын ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүнүн кеңейиши, талаптардын жана көрсөтмөлөрдүн чегинен чыгуу» – деп белгилеген[28].

Жасалга-колдомо искусствосу аркылуу студенттердин автивдүү чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү процесси белгилүү бир педагогикалык шарттарда ийгиликтүү жүрүшү мүмкүн, бул педагог тарабынан студенттердин активдүү ишин уюштуруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган факторлордун жыйындысын түшүнөбүз.

Бул Г.В. Ожигановaнын [151] ою боюнча чыгармачыл өз ара аракеттенүү процессинде педагог чыгармачыл жагымдуу атмосфераны түзүп, ар бир студенттин ар кандай чыгармачылык автивдүүлүгүн кубаттоо жана чыгармачылык демилгесин колдоо болуп саналат.

Креативдүү, чыгармачыл педагогикалык, б.а. окутуу процессте чыгармачылык ишмердүүлүктү оптималдаштырууга, жагымдуу микроклиматты, педагог менен студенттердин ортосундагы жагымдуу, сый мамилени түзүүгө багытталган стил жана ишмердүүлүк маанилүү. Ал эми *окутуу* – бул билимдин жана жөндөмдүн элементтеринин саны жана сапаты окутуунун максатын түзгөн тийиштүү деңгээлге жеткирилген активдүүлүктүн бир түрү. Окуу процессинин эффективдүүлүгү педагогдун сүйлөө маданияты менен да тыгыз байланышта, себеби, «баарлашуу – бул дайыма чыгармачылык, ал эми педагогикалык баарлашуу – бул өзгөчө кесиптик маанидеги өнүктүрүүчү чыгармачылык».

*Ишмердүүлүк* – автивдүүлүктүн предметтик формасы. Чыгармачылыкка кызыктыруу, активдүүлүктү өнүктүрүү окутуу процессинин эң башкы максаттарынын бири. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин кызыгуу, кабыл алуу жана билгичтик аракеттерин активдүү окутуу жана ишмердүүлүк процессинде жетилдирүү баалуу эстетикалык табиттерин калыптандырат, алардын көркөм эстетикалык чыгармачылык

билими тереңдеп, мазмуну кеңейет. Искусство – маданияттын негизги фактору болуп саналып, инсанды руханий жактан байытат, коодукту кабыл алуусун өнүктүрөт жана күчтүү тарбиялык таасир берип, чыгармачылыгын калыптандырат. Бул үчүн студенттерде чыгармачыл элестетүү калыптанышы зарыл.

Жогорку педагогикалык билим берүүнүн ар түрдүү аспектилери, анын ичинде педагогикалык чыгармачылыктын, чыгармачылык ишмердүүлүктүн педагогикалык жана психологиялык көйгөйлөрү боюнча С.И. Архангельский, О.А. Абдуллина, Э.Б. Бондаревская, А.Н. Джуринский, В.И.Загвязинский, И.И. Зарецкая, Б.Б. Коссова, Н.В. Кузьмина, В. Леднева, В.А. Сластенина, А.И. Щербакова жана башка окумуштуулардын эмгектеринде изилденген. Бул окумуштуулардын изилдөөлөрүндө көркөм кол өнөрчүлүк багытында билим алган студенттердин активдүү чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн калыптануу процессин моделдөөдө чоң мааниге ээ болгон.

Демек, студенттердин активдүү чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү маселеси педагогиканын эң маанилүү проблемаларынын бири болуп келген жана болуп кала берет. Заманбап билим берүү процесси көбүнчө репродуктивдүү ишмердүүлүккө багытталган, бул даяр билимдерди өздөштүрүү, маселелерди чечүү жана берилген үлгүлөргө ылайык тапшырмаларды аткаруу дегенди билдирет, эгер биз чыгармачыл, активдүү кесипкөйдү даярдоого умтулсак, окутуу процессинде ар бир студенттин ички потенциалын ачууга аракет кылуубуз зарыл, бул жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмунун, критерийлерин жана деңгээлдерин психология-педагогикалык аспектилерин талдап, аныктап алууга шарт түзөт. Окуу процессинин структурасында чыгармачылык тапшырмаларды колдонуп, студенттердин чыгармачылык активдүүлүктөрүн өнүктүрүп, өз алдынча ой жүгүртүүнү, активдүү позицияны да талап кылса болот.

Психолог Л.С. Выготский чыгармачыл элестетүү ишмердүүлүгү түздөн-түз адамдын иш-тажрыйбасына көз каранды болот деп белгилеген. “Канчалык

адамдын тажрыйбасы бай болсо, анын элестетүү материалы ошончолук бай болот жана интеллектуалдык жана эмоционалдык компоненттердин шайкеш болуусун зарыл” – деп эсептейт [67]. Чыныгы искусство чыгармасы адамдын сезимине жана ой-жүгүртүүсүнө таасир этет, башкача айтканда ички жан-дүйнөсүнүн баюусуна өз салымын кошот.

Акыркы жылдарда билим берүү тармагында педагогикалык илиминде моделдөө, үлгү түзүү ыкмалары кеңири колдонулууда. Атап айтсак, В.А. Караковский [102], Н.В. Кузмина [117], В.М. Кортов. Үлгүлөр негизги түшүнүктөр менен гипотезалар аркылуу түзүлүп, иш-аракет жыйынтыктарын текшерип алууга мүмкүндүк берет. Үлгүдөн алынган маалыматтар окуу тарбия ишинин теориялык негиздерин куруу үчүн маанилүү мазмунга ээ болот.

Коңшулаш Казакстан республикасында да азыркы учурда элдик эстетикалык чыгармачылык тарбияга байланыштуу моделдер көп колдонулат, мисалы: С.А. Жолдасбекова [80], келечек кесип технологиясы жана мугалимдин технологиялык иш аракеттер моделин, С.А. Узакбаева [186] тарбиялоо үлгүсүн түзүшкөн.

Жогорку окуу жайларында студенттерди окутуунун улуттук үлгүсү менен кесиптик билим берүүнүн максаты мурдагыдай жеке кесиптин ээсин даярдоо эмес, мамлекетибизге керектүү ар тараптан өнүккөн, билгичтиги жогору болгон кесип ээсин калыптандыруу. Азыркы мезгилдин кесип ээси – көркөм эстетикалык маданияты өнүккөн, дүйнө таанымы, жашоого көз карашы кең өз мамлекетинин патриоту катарында калыптанган, кызмат аткара ала турган адис болушу керек.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй жагдайларды иш жүзүнө ашыруу керек;

– жасалга-колдонмо искусство предметтери менен эстетикалык маданият теориясынын методологиялык негизин – алардын өз ара байланыш мыйзамы менен мыйзам ченемдүүлүктөрдү, методдорду, улуттук ой-санаасы менен кулк-мүнөзү, адеп-ахлак жактан тарбия бере турган адистерин табуу;

– жаштарды азыркы турмуштагы баалуулуктарга, чыгармачылык иштерге багыттоо аркылуу коомдогу жалпы эстетикалык жетишкендиктердин жыйынтыгын өздөштүрө турган чыгармачылык эстетикалык маданият таануучу билимдерди берүү;

– улуттук чыгармачылык эстетикалык маданият таануу билиминин мазмунунда жана педагогикада жаңы технологиялардын жетишкендиктерин кеңири пайдалануу;

– студенттерди мекенди сүйүү жана өз элине таандык болгон намыскөйлүк салтына тарбиялап, билим берүү, тарыхый жана эстетикалык каада-салттарды улантууга умтулуусун калыптандыруу;

– жаштарды бардык элдер менен карым-катнаш түзүүгө тарбиялоо, коңушулаш элдердин чыгармачылык эстетикалык маданияты жөнүндөгү билимдерин кеңейтүү;

– студенттердин кол өнөрчүлүк аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө өз эне тилин, тарыхын жана адабиятын терең билип, улуттук кол өнөрчүлүктү жана колдонула турган буюмдардын эстетикалык көрүнүшүн мезгил талабына ылайык жаңыландыруу, эл өнөрүнүн даражасын, зоболосун көтөрүүгө аракеттенүү.

Демек, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү менен дүйнө таанымын калыптандырууга багытталган жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык эстетикалык билим алуусуна жана эстетикалык тарбиясына жоопкерчилик менен мамиле жасоо керек.

Жасалга-колдонмо кол өнөрдүн өзгөчөлүгү айлана-чөйрө, жашоо-турмуш, эмгек менен тыгыз байланышта болуусу. Жасалга-колдонмо кол өнөрдүн тарбиялык-социалдык ролу өзүнө таандык көркөмдүк, эстетикалык баалуулугу менен эле өлчөнбөстөн, өз коомуна тиешелүү маданиятты чагылдырган байыркы маданий улуттук салттардын жуурулушун көрсөткөн өнөрдүн маани маңызы менен бааланат. Мына ушул айтылган ойлорду максатка ашыруу үчүн педагогикалык шарттарды уюштуруу мазмунунда эске алуу керек. Ошондой эле белгилүү этнограф, журналист А. Сейталы уулу

окурмандарга элибиздин көркөм кол өнөрчүлүгүн, каада-салттарын, тарыхый-маданий байлыгын иликтеген эмгектеринин, Искусство жана дизайн факультетинин ардактуу профессору Ж. Сыдыгалиевдин сүрөт өнөрү мугалимдерин даярдоодо элдик педагогиканын негиздерин жасалга-колдонмо искусство предметтери менен байланыштыра өздөштүрүүнүн педагогикалык мүмкүндүктөрүн далилдеп көрсөткөн иш-тажрыйбаларынын маңызы зор [175]. Ж.М. Жумалиеванын психологиялык изилдөөсүндө «Эстетикалык кызыгууну калыптандыруу баланын эң кичине кезинен башталышы керек, ал канчалык эрте башталса, ошончолук анын кызыгуусу жогорку даражада калыптанат» – деп белгилеген, себеби кооз, көркөм нерсенин көркөмдүгү, сулуулугу, кооздугу, анын ичинде эстетикалык сонундугу баланын табиятына жакын келет [82]. Белгилүү окумуштуу педагог М.А. Абдыкеримова өзүнүн изилдөөлөрүндө жаш муундарды көркөмдүк жактан тарбиялоодо сүрөт, адабият жана музыка искусствосунун маанисине токтолуп, эстетикалык билим берүү бардык тарбия процессинин башаты катары белгилеген [1]. М.Г. Жуленков өзүнүн изилдөөсүндө педагогикалык институттарда сүрөт сабагы өтүлбөгөн факультеттерде адабият сабагында жана факультативдик сабактарда сүрөт искусствосун колдонуу, эстетикалык-көркөмдүк маданиятты калыптандыруунун жана жакшы сапаттарда тарбиялоонун кубаттуу куралы боло алат деп белгилейт [81].

Жаштарды чыгармачылык активдүүлүккө инсандык жогорку сапаттарга тарбиялоодо жасалга-колдонмо искусство предметтеринин негизги факторлорун кароо зарыл деп эсептейбиз. Билим менен тарбия берүү процессинде студенттердин руханий- эстетикалык маданиятын өнүктүрүү искусствонун бардык түрлөрү (адабият, музыка, сүрөт, кол өнөрчүлүк ж.б.) аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Азыркы күндө жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү коомду өнүктүрүүнүн бирден-бир куралына айланып турган кез. Ошондуктан аны ишке ашыруу коом үчүн маанилүү шарттардын бири болуп эсептелет. Окуу-тарбия процессин жаштардын талабына, жөндөмүнө,

мүмкүнчүлүгүнө, кызыгуусуна карай багыттоо, алардын маданий өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизет. Бүгүнкү студент – эртеңки мугалим кол өнөрчүлүктүн сырларын, көркөм тилин түшүнүп, аларды өз иш аракеттеринде колдоно билүүсүн, кызыгуусун ойготуп, чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү башкы милдеттердин бири. Бир жагынан алганда студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө, жасалга-колдонмо искусство предметтерине кызыктыруунун педагогикалык-психологиялык негизин иштеп чыгуу изилдөө ишибиздин максаты болуп эсептелет.

Көркөм чыгармачылык эстетикалык маданияттын түзүлүшү ар тараптуу. Анын негизги *компененттер*и төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт. *Аларга:* адамдын көркөм эстетикалык сезими (кабыл алуу, кубануу сезими, көркөм табити, көз карашы, керектөөсү, кызыгуусу); көркөм эстетикалык иш аракетинин түрлөрү (окууда, эмгекте, турмушта, карым-катнашта, коомдук иште ж.б); көркөм эстетикалык тарбиясы (үй-бүлөдө, мектепте, жогорку окуу жайларда, практикалык иште). Социалдык маанисине карай инсандын көркөм эстетикалык маданияты да аспект катарында каралат. Ошондуктан, инсандын көркөм эстетикалык маданияты деп – «көркөмдүк мыйзам» боюнча адамдын өзүн, коомдук жашоону, табиятты кабыл алуусу, сезүүсү, толгонуусу, кайра жарата билүүсүнө карай керектүү эстетикалык жөндөмүнүн жыйынтыгын айтууга болот. Демек инсандын көркөм эстетикалык маданиятын бир жактуу кароого болбойт. Көркөм эстетикалык маданиятты калыптандыруу максаты – инсандын эстетикалык баалуулуктарды керектөөсүн, ага болгон кызыгуусун, эстетикалык табитин өстүрүп, билими менен билгичтигин, жөндөм-шыгын жогорку деңгээлге жеткирүү болуп эсептелет. Бул көрсөткүчтөрдүн маанисин түшүнүү үчүн эң алды менен педагогика жана психология илимдерине кайрылдык. Көптөгөн изилдөөчүлөр көркөм эстетикалык маданиятты адамдын керектөөсүнөн пайда болот деп эсептейт.

Керектөөдөн кызыгуунун пайда болуу мүмкүнчүлүгү: эгерде керектөө канаатанбаса, кызыгуу пайда болбойт. А.Г. Ковалев: «Бардык керектөөдөн

кызыгуу пайда болбойт, кызыгуу белгилүү бир иш-аракетке жана таанып-билүүгө байланыштуу пайда болот», - деп эсептейт [107].

Психологдор менен педагогдордун эмгектерин талдап, биз кызыгуу – инсандын психалык сапаты, анын ички жан-дүйнөсү экенин түшүнөбүз. Кызыгуу жеке адамдын эң жакшы касиеттеринин өнүгүүсүнө жана жан дүйнөсүнүн калыптануусуна таасир этет. Адамдын кесибине карай кызыгуу – таанымдык, техникалык, көркөмдүк, эстетикалык ж.б. болуп бөлүнөт.

Элдик кол өнөрчүлүктө эстетикалык кызыгууну изилдөөдө М.Т. Айтбаев [6], А. Акматалиев [9,10,11,12], К.И. Антипина [24], Д. Сулайманов, Ж. Уметалиева [187], А.Э. Турусбекова [] элдердин руханий маданиятын, турмуш-тиричиликте колдоно турган жасалгаларды, алардын маанисин жана өзгөчөлүктөрүн кеңири белгилешкен. Ал эми В.В. Алексеева [15], Т.А. Левченко [132] окуучулардын көркөм эстетикалык маданиятын кол өнөрчүлүк аркылуу калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл бөлгөн.

Көркөм эстетикалык кызыгуу адамдын руханий дүйнөсүн калыптандырууда эң маанилүү орун ээлейт. Кээде *«эстетикалык кызыгуу»* деген түшүнүк *«көркөмдүк кызыгуу»* менен тыгыз байланышта каралат. Окумуштуу М. Абдыкеримова «көркөмдүк кызыгуу» искусствого байланыштуу, ал эми «эстетикалык кызыгуу» табият, айлана-чөйрө, жаратылыш, каада-салт, үрп-адат ж.б. байланышта калыптанат. «Көркөмдүк кызыгуу – кол өнөрчүлүк каражаттары аркылуу иш жүзүнө ашырылат», – деп белгилейт [1].

А.Э. Турусбекова “Студенттердин эстетикалык маданиятын колдонмо-жасалга кол өнөрү аркылуу калыптандыруунун педагогикалык шарттары” – аталышындагы илимий изилдөөсүндө колдонмо-жасалга кол өнөрү аркылуу студенттердин эстетикалык маданиятын калыптандыруунун мазмундук тилкесин, компоненттерин, анын өлчөмдөрүн, көрсөткүчтөрүн кеңири ачып берип, талдоо жүргүзгөн. Компоненттери катары – мотивациялык, эмоционалдык-сезимдик, иш-аракет компоненти жана креативдик компонентти бөлүп көрсөтөт. Креативдик компоненттиин деңгээлдерин үч

баскычта бөлүп караган, *биринчиси, жогорку* – колдонмо-жасалга кол өнөрүнүн тарыхы менен түрлөрү жөнүндө билими терең, []

Ал эми биздин изилдеген предметибизге байланыштуу «эстетикалык кызыгуу – жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгү, жаратылыштагы кооз көрүнүштөр аркылуу ишке ашат».

Студенттердин кызыгуусу менен таанымдык өнүгүүсү тыгыз байланыштуу. Ал өзү үчүн керектүү нерсеге, маселен, окуу предметине кызыгат. Кийин ал предмет негизги кесибине жардамчы катары колдонулат. Бул жөнүндө Б.М. Теплов «жакынкы максатка жетип, алыстагы максатты издөө» десе [184, 185], Н. Морозова «иш-аракет көздөгөн максатка жетүүгө түрткү болот», – деп көрсөткөн [144].

Жеке инсандын психологиясында маанилүү орун ээлеген сапаттын бир түрү – эстетикалык табит. Анын калыптануусуна дүйнө тааным жана ишеним, адамдын ээлеген позициясы, билими менен тарбиясы таасир этет. Кыргыздардын жасалга-колдонмо искусство предметтеринде элдин эстетикалык маданияты чагылдырылган. Бул болсо эстетикалык табиттин эң жогорку даражасы. жасалга-колдонмо буюмдарды (үй ичиндеги жасалгалар, кийим-кечек ж.б.) татынакай оймо-чиймелер менен жасалгалап, кооздоп, көркүнө чыгарышкан.

Эстетикалык сезим – руханий сезимдерге кирет. Анын пайда болушуна эки түрдүү жагдай себепчи:

1. заттар менен кубулуштарда адамга таасир этүүчү, анын көңүлүн буруучу өзгөчө касиет болуусу зарыл;
2. адам заттар менен кубулуштарга көңүлүн эрксиз буруп, анын жан дүйнөсүнөн орун алып калышы. Эгер жөн эле көрүп, ал жөнүндө ойлонбосо же эсине сактап калбаса, анда эстетика жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес.

Адам баласы заттарга, табият менен коомдук көрүнүштөргө кызыгуу менен көңүл буруп, анын пайдасын, зыянын түзүлүшүн, кооздугун түшүнө билсе, ошондо гана эстетикалык маани берет. Ар бир ой-сезими жетилген адамдын өмүр жолунда сөзсүз түрдө идеалы пайда болот. Ансыз алдыга чоң

максат коюп, илгери карай өнүгүү мүмкүн эмес. Чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүдө билим жана билгичтиктин, жөндөмдүүлүктүн алган орду өзгөчө. Ошондуктан бул адамдык сапаттардын маанисин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу калыптандыруудагы ордун карап көрөлүчү.

*Билгичтик* – ар тараптуу прагматикалык түшүнүк, айлана-чөйрөдөгү жаңылыктарды педагогикалык-психологиялык жана интелектуалдык жактан баа берип, талдай билүүсү, ойлоо маданияты, өз билимин колдоно жана көрсөтө билүүгө умтулуусу болуп эсептелет. Билгичтик билим менен тажрыйбага байланыштуу. Кимдин билими менен тажрыйбасы бай болсо, ал адамдын билгичтиги да жетилген болот. Демек, эстетикалык билгичтик деп социалдык практикада калыптанган табиттин, көркөмдүк көз караштардын, түшүнүктөр менен идеялардын жыйынтыгын айтууга болот.

Кесибин билүү же өздөштүрүү дегенибиз – кызматка даярдыгы менен жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн түшүнүк. Студенттер окуган предметин гана билбестен, сабак өтүүнүн методикасын жакшы билүүсү, мугалим болууга зор кызыгуунун болушу жана келечекте окуучулар арасыан чеберлерди даярдоого үйрөнүшү керек, ал үчүн өз адистигин мыкты өздөштүрүүсү зарыл.

*Жөндөмдүүлүк* – деген иш-аракеттин белгилүү бир түрүн ойдогудай, натыйжалуу аткарууда көрүнө турган адамдын жекече сапаты. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө жөндөмдүүлүктүн мааниси чоң. Кээ бир адамдын иши натыйжалуу, көрүнүктүү болот, ал эми кээ биринде андай сапат байкалбайт. Кандай болсо да бир нерсеге жөндөмү жок адам кездешпейт. Ар бир адамда жалпы жөндөмдүүлүк (жазуу, окуу, сүйлөө, басуу ж.б.) жана атайын жөндөмдүүлүк (жазуучу, акын, сүрөтчү, музыкант, философ ж.б.) жана практикалык жөндөмдүүлүктөр кездешет.

*Практикалык жөндөмдүүлүккө* – уюштуруучулук, педагогикалык, конструктивдик-техникалык жөндөмдүүлүктөр кирет. Жөндөмдүүлүктүн өзгөчө түрлөрү – таланттуулук, даанышмандык деп аталат. Булардын эң

маанилүүсү – аракет. Аракеттенүү – жалпы адамзаттын жана коомдун өмүр сүрүү булагы, тиричилик тиреги. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студентердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө аракет негизги мааниге ээ.

Жыйынтыктап айтканда, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө *педагогикалык-психологиялык аспектисиндеги максаты* – инсандын өзүн, коомдогу, табияттагы турмушту сезүү, кабыл алуу, кайра жаратууга керектүү жөндөмдүүлүктөрү менен сезимин, табитин, көз карашын өнүктүрүү б.а. «инсандын көркөм эстетикалык маданияты – бул көркөм билими, сезими, табити, билгичтиги, иш аракети жана жүрүм-турум эрежелеринин биримдиги» болуп саналат.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн теориялык негиздерин жыйынтыктап келгенде, бул изилденип жаткан көйгөйдүн тамыры кенен, көптөгөн окумуштуулар көңүл бурган, алардын эмгектерин анализдеп көрсөк, жаштарга ар тараптуу тарбия керек экендиги, анын ичинен көркөм эстетикалык чыгармачылык тарбиянын мааниси чоң экендигин белгилешет. Ошондой эле жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүгү жогору, анткени анын тамыры улуттун жашоо тиричилигинде жана тарыхый мурастарында жатат.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык көркөм-эстетикалык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн психология-педагогикалык аспектилери окуу процессин уюштуруунун педагогикалык максаттары, милдеттери, мазмуну, маңызы, усул-ыкмалары, колдонмо-көргөзмө куралдар жана уюштурулуш формасы менен аныкталат. Ал окуу процессинин максаты так коюлушу керек жана коомдук талаптарды, ички, сырткы факторлорду эске алуу менен окуутуунун, чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүнүн шарттары ойлонуштурулушу шарт.

Жыйынтыктап айтканда, көркөм эстетикалык иш-аракеттердин корутундусу, мисалы: сүрөт, кол өнөрчүлүк, музыка ж.б. инсандын биринчи сигналдык системасына таасир этип, анын өмүрүндө унутулбай турган из калтырат. Анын натыйжасында инсан жаш кезинен эле кызыгуу, ар нерсени эсинде сактоого жөндөмдүү болот. Мына ошондуктан жасалга-колдонмо кол өнөрү аркылуу баалуулуктарды таанып билүүсү, таанымдык-сонундук иш-аракеттери негизги орунду алууга тийиш. Демек, инсанды жаш кезинен баштап жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө биз даярдап чыгарган адистин ролу чоң.

Кыргыз мектептеринде жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгү узак жылдар бою орус авторлорунун методикалык эмгектеринде берилгендей аппликациялоо (чаптап иштөө) өнөрүн, оюу-үлгү кесүү, аны бир нерсенин бетине (кездеменин, кагаздын, тактайчанын ж.б.) түшүрүү жолдорун үйрөнүп келишкен. Кыргыз элинин жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгүндөгү көптөгөн ар түрдүү буюмдар, аларды кооздоо, саймалоо иштери эске алынбай калган. Эгемендүүлүк алгандан баштап жогорку жана орто мектептерде улуттук баалуулуктарга анын ичинен кол өнөрчүлүккө көңүл бөлүнө баштады. Азырынча толук колго алынды деп айтуудан алысбыз.

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ БОЮНЧА ТЫЯНАК

Жасалга-колдонмо искусствосунун тарыхый өнүгүшү жана студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн илимий-теориялык маселелери аттуу бөлүмдө илимий изилдөөлөргө, тарыхый талдоолорго, педагогикалык-психологиялык аспектилерди талдоого алып, изилдөөгө койгон биринчи милдетти ишке ашырууга аракет кылдык.

Кыргыз элинин жасалга-колдонмо искусство буюмдары кылымдарды карытып, муундан-муунга өтүп, улуттун баалуу мурасы болгон элдик маданият, демек, бул адам жараткан нерселердин бардыгы: турак жай, кийим-кече, кол өнөрчүлүк буюмдары, куралдары, элдик фольклор жана башкалар.

Илимий изилдөөлөрдө кыргыз элдик улуттук көркөм маданияттын чоң бир бутагы болгон жасалга-колдонмо искусствосунун калыптанышына

түздөн-түз идеялык баалуулук катары таасир эткен элдик чыгармачылык ар дайым элдин жашоого, жаратылышка, дүйнөгө болгон түшүнүгүн билдирет. Ошону менен катар илимий изилдөөнүн, б.а. теманын өзөгүн түзгөн сөздөр чечмеленип, терең талдоого алынды. Ал сөздөр, жасалга (*декор), искусство, чыгармачылык, колдонмо (прикладдык), чыгармачылык, активдүүлүк, билим, ишмердүүлүк.*

Жасалга-колдонмо искусство буюмдарынын *баалуулук факторунун* илимий жана практикалык негизги принциптери каралды. Баалуулук факторлордун негизинде элдин өнөргө жана анын кооздугуна болгон кызыгуулары улуттук сезимди камтып, ар кандай көркөм формадагы, мазмунга бай буюмдарды жаратууга түрткү болгону белгиленди.

*«Жасалга-колдонмо искусствосу»* – деген эне тилибиздеги сөз куруму «кооздоочу, жасалгалоочу жана колдонуп урунуучу өнөр» – деген маанини түшүндүрөт деп тактап, *жасалга-колдонмо өнөрдүн жанрдык механизминин төмөнкүдөй түрлөрүнө талдоо жүргүздүк: керамика карапа иштери* (чопо, майолика, фарфор, фаянс), *айнек жана көркөм айнек буюмдары* (хрусталь идиштери), түстүү айнек буюмдары, вазалар, нурданып туруучу арматуралар. *Жыгач жана көркөм жыгаччылык буюмдары* кол өнөрчүлүк, *лак живописи менен иштелген буюмдар* (шкатулкалар, вазалар, статуэткалар, подностор ж.б.). *Сөөк – зергерчиликтин жердиги* көркөм буюмдарды кармоонун түбөлүктүү негизи. *Текстиль, кездеме иши*. *Кийиз буюмдары*.

Жасалга-колдонмо искусствосуна чет элдик, кыргыз окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянуу менен теориялык талдоо жүргүзүп, кыргыз элинин жасалга-колдонмо буюмдарынын түрлөрүнө да кыскача токтолуп өттүк.

Илимий изилдөө ишибизде жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык, психологиялык жактары каралды. Чыгармачылык активдүүлүктү калыптандыруу – коомдук прогресстин социалдык-педагогикалык, психологиялык актуалдуу проблемалардын бири катары

карап, “чыгармачылык”, “активдүүлүк” – деген түшүнүктөргө карата психологдордун илимий изилдөөлөрү талданды.

Чыгармачылык активдүүлүк, коомдогу идеологиялык иштер окуу процесси менен тыгыз байланышта болгондуктан, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн окуу-тарбия ишинде калыптандырууда окуу усулдары, формалары жана каражаттарын максаттуу колдонуу аркылуу жетишүүгө болору белгиленип, чыгармачылык маданият – чыгармачылык кабыл алуу, баалоо, көз караштын өнүгүү натыйжасы, куралы ошону менен бирге жандандыруу фактору болуп эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда, жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн эффективдүүлүгү окуу-методикалык процесстин мазмунунан көз каранды, себеби, аны өздөштүрүү менен алардын тарыхый, улуттук баалуулугун жете түшүнгөн, жасоо технологиясына, чыгармачылык кызыгуусу бар, көркөмдүк табити жогору өнүккөн, педагогикалык билгичтиктери, чеберчилиги жетилген, теориялык алган билими менен практикалык билимин байланыштыра билген, келечекте жогорку компетентүү педагог боло аларын баса белгилейбиз.

# II ГЛАВА. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## II.1. Илимий изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиялык негиздери

Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн эң негизги педагогикалык шарттарын аныктап, изилдөө ишинин методологиялык жана методикалык маселелерин чечүү үчүн, **изилдөөнүн объектиси** катары – И. Арабаев атындагы КМУнун Искусство жана дизайн факультетинин Көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасындагы студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу өнүктүрүү процессин белгиледик.

Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу өнүктүрүүдө улуттук баалуулуктардын булагы кол өнөрчүлүктүн түрлөрү менен терең тааныштырып, кайра аларды иш процессинде колдонууга шарт түзүү талабы келип чыгат. Белгилеп кетүүчү өзгөчө учур, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу өнүктүрүү процессинде «жасалга-колдонмо искусство предметтеринин негизи» дисциплинасында улуттук кол өнөрчүлүктү камтыган бир да тапшырмалар системасы, модулдун суроолорунда камтылган эмес. Андыктан улуттук кол өнөрчүлүктүн бардык жанрларын камтып, билим-билгичтиктер, кызыгуулар аркылуу кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү калыптандыруу менен, чыгармачылык автивдүүлүгүн өнүктүрүп, кесипкөй кадрларды даярдоо зарылдыгы турат. Ушундан улам, илимий **изилдөөнүн предметин** жасалга-колдонмо искусство предметинде студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн психология-педагогикалык шарттарын аныктоо деп белгилейдик.

Методологиялык негиз илимий изилдөөдө ишинде татаал түзүлүшкө ээ болуп, изилдөөнүн методологиялык камсыздоосунун курамына принциптерди жана конкреттүү методдорду киргизүүгө болот.

Жасалга-колдонмо искусство предметтеринде студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү процессин талдап, деңгээлдерин аныктоо үчүн төмөндөгү методдор аркылуу иш алып бардык.

**Изилдөөнүн методдору:** изилдөө проблемасы боюнча илимий теориялык-методологиялык изилдөөлөрдү талдоо, аңгемелешүү, анкета, педагогикалык байкоо, анализ, синтез, педагогикалык эксперимент, эксперименттин натыйжаларын математикалык сандык жана сапаттык талдоо.

1. Теориялык метод – биринчи главаны теориялык талдоодо, экинчиси изилдөөнүн методологиялык бөлүмүн аныктоодо колдонулду. Изилдөө проблемасы боюнча илимий теориялык-методологиялык изилдөөлөрдү, психологиялык, педагогикалык, искусство таануу адабиятынын, ошондой эле элдик жана жасалга-колдонмо искусство боюнча илимий эмгектердин *теориялык анализи*. Элдик жасалга-колдонмо буюмдарын түп нускаларын теориялык искусство таануу илиминин негизинде тарыхый өнүгүшүн талдоо, этнографтардын, жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк менен алектенген элдик чеберлердин, дизайнерлеринин тажрыйбасын жалпылоо, изилдөө проблемасы боюнча методикалык, психологиялык-педагогикалык адабияттарды изилдөө, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жалпылоо, элдик көркөм чыгармачылык, жасалга-колдонмо искусство жана салттуу элдик кол өнөрчүлүк боюнча программалык, методикалык куралдарды, иш кагаздарды жана окуу куралдарын талдоо жана жалпылоо.

Ошону менен катар теориялык талдоо изилдөөнүн актуалдуулугун аныктоо, илимий-изилдөөдө мурунку изилдөөлөрдү критикалык баалоодо колдонулду. Ушундан улам изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин төмөнкү илимий изилдөөлөр түздү: изилдөө маселеси боюнча Жасалга-колдонмо искусство предметтери жөнүндөгү тарыхый, илимий, педагогикалык адабияттарды илимий-теориялык жактан талдоо, жасалга-колдонмо искусство предметтери жөнүндөгү эмгектерге, окуу усулдук колдонмолорго, программаларга, алдыңкы окумуштуулардын жана окутуучулардын тажрыйбалары каралды.

Кыргыздын жасалга-колдонмо искусствосунун тарыхы, көркөм наркы аз изилденилген илимдердин тармагына кирет. Изилдөө объектисине алынып тарыхый мүнөзү, этнографиялык белгилери боюнча иликтөөлөр жана аракеттенүүлөр бар, бирок көркөмдүк жагынан өнөр таануу багытында изилденилип, олуттуу ойлор айтылган омоктуу эмгектер аз. Ошондой болсо да кыргыздын жасалга-колдонмо өнөрүнүн тарыхын, социалдык жана этностук белгилерин ж.б. көптөгөн мүмкүнчүлүктөрүн өндүрүштүк сырьелук, техникалык, этностук жана көркөмдөп-жасалгалоодогу сырларын ачып берүүгө көп күч аракеттерин жумшашкан кыргыз жана чет элдик окумуштуу тарыхчылар жана сүрөтчүлөрү С.М. Абрамзон [2,3], М.Т. Айтбаев [6], А. Акматалиев [9,10,11,12], А. Алимбеков [16, 17], К.Ж. Амиргазин [18,19,20, 21, 22], К.И. Антипина [24], В.Я. Береснева [48, 49], Дж. Балтагулов [39], Ж.К. Момбекова [39], А.Н. Бернштам [50], А.Ф. Бурковский [58], Н.С. Боголюбов [54], Ч. Валиханов [59, 60], М.Ф. Гаврилов [68], С.М. Дудин [74], С.А. Жолдасбекова [80], Л.Я. Зиць [89], С.В. Иванов [91], Ы. Кадыров [96], В.В. Корешков [111,112], Ш. Мамбетаипова [136,137], В.Н. Молотова [145], Е.И. Махова [141], Ш.К. Моңолдоров [143], Б.В. Нешумова [149], Р.М. Рыскулбеков [165], М.В. Рындин [166], А.Б. Салтыков [171], Ж. Сыдыгалиев [175,176], Т. Умөтов [188], Ж.Т. Уметалиева [190], А.С. Хворостов [192, 193], А. Чекиров [198], Т. Чоротегин [200], улуттук оюм-чийимдер, оймочулук, саймачылык, чий, килемчилик, кийим кечелер боюнча ар кандай методикалык колдонмо [72, 79, 83, 103, 113, 120, 129, 147, 154, 168, 199, 207] эмгектерди айтпай коюуга болбойт. Анткени бул эмгектер кыргыз элинин жасалга-колдонмо искусствосунун байыркы жана азыркы абалын талдоого жардам берээри шексиз.

Ошону менен катар КРнын «Билим туралуу» мыйзамы, КРнын мектеп окуучуларын тарбиялоо концепциясы [125], КРнын маданиятын жана искусствосун өнүктүрүү программасы [126], элдик көркөм кол өнөрчүлүктү өндүрүүнү жандандыруу, өнүктүрүү жана сактоо жөнүндө КР мыйзамы [124], көркөм өнөр багытында студенттерди даярдаган окуу жайлардын окуу-

жумушчу программалары, окуу-методикалык комплесттери, жалпы билим берүүчү мектептерде окутулган “Технология” сабактарынын стандарты, окуу программасы жана окуу китептери.

Теориялык талдоо методу менен, тарыхта элибиздин эзелтеден берки материалдык маданиятын, б.а. жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк өнөрү кандай өнүгүп, бүгүнкү күнгө жеткенин, ошол буюм-тайымдардын түрлөрүнө баяндама берип, талдап өттүк. Маданият материалдык жана рухий маданият болуп экиге бөлүнөрү барыбызга маалым, жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк материалдык маданиятка кирип, адам баласынын кол менен жасаган бүткүл жумушу, эмгек куралы, кийимдери, үй-жайы, мындайча айтканда, архитектура, дизайн жасалгалары кол өнөрчүлүгү ж.б. камтылары мүнөздөлдү.

*Талдоодон бир мисал*. Кыргыз элинин кылым карыткан боз үйү негизинен кыргыз элдин материалдык маданиятына кирет. Илгертен бери кыргыз баласынын оокат-тиричилиги жана өмүрү боз үйдө өткөн. Боз үй биздин заманга чейин сактардын, хундардын, кыргыздардын, үйсүндөрдүн, дөөлөстөрдүн учурунда эле [13] болгон. Боз үй көчмөн элдердин биргелешкен акыл оюнан жаралган, жеңил, чечкенге тиккенге оңой, жайында салкын, кышында жылуу, жөнөкөй, кыргыз боз үйүн кыргыз элинин кылым картыкан улуу мурасы, ыйык куту жана кол өнөрчүлүгүнүн туу чокусу деп белигеп өтсөк болот.

Боз үй азыркы турпатындай болуп, дароо эле жаралган эмес, нечен доорлорду карытып, улам жаңы табылга кошулуп, жыгачы, кийизи, жип-шуусу улам түрлөнүп, барган сайын көркүнө чыгып олтурган. Кыргыздын боз үйүн жасоодо кол өнөрчүлүктүн бардык түрү жыгач уста, темир уста, саймачы, оймочу, зергерчи ууздары катышкан. Боз үйдүн керегесине жараша анын көлөмү да аныкталган. Боз үйдүн эң чаканы жана оңою – кереге уук баштарын кайчылаштырып жасаган алачык болгон. Сапатына карай тор көз, ара көз, жел көз деп керегенин көзүнө карай айтылат. Боз үйдү бүктөп койсо, бир төөлүк жүк, көчүп конууга ылайык, боз үйдүн көлөмү «алты канат», «төрт канат», «жүз

баштуу», «сексен баштуу» деп айтылат. Бул боз үйдүн чоң-кичинесин далилдейт.

Боз үйдүн негизги жыгачтары – *кереге, уук, босого-таяк, түндүк, каалга жана бакандан турат. Үзүк, туурук, түндүк жабуу* кийизден, ал эми эшик чий, канат чийлери чийден, жип-шууларына эшме-сызма боолору болот да, ансыз боз үйдүн жабдуулары бекитилбейт. Адегенде кереге жайылып, аштарына уук учугу менен чалып байланат. Босого таяк орнотот. Бакан менен түндүк көтөрүлөт, уук сайылат. Байыркы доордо кыргыздарда ак өргөлөргө ат үстүнөн эки-үч балбан туруп түндүктү көтөрүшкөн учурлар болгон. Чий тартылган соң, туурдук, үзүк, эшик тыш, түндүк жабуу жабылат [13, 44-б]. Боз үйдүн жыгачынын негизги бөлүгү *кереге* жана *уук* болуп саналат.

*Кереге* – болсо, боз үй жыгачынын уук бекитилүүчү төмөнкү бөлүгү. Керегенин диаметри 2,5, 3,5 см, узундугу 230-300 см, болгон жумуру (56-60) саканактардан (таякчалардан) жасалат. Ал эми *уук* – түндүк менен керегени бириктирип турган боолуу узун жыгач. *Түндүк* – боз үйдүн тигилишинде тең салмакты кармап турат. Кыргыз эл жазуучусу К. Жусупов «Боз үй ичинде бүткүл кыргыздын байыртан берки тарыхы, тиричилиги, салты, маданияты, тили, дили, акылмандыгы, ой-акылы жатат» – деп белгилеген.

Элибиздин тарыхында боз үйдүн мына ушул жабдыктарын символ катары, улуттук баалуулукту берген, келечек муунга тарбиялык мааниси чоң макала-лакаптар колдонулган, мисалы: адамга баа бергенде «ууктай узун», «керегеси май болду», «бакандай азамат», «чийдин түбүн тешкен жигит», «уугум сага айтам, уулум сен ук, керегем сага айтам, келиним сен ук», «кызы бар үй, кымызы бар саба», «жетимиш кемпир жер тиштейт» – деп айтышкан.

Өзгөчө ушул жерден жыгаччылыктын маанисин белгилеп өтсөк болот. Көптөгөн кылымдар бою муундан муундарга, урпактан урпакка таберик-мурас катары сакталып келген салттуу жыгач иштетүү өнөрү башынан көп нерсени өткөрүп, мол тажрыйбаны бизге жеткирди. Башканы айтпаганда да, боз үйдүн уук-керегеси, каалгасы дегеле жыгач буюмдарына бир мык же темир колдонулбай куралган салттуу жыгач буюмдар кылымдан кылымга кыргыз

элинин жашап келген үйү, пайдаланган буюмдары болуп келгендиги көптү түшүндүрүп келет. Кыргыздардын жыгач иштетүү, жыгаччылык көркөм өнөрү өнөрчүлүктүн башка байыркы түрлөрү сыяктуу эле өзүнүн салттуулугу, өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат. Жыгач иштетүүнүн технологиялык ыкмасын ачууда жыгачты тандоо, кыйуу, кургатып даярдалышынан баштап, кайсыл бир буюм жасоого чейинки жолу жана ага байланыштуу этникалык руханий салттарды изилдөө, аталган элдин этникалык тарыхын карап чыгууга жардамын берет [100].

Совет мезгилинде атайын уюштурулган экспедициялардын негизинде кыргыз элинин салттуу көркөм жыгач кол өнөрчүлүгүн изилдөө жогорку деңгээлге алына баштаган. Окумуштуулар С.М. Абрамзон [3], А.Н. Бернштам [50] археологиялык жана этнографиялык экспедициялардын жүрүшүндө жыгаччылыкты изилдөөгө алышкан. Чогултулган материалдарды кол жазмалар фондуна өткөрүп беришкен. А.Ф. Бурковский [58] XX кылымдын башындагы кыргыз элинин жыгач иштетүүдөгү негизги ыкмаларына токтолуп өткөн. С.В. Иванов [91] кыргыз жана казах элдеринин орнаменттеринин жалпылыктарына талдоо жүргүзгөн. К.И. Антипина [24] түштүк Кыргызстан аймагындагы жыгач иштетүү кол өнөрчүлүгүнө кенен токтолуп өткөн. Кыргыз элинин жашаган боз үйлөрүнүн жасалыштарына, идиш-аяктарына, турмуш-тиричилик жыгач буюмдарына, колдонгон куралдары жана ыкмаларына, ошону менен бирге салттуу жыгач буюмдарына түшүрүлгөн оюуларына дагы көңүл бурган. Е.И. Махова [141] түрк элдери жасаган боз үйлөрдү эки типке бөлүү менен алардын Кыргызстандагы аймактык айырмачылыктарын аныктаган. С. Субаналиев [180] ж.б. кыргыз элинин музыкалык аспаптарынын пайда болушу, алардын жасалыштарына токтолгон. А.С. Акматалиев [12] Кыргызстандын бардык аймагын кыдырып, этнографиялык материалдарды чогултуп, жыгач буюмдарын жана алардын жасалыштарын сүрөттөө менен аларды изилдөөгө алган [100].

Кыргыз элинин XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы турмуш-тиричилигине пайдаланылган салттуу жыгач буюмдары

классификацияга бөлүп, *колдонулушу боюнча*: идиш-аяктар, аземдүү жыгач буюмдар, үндүү аспаптар, жоокердик куралдар, турмуш-тиричилик буюмдар деп изилдөөчү О.Э. Капалбаев илимий ишинде баалуу маалыматтарды берген:

– *аземдүү жыгач буюмдарга:* түндүк, кереге, уук, каалга, түндүк бакан, үкөк, абдырына, айырмач, күмүш же жез бакан, тогуз коргоол, темир ооз комуздун кутусу, бешик, шимек, чыгырык, серүү (жагдан), жүк такта, ээр;

– *турмуш-тиричилик жыгач буюмдарга:* укурук, жапма алачык, буума алачык, сайма алачык, ит арка, адыргы, асма, килем токмок, кергич, керме жаа, талкуу, чен жыгач, кеп жыгач, балдак, ала бакан, адал бакан, жапкак, айры, үч илик, беш илик, жети илик, арча кетмен, буурсун, араба, мала, чийне, күрөк, токмок, түркүк, ат мамы, аштоо (акыр), ыңырчак, лөкү – жыгач кулпу, ком, тепши, кавыш (жыгач кепич);

– *жыгач идиш-аяктарга:* аяк, сыр аяк, кара аяк, жан аяк, чөйчөк, чоң кара аяк, татымал салгыч, челек, чалгыч, соку, сок билек, сузгу (чөмүч), кашык, кебеже, бишкек, табак, күү челек, түпкүч казан, үбөлүк, тактай жыгач, үстөл;

– *согуштук курал-жарактарга:* жыгач найза, жаа, жебе, айбалта, чочмор, карапчы;

– *жыгачтан жасалган үндүү аспаптарга:* комуз, жыгач ооз комуз, кыл кыяк, аса-муса, доолбас, ышкырык, чоор кирген [100].

Демек, мына ушундай теориялык талдоолор элдик көркөм кол өнөрчүлүк искусствосу аркылуу студенттердин атуулдук, чыгармачыл автивдүүлүгүн өстүрүп, эмгекке тарбиялоонун кубаттуу каражатына айланып, жана алардын эстетикалык сезимин, табитин калыптандырып, улуттук бай тарыхты камтыган жасалга-колдонмо искусство предметтерин терең билүүсүнө терең шарт түзөт, себеби, жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк өнөрү кыргыз элинин турмушунда жана тарыхында маанилүү орунду ээлөө менен ал өзүнчө бир күчкө ээ, сулуулукта улуттук көркөм маданияттын, эң алды менен ошол маданияттын чыныгы гуманисттик тенденциясынын маңызын, кайталангыс өзгөчөлүгүн чагылдырат. Ааламдашуу шартында келечек муундарды жогорку рухта тарбиялап, тарыхка бай, улуттук көркөм кенчти баалай билген атуулдук

маанайдагы инсанды калыптандырууда жасалга-колдонмо искусстовсунун, б.а. кыргыз көркөм кол өнөрчүлүктүн мааниси баа жеткис.

Ар кандай көркөм билим берүү багытындагы факультеттерде колдонулуучу жасалга-колдомо искусствосу дисциплинасы боюнча окуу программаларын жана мамлекеттик билим берүү стандарттарын талдоо. Бул талдоодо, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин көркөм сүрөт кафедрасы, ОшМУнун Искусство факультетинин көркөм өнөр искусствосу жана И. Арабаев атындагы КМУнун Искусство жана дизайн факультетинин көркөм өнөр багытындагы окуу программалары талданды.

"Жасалга-колдонмо искусствонун негиздери" дисциплинасы 550600 – "көркөм билим берүү" багытында окуган бакалаврларды профилдик даярдоо дисциплиналарына кирет.

*Курсту окутуунун максаттары*:

– жасалга-колдонмо искусствонун теориясынын негиздери боюнча билимге ээ болуу;

– жасалга-колдонмо искусствонун айрым түрлөрү боюнча буюмдарды долбоорлоого жана жасоого чыгармачылык мамилени калыптандыруу жана өнүктүрүү;

– бүтүрүүчүлөрдү билим берүү тармагынын алкагында жана кошумча билим берүү системасында жасалга-колдонмо искусство боюнча окуу процессин ишке ашырууга даярдоо;

– студенттердин руханий маданиятын өнүктүрүү жана калыптандыруу, жалпы адамзаттык баалуулуктар менен тааныштыруу, улуттук маданий мурастарга ээ болуу аркылуу улуттук аң-сезимди калыптандыруу.

*Программаны өздөштүрүү деңгээлине талаптар.* Дисциплинанын мазмунун изилдөөнүн натыйжасында студенттер *теориялык билим калыптандырууда билиши керек:*

– көркөм маданияттын ажырагыс бөлүгү катары жасалга-колдонмо искусствонун маңызын;

– салттуу кыргыз элдик кол өнөрчүлүгүн;

– заманбап жасалга-колдонмо искусствонун үзгүлтүксүздүгү, анын элдик искусство менен тыгыз байланышын;

– жасалга-колдонмо искусствонун көркөм системасынын өзгөчөлүгүн (кайталоо, вариация, импровизация);

– чеберчиликтин негиздерин;

– жасалга-колдонмо композициянын негизги композициялык схемаларын жана үлгүлөрүн;

– жасалга-колдонмо композициянын көркөм экспрессивдүүлүгүнүн каражаттарын.

Ал эми жасалга-колдонмо искусствонун тематикалык композициянын касиеттери боюнча *практикакалык негизде* калыптануучу төмөнкүлөрдү *билиши керек*:

– көркөм кол өнөрчүлүктүн негизги түрлөрүн изилдөө процессинде орнамент түзүүнү;

– кийиз жана башка материалдардын технологиялык ыкмаларын колдонууну;

– буюмдарды долбоорлоодо чыгармачылыкты колдонуу;

– материалдарды даярдоодо, жасалга-колдонмо буюмдарын жасоодо жана жасалгалоодо ар кандай шаймандарды (кайчы, ийне, шибеге, илме шиш) колдоно билүү.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери *дисциплинасынын теориялык сабактарынын мазмуну:*

I. *Киришүү сабагы:* Элдик көркөм кол өнөрчүлүк – көптөгөн чеберлердин ишинин натыйжасы катары. Адамдын жашоосунда, анын тарыхый тамыры менен Жасалга-колдонмо искусство предметтеринин ролу. Эстетикалык жана функционалдык башталыштардын биримдиги адамды курчап турган предметтик чөйрөнү калыптандырууда жасалга-колдонмо искусстовсунун мааниси. Жасалга-колдонмо көркөм кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө салттардын, жашоо образынын таасири. Көркөм өнөр жай менен элдик көркөм кол

өнөрчүлүктүн ортосундагы айырмачылык. Элдик чебердин статусу, чеберчиликтин үзгүлтүксүздүгү.

II. *Маданият баалуулуктар системасында элдик жана жасалга-колдонмо өнөр:* Маданияттын баалуулуктар системасындагы элдик жана жасалга-колдонмо искусство. Элдик жана жасалга-колдонмо искусство көркөм маданияттын ажырагыс бөлүгү катары. Колдонмо искусство чыгармалары жана улуттун көркөм салттары, дүйнө тааным, дүйнө тааным жана элдин көркөм тажрыйбасы жана анын тарыхый эс тутуму. Элдик жана жасалга-колдонмо искусствону өнүктүрүү мыйзамдары жана алардын чыгармачылыктын башка түрү – кесипкөй сүрөтчүлөрдүн искусствосу менен өз ара аракеттенүүсү.

Жасалга-колдонмо искусствонун эки багыты: жасалга-колдонмо көркөм кол өнөрчүлүк жана элдик көркөм кол өнөрчүлүк. Салттуу көркөм кол өнөрчүлүктүн негизги мисалдары. Устат. “Чеберчилик” түшүнүгү. Чебердин чыгармачылык жөндөмү. Элдик чыгармачылыктын негизги принциптери – кайталоо, вариация жана импровизация.

III. *Жасалга-колдонмо искусство предметтериндагы композиця:* композиция элдик жана жасалга-колдонмо искусстводогу көркөм чыгарманын бөлүктөрүнүн маанилүү катышы катары. Декоративдик композициянын активдүү элементтери: түс, оюм-чийим, сюжет (тема), жалпак же көлөмдүү пластикалык чечим. Композициялык үлгүлөр. Түс (элдик жана декоративдик искусстводогу экспрессивдүү каражаттардын бири) – декоративдик образдын маанилүү компоненти катары. Орнамент декоративдик сүрөттүн бир бөлүгү катары. Тематикалык декоративдик композиция. Декоративдик композициянын темасын билдирүү жолдору. Негизги композициялык схемалар жана декоративдик композициянын үлгүлөрү. Декоративдик композициянын көркөм экспрессивдүүлүгүнүн каражаттары. Декоративдик тематикалык композициянын касиеттери. Декоративдик тематикалык композициянын мыйзамдары. Пластикалык искусствонун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн эске алуу менен элдик жана декоративдик искусствонун чыгармаларынын композициялык өзгөчөлүктөрүн талдоо. Композиция бүтүндүктүн,

экспрессивдүүлүктүн жана гармониянын негизи катары. Декоративдик композициянын ыкмалары.

*Композиция* – латын сөзүнөн келип чыккан, ал ар кандай бөлүктөрдү кандайдыр бир идеяга ылайык түзүү, бириктирүү, бири-бирине төп келтирүү дегенди билдирет. Ал эми жасалга-колдонмо искусство жөнүндө айта турган болсок, анда композиция – бул буюмдун экспрессивдүүлүгү, бүткөн бир ойду түшүндүрүп, сүрөттөөчү элементтердин белгилүү бир схема боюнча көркөм жайгашуусу.

*Композицияны түзүүнүн ыкмалары*: композициялык ритмди сактап, ойду туура берүү, симметрия жана асимметрия, композициянын бөлүктөрүнүн тең салмактуулугу жана сюжеттик-композициялык борборду бөлүп көрсөтүү, ал эми *композициянын каражаттарына төмөнкүлөр кирет:* форматы, мейкиндик, композиция борбору, баланс, ритм, контраст, түсү, коолдугу, динамикасы, симметрия жана асимметрия, бүтүндүк.

Статистикалык же жабык композиция эс алуу же туруктуулук абалын билдирет. Мындай композиция борборго багытталган сызыктар менен мүнөздөлөт, ошондой эле төрт чарчынын (квадраттын), айлананын, так сырткы контурлардын формасы боюнча куруу менен мүнөздөлөт.ж.б.

Бул теманын ушундай тереңдетилип окутулушун *максаты:* декоративдик композициянын негизги ыкмаларын үйрөнүү, айлана-чөйрөнүн объектилерин жасалгалоо менен декоративдик композициянын байланышын түшүнүү, ал эми *практикалык иштөөнүн милдеттери:* оюм-чийим жана стилдөө боюнча тапшырмалардын негизинде айланада жана төрт чарчыда декоративдик композицияны түзүү. Материалдар жана тапшырманын техникалык аткарылышын аныктоо. Форматты жана масштабды аныктоо. Бир катар эскиздерди аткарып, эң жакшы, композициясы бай вариантты тандоо. Тандалган вариат менен планшетте эскизди түстүү жана графикалык түрдө аткаруу.

*Декоративдик композицияларды аткаруу үчүн методикалык сунуштар:*

– эскиздерди түзүү, мыкты вариантты тандоо – 1 саат.

– декоративдик композицияны айланага, чарчыга тартуу – 1 саат.

– түстүү жана графикалык декоративдик композицияларды аткаруу – 2 саат.

Жыйынтыгында туура тандалган түстөр менен ар кандай композияциялык түзүлүштөгү студенттердин чыгармачыл иштерин баaладык.

Ошондой эле Жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагынын чегинде *батик техникасы менен(6 саат)* композиция түзүү иштерин уюштурдук.

Батик – атайын боёк кошулмаларды колдонуу менен кездемеге кол менен сүрөт тартуу. Кездемеге боёк колдонулат, кездемелер – жибек, пахта, жүн, синтетика. Так чектерди алуу үчүн боёктордун кошулган жеринде атайын резерв, контур колдонулат. Батиктин бир нече түрү бар – жылуу, муздак, түйүндүү, эркин сүрөт жана башкалар.

Бул иштин *максаттары*: батик технологиясы менен таанышуу. Материалдар жана шаймандар менен таанышуу. Текстиль үчүн декоративдик композиция түзүүнү үйрөнүү.

*Милдеттери:* материалды өздөштүрүү үчүн көнүгүүлөрдүн сериясын аткаруу, ар кандай ыкмаларды жана мүмкүнчүлүктөрдү сынап көрүү, боёкторду тандоо. Декоративдик композиция түзүү жана аны батик техникасы менен кездемеге аткаруу.

Батик техникасы менен композиция түзүү иштерин уюштуруу үчүн *методикалык сунуштар*: боёктордун нускамасы менен алдын-ала таанышып алабыз, айкалыштыруу мүмкүнчүлүктөрү жана резервдик пасталарды колдонуу, боёкторду бекитүү мүмкүнчүлүктөрү, кездемени алкакка тартуу.

Эскизди аткарып, аны шифонго өткөрүп, андан соң боёп, кичинекей жасалгалоо иштеринин сериясынан баштап, жыйынтыктоочу иш менен аяктоо.

IV. Сайма, сайманын түрлөрү. Саймачылык. Кыргыз саймасы башка элдердин саймаларына караганда өзүнүн ачыктыгы жана кооздугу менен айырмаланат, андыктан саймачылыкта боёк, б.а. түс берүү бирден бир чоң роль ойнойт. Саймачылар негизинен кызыл-көктү, кызыл-сарыны, кызыл-

жашылды, кызыл-акты берип ыргактан түк жазбайт. Жиптердин өңдөрүн тандоо да, саймага көрк берет. Бул ишти аткарууда да студенттердин көңүлүн кайталоо ирээтинде түстөрдүн айкалышына бурдук. Саймага жарашыктуу түс берүү үчүн студенттер *сайма жиптери менен таанышышты жана* жиптин түрү менен иштөө кездеменин калың же жукалыгына көз каранды экенин билишти. Саймага негизинен *мулине, ирис, жибек, пахта, акрил жана жүн жиптери* колдонулат.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн артыруу максатында сайма саюу – зор чыгармачылык, саймачылыкта кооздукту *кийизге* да, *таарга* да, *кездемеге* жана *улуттук кийимдерге* бирдей түшүрүш керек экенин талап коюп, *саймалуу чапан, чепкен, белдемчи, чыптама, калпак, топу, элечек, шөкүлөлөрг*ө түшүрүлгүн саймаларды мисал кылып көрсөтүп, алдын-ала сайманын ар кандай түрлөрү боюнча эскиздерди түшүрүп, аларды кайра практикалык негизде аткарууга өттүк. Саймачылыктын дагы бир өзгөчөлүгү буюмдун көлөмүн сезе билүүнү да эске салып туруу зарылдыгы болду, буюмдун көлөмү ага түшкөн көркөм көчөттөрдүн өзүнчө мыйзам ченемдүү байланышы бар. Мисалы биз аяк капты алалы, мунун жалпы көлөмүнө сайма көчөттөрү жооп берип турат. Эгер сайма көчөттөрү чоң-чоң түшсө, буюмдун бетинен бери чыгып кетет. Ал эми майда сайылса, жердиктин бетине кирип анча билинбей калат.

Сайманын түрлөрү менен таанышып, аларды практикалык негизде аткарууда студенттер кызыгуу менен иш алып барышып, жыйынтыгында сайманын бир нече түрүндө даярдаган буюмдарын көрсөтүп, модулдук бааларын алышты. Бул ишти негизинен ийне менен колдо аткарышса, ошол эле учурда *илме сайманы* да өздөштүрүүгө жетиштик.

Бул илме сайма (тамбурный) машина менен сайылып, ал тигүү машинасына окшошуп, тигиш кездеменин сыртына калкып, түшкөн сайманын өзү кадимки *шибеге сайманын* өзүндөй болот. Андан сырткары бул машина менен килем-түктүү (ковровый) сайма да сайылат.

Кийинки тема *килем сайма техникасында декоративдик пано түзүү.* 6 саат аудиториялык, 18 саат өз алдынча иштөө. Килем саймаларды аткаруунун форматы А3, керектелүүчү жабдыктар: кездеме, алкак же подравник, мык же кнопка, үлгү түшүрүлгөн картон (үлгү түшүрүлгөн кагазды көркөм искусстводо "картон" деп айтышат), түстүү жиптер, атайын сайма саюуучу ийненин үч түрү, кайчы, карандаш.

Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө килем сайма техникасында декоративдик панно түзүүнү*н максаты:* килем токуу техникасынын кеңири мүмкүнчүлүктөрү аркылуу килем сайма саю техникасы менен таанышуу. Декоративдик композиция боюнча билимдерин бекемдөө, толуктоо.

Килем сайма техникасында декоративдик панно түзүүнү*н милдеттери:* паннодо колдонуу үчүн текстура параметрлерин түзүү. Коллаж техникасында декоративдик паннону түзүү. Коллажда колдонулган ар кандай материалдар менен таанышуу – бул материалдарды колдонуунун тандалган форматында мисалдарды түзүү. Эркин тема боюнча кооздук панно үчүн бир нече эскиздерди иштеп чыгуу. Тандоодогу жакшы эскизди тандалган форматка өткөрүп, тиешелүү текстуралардын элементтерин тиркөө.

*Килем саймага мисал.* Килем саймалары жасалга-колдонмо көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү катары тааныштыруу максатында килемдин тарыхый өнүгүшү, аймактык өзгөчөлүктөр, белгилүү килем токуган уздар жөнүндө презентация көрсөтүп, студенттер менен жалпы талкууга алдык, айрым студенттер азыркы күндө апаларына жардам берүү менен килем токуунун кээ бир ыкмаларын, керектүү шаймандарын жакшы айтып беришти.

Сайманын бул түрү менен тааныштырган соң студенттерге килем саймасы жасалга-колдонмо искусствонун көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү катары, керектүү материалдар жана шаймандары, килем саймаларынын негизги элементтерин аткаруу ыкмалары. Илмек тигүү үлгүлөрүн аткаруу, түс таануу. Материалды тандоо, даярдоо, элементтерин аткаруу, даяр продукцияны иштетүү. Долбоордун элементтерин аткаруу жыйынтыктоо. Долбоорду коргоо

– деген талаптардын негизинде практикалык сабактар уюштурулуп, кайра өз алдынча иштер үчүн тапшырмалар сериясы берилди.

Кыргыз элине белгилүү уз-чебер Ш. Мамбетаипова сайма, саймачылык боюнча мындай төрт сап ырын жараткан экен:

Сезе алсаң сырлары бар байкалбаган,
Сүйүүлөр сүрдөнүүдөн айта албаган.
Саймада сансыз ойлор, сансыз үмүт,
Сагыныч, курчтук мизин кайтарбаган [133], мына ушул ыр

саптарында айтылгандай, студенттердин аткарган иштеринде түстөрдү тандоо, тандалган эскиз, жеке мүнөздө, өз алдынча иштер болду.

V. *Орнамент (ою) искусствосу.* Орнамент – элдик жана жасалга-колдонмо искусствонун маанилүү бөлүгү, геометриялык оюм, өсүмдүк же жаныбардын элементтеринин айкалышынан жасалган оюм-чийим, графикалык же скульптуралык жасалгалоо. Жасалга-колдонмо искусствонун жалпы стилистикалык белгилери. Оюм-чийимдин касиеттери жана анын максаты, формасы, түзүлүшү. Орнаменттердин түрлөрү жана түзүлүшү. Ар кайсы өлкөлөрдүн жана элдердин оюм-чийим мотивдеринин ар түрдүүлүгү жана биримдиги. Ар түрдүү элдердин оймо-чиймелериндеги *күн белгилери* Орнамент жана түс. Байыркы оймо-чиймелер табигый формаларды стилдештирүү. Орнаменттин жалпы стили, анын сызыктуу жана түстүү курамы.

Жасалга-колдонмо искусство предметинде орнаментти терендеп окутуп, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн *максаты:* орнаменттердин негизги түрлөрүн, алардын тарыхын жана келип чыгышын боюнча билимдерин, билгичтиктерин калыптандыруу, композициялык ыкмалар, жабдуулар аркылуу оймо-чиймелерди түзүү, импровизациялык үлгүлөрдү табууга үйрөтүү. Алган билимдерин, билгичтиктерин практикада кесипкөйлүк менен пайдалануу. Фантазияны өнүктүрүү, курчап турган реалдуулукта декоративдик мотивдерди көрүү мүмкүнчүлүктөрдү шарттоо.

*Милдеттери*: студенттер орнаменттин ар кандай түрлөрүн колдонуп, бир нече жасалгаларды, б.а. практикалык иштерди аткаруу. Бул үчүн алар

орнаментти колдонууда композициянын бардык эрежелерин сактап, орнаменттерди жайгаштырууну түшүнүп, алган билимдеринин негизинде орнамент түзүүгө көнүгүүсү.

Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү процессинде орнамент түзүү иштерин уюштурууга *методикалык сунуштар*:

– керектелүүчү материалдарды жана тапшырманын техникалык аткарылышын аныктоо;

– орнаментти иштеп чыгуу, темага ылайыктуу орнамент элементтерин издөө;

– түс берүү схемасын издөө;

– белгиленген форматта оймо-чиймелерди түстө аткаруу.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагында студенттердин түстөрдү айкалыштырып туура тандоосуна чоң басым жасоо керек, себеби, ар бир практикалык негизде аткарылган көркөм иш түстөр бири-бирине айкалышпай калса баалуулугун, көркөмдүгүн жоготот. Андыктан студенттерге түстөрдү кабыл алуусун аныктап (цветовосприятие), алардын жалпы психологиялык абалын, ошону менен бирге түстөрдү айкалыштырып орнаментте колдонуусуна шарт түзүү керек, себеби, түстүн адамга тийгизген таасири көптөгөн окумуштуулар тарабынан далилденген, психотерапияда арт-терапия ыкмасы бар, көркөм сүрөт искусствосунун жардамы менен адамдардын психологиялык абалын колдоого багытталган, атап айтканда, ар кандай түстүн түрлөрүн табуунун жардамы менен 1930-жылдардын башында Индиялык окумуштуу Д. Р. Гхадиали адамдын организмине ар түрдүү түстөрдүн терапиялык таасирин сүрөттөгөн. Окумуштуунун айтымында адам организми кээ бир түстөргө абдан сезгич, себеби, кээ бир түстөр адамдын ой жүгүртүүсүн жайлатышы же шыктандыруусу мүмкүн, ал эми 1950-жылы швейцариялык психолог Макс Люшер адамдын ички абалын түстөр аркылуу аныктоочу тест иштеп чыккан. Окумуштуу көптөгөн эксперименттерди өткөрүп, андан кийин 4500 тондон адамдын психологиялык абалына эң ачык таасир эткен түстөрдү тандап алган.

Көркөм билим берүү багытында окуган студенттердин дээрлик көпчүлүгү түстөрдүн маанисин терең түшүнө беришпейт жана так атай алышпайт, ошондуктан педагогдун алдында түстү колдонууну, катыштарды түзүүнү, бири-бири менен аралаштырууну, жаратылыштагы, искусстводогу түстү түшүнүүнү, анын маанисин көрүүнү, белгилүү бир түс гаммасы аркылуу живопись чыгармаларын концептуалдаштырууну үйрөтүү маанилүү милдети турат.

Студенттердин түстөрдү кабыл алуусун текшерип алуу максатында алдын-ала мындай *тапшырма-тест өткөрдүк*: ар бир студент ак баракка өз оюнда бири-бирине төп келет деген түстөрдү катар тилкеде боёшту, бир да жардам берүү болгон жок, жыйынтыгында, кооз жана гармониялуу түстөрдү айкалыштырып аткарылган иштер жокко эсе болду, андыктан түстөрдүн бири-бирине айкалышы боюнча маалымат берилди.

*Таблица 2.1. Түстөрдүн айкалышы*

| *№* | *Негизги түстөр* | *Айкалышуучу түстөр* | *Айкалышпаган түстөр* |
|---|---|---|---|
| 1 | Кызыл | Жашыл, көк, алтын сары, сур көк | Сыя көк (фиолетывый), күрөң, кызыл сары |
| 2 | Күлгүн (розовый) | Күрөң кызыл, күрөң, сур көк | Көк, кызыл, сыя көк |
| 3 | Сары кызыл (оранжевый) | Көгүлтүр, жашыл, сыя көк, күрөң, ак | кызыл |
| 4 | Күрөң | Кызгылт боз (бежевый), көгүш жашыл, сур көк, алтын сары, | Кочкул кызыл, сыя көк, күлгүн |
| 5 | Сары | Жашыл, күрөң, алтын сары | Кочкул кызыл, күлгүн |
| 6 | Көгүлтүр | Кызыл, күрөң, көк, кызыл сары, ачык сыя | Кочкул кызыл, сыя көк |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7 | Көк | Кызыл, сур көк, алтын сары, кызгылт сары | Жашыл, күлгүн, күрөң, сирен |
| 8 | Сыя көк | Жалтырак сары, сары, кызгылт сары, ачык жашыл | Кызыл, күлгүн |
| 9 | Сирен түстүү | Сур көк, каштан, ачык сыя, жашыл | Көк, кызыл, кочкул кызыл, кызгыл сары, күлгүн |
| 10 | Кочкул кызыл | Жашыл, сур көк, күлгүн, көк | Сирен, каштан, кызыл, алтын сары |
| 11 | Боз же сур көк (серый) | Кара, жашыл, кызыл, көк, күлгүн, сары | Күрөң, кызгылт боз |

VI. Жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн дагы бир жолу – *стилдештирүү.* Стиль (жазуу таякчасы деген сөз) – көркөм чыгарманын бүтүндөй идеялык-тематикалык системасынан – идея, тема, образ, сюжет, тил – көрүнүүчү көркөм биримдик, башкалардан айырмалап турган өз алдынчалык. Стиль – морфологиялык өзгөчөлүктөрдүн биримдиги, өзүнчө чебердин чыгармачылык манерасын, улуттук же этностук көркөм салтын айырмалап турган доор, цивилизация ж. б. искусство. Өзгөчө стиль архитектурада, живопись, айкелчилик, адабият жана музыка жакшы өнүккөн. *Стилдин байыртадан берки өнүгүп келе жаткан түрлөрү:* байыркы, Роман стили, Готика стили, кайра жаралуу, барокко, классицизм, рококо, романтикалык, реализм, натурализм, модернизм, символизм, импрессионизм, экспрессионизм, авангардизм, сюрреализм, кубизм, абстракционизм, постмодернизм.

Стилдештирүүнү үйрөтүүнүн *максаттары:* табигый формаларды стилдештирүүнү үйрөнүү, аналитикалык ой жүгүртүүнү жана табиятты трансформацияланган формада оригиналдуу чагылдыруу жолдорун өздөштүрүү, ал эми милдеттери: өсүмдүктүн сүрөтүн тандап, анын

стилдештирилген формасын түзүү; жаныбарлар дүйнөсүнүн объектисин тандап, анын стилдештирилген формасын түзүү.

Стилдештирүүнү ишке ашыруу үчүн *методикалык сунуштар:* материалдарды жана тапшырманын техникалык аткарылышын аныктап, декоративдик стилдерди ар бир кадамдарга ылайык жасоо, демек – сүрөттөлгөн объектти тандоо, натуралай чийүү – 1 саат, эң экспрессивдүү стилдештирилген форманы издөө жана эскиздерди бекитүү жана берилген форматта аткаруу – 3 саат.

VII. *элдик көркөм кол өнөрчүлүк:* Элдик искусствону тирүү чыгармачылык катары түшүнүү. Кыргызстандагы салттуу көркөм кол өнөрчүлүктүн айырмалоочу өзгөчөлүктөрү. Элдик жасалга-колдонмо искусство чыгармаларынын баалуулугу. Элдик искусство объектилеринин руханий мааниси. Мезгилдин тарыхый байланышы. Улуттук көркөм салттар – азыркы көркөм маданияттын жандуу булагы катары. Элдик чыгармачылыктын эң көрүнүктүү өкүлдөрү, эмгектери. Оюм-чийимдин буюмдун максатына көз карандылыгы. Кыргыз кол өнөрчүлүгү. Анын айырмалоочу өзгөчөлүктөрү.

Студенттерди бул бөлүк менен теориялык негизде тааныштырып, кайра кошумча өз алдынча иштерге тапшырма берилип, алардын даярдаган иштери дагы кеңири маалыматтарды бергендиктери менен жыйынтыкталды.

Изилдөөнүн илимий-методологиялык негизи катары каралган аталган үч окуу жайдын программалары негизинен окшош, айрым гана өзгөчөлүктөрдү эске албаганда. Жогоруда чечмеленип берилген тематика, биздин эксперименттик иштин негизги өзөгүн түздү.

2. Илимий эксперимент (аныктоочу, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу) жасалга-колдонмо искусство сабагы аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуу методикасын табуу үчүн негиз катары уюштурулду. Мында негизинен *эмпирикалык методдор колдонулду:* педагогикалык экспериментти *уюштуруу* жана *жүргүзүүдө* студенттердин жасалга колдонмо искусствосу сабагында чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн окуу процессинде байкоо, салыштыруу жана жалпылоо методдору аркылуу

студенттердин алгачкы билим деңгээлдери аныкталды. Педагогикалык тажрыйбанын, б.а. эксперименттин бардык этабында студенттер менен аңгемелешүү жана практикалык методдорду жигердүү пайдаландык.

*Аңгемелешүү методу* студенттердин жалпы жасалга-колдонмо искусство предметтери жана улуттук көркөм кол өнөрчүлүк искусствосу боюнча билимдерин баалоо, анализдөө үчүн колдонулду, мында алар эң начар көрсөткүчтөрдү беришти, билимдери төмөн, улуттук көркөм кол өнөрчүлүктүн негизги түрлөрүн атай алышат, бирок кандайча жол менен жасалат билишпейт, андыктан практикалык метод аркылуу ар бир сабактын чегинде каралган жасалга-колдонмо буюмдардын тарыхын айтып берип, айрым региондук өзгөчөлүктөр боюнча студенттер кошумча киргизип, эки методду айкалыштыра колдондук.

Аңгемелешүү жана практикалык методдорун *пайдаланууга мисал.* Кийизди заманбап техникада көркөмдөп, бышырып даярдоо. «Ирис» гүлүнөн пано.

*Кийизден жасалган буюмдар* боюнча сабактан мисал.

*Окутуучу:* биздин ата-бабалар көчмөн калк болуп, боз үйлөрдө жашап, кийизди көп колдонушкан. Керектөөдөн улам, элибиз көчмөн турмушунда тиричилик жана жасалга буюмдары кеңири колдонуп, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө зор өбөлгө түзгөн. Негизинен бул буюмдар кийизден, жасалган. Эмесе, кийизден жасалган кыргыз кол өнөрчүлүгүндөгү буюмдарды санап өтөлү.

*Студенттер:* ала кийиз, аяк кап, шырдак, боз үйдүн кийиздери, кийиз бут кийимдер, калпак, чепкен, моюн орогуч ж.б.

*Окутуучу:* Азыркы күндө заманбап техника менен кийизден же жүн буласынан паннолорду, чыптамаларды, айымдардын саркеч сырткы кийимдерин, моюн орогучтарды, бут кийимдерди жасап келишет.

Кийиз жасоодо колдонулуучу аспап, каражаттар: түстүү жүн буласы, самын, сетка (чымын-чиркейден коргоочу чыпка), астына кленка жана жылуу суу керектелет. Жасала турган буюм – *моюн орогуч*.

*Иштин жүрүшү: биринчи*, салынган столдун үстүнө сетка (чыпка) же атайын жылмакай кездемени (жүн буласы жабышпаган) салып, *даяр жүн буласын текшилеп бир катар бир жакты карай* салабыз. *Экинчи,* бир катар салынган жүн буласынын үстүнө, экинчи катарды *ага карама-каршы ыраатта* дагы бир ирээт салабыз. Андан соң даяр болгон негиздин үстүнө, *композицияны* (сүрөттү) түстүү жүн буласы менен түшүрөбүз. Бул үчүн алгач алдыңкы жана арткы планда кандай түстөрдү пайдалануу керектигин алдын-ала тактап алышыбыз керек. Студенттер бул процессте өз алдынча иштеп, ага чейин түшүргөн эскизи менен иштешти, практикалык сабакка чейин бардык студенттерге керектүү жабдууларды толук даярдап алуу талабы коюлган, ар бир студент кызыгуу менен иштеди. Кийинки кадам, *түстүү жүн буласынан аз-аздан алып, гүлдүн желечелерин жасап, жасалып жаткан гүлдүн артына жеңил түстөн фон беребиз.* Аны атайын кийиз жасоодо колдонулган *ийненин жардамы* менен (биз кийизди бышырып жатканда, тоскоолдук кылбоосу үчүн) бекитип алабыз. Даяр болгон картинанын үстүнө сетканын экинчи тарабын жабып, анын үстүнөн самындуу жылуу сууну текши себелейбиз (самындуу сууну себелегенди 1-2 ирет кайталайбыз). Акырындап кол менен ар тарапка карай таптап олтурабыз. Жасалып жаткан гүлдүн формасын улам карап түздөп туруу керек. Бир канча жолу ийлегенден кийин панобуз даяр болот. Эң акыркы кадам, даяр болгон панону крандагы агып жаткан сууга жууп, кургак, жылуу жерге жайып коёбуз. Кургатып, андан кийин үтүктөп, четин рамага салып, бөлмөгө илип койсок да, же белекке берсек да болот.

*Кийизден жасалган буюмга дагы бир мисал:* кийизден жасалган майда ашканада колдончу майда буюмдар тобу ысык тамактын алдына коюлучу чоң тегерекчеден жана 6 орто тегерекчелерден турат. Оймо салып ала кийиз жасоо ыкмасы менен даярдалган. Оймо салууда түстүү жүн буласынын ордуна түстүү жиптерди колдонобуз. Көңдөй кийиз жасоо ыкмасында аткарылат. Мындай композиция төрт бурчтук форма менен жасалат. Чоң тегерекченин *D*-32 см. ал эми орточо тегерекчелердин *D*-24 см. болот. Жиптер ар тарапка каратылып

сызыкча иретинде салынат. Жасалгасы коолдолгон сайма менен берилет. Даяр чыгышы 420 грамм.

Буюмду бычуу: жүн буласынын сапатына жараша 8-12 см. кошуп целоффандан үлгү даярдайбыз.

*Буюмду жасоо эрежелери:* керектүү салмактагы жүн буласын алабыз да, аны ар башка тарапка беттеп салабыз. Суулап, түздөп, башка тарапка каратып четин ичине кайрып түздөйбүз. Эскиз боюнча жиптерди жаткырабыз. Оймону бекитип, ар тарабынан тийиштүү эни чыккыча колго ийлейбиз. Даяр болгон ишибизди катырып үтүктөйбүз.

Жасалга-колдонмо искусствосу аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө методологиялык таяныч теориялык жасалга-колдонмо искусство предметтерин ар тараптан талдоолор, жасалга-колдонмо искусстовсунун негизи курсун окутуу, билим берүүнүн түрдүү методдору, жалпы педагогикалык жана көркөм билим берүүдө кабыл алынган методдор колдонулду. Бул методдор студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүнүн деңгээлдерин аныктап, аны андан ары өнүктүрүү менен бирге, келечекте орто мектептерде окуучулардын көркөм-эстетикалык багытта билимдерин колдонуп, алардын чыграмачылыгын өнүктүрүүгө, калыптанышына да шарт түзөт, себеби, илимий изилдөөнүн максаты жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин бардык кесиптик компетенцияларын калыптандырып, кесипкөй, чыгармачыл, изденген кесип ээлерин даярдоого салым кошуу. Жасалга-колдонмо искусство предметтери курсунун негизинде студенттер жасалга-колдонмо искусство предметтеринин бардык түрлөрү боюнча теориялык да, практикалык да көндүмдөргө ээ болушту.

## II.2 Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары жана модели

Жасалга-колдонмо искусствону окутуу процессинде негизги жана зарыл педагогикалык шарттар, композицияны жана көркөм-экспрессивдүү каражаттарды өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрү негизинен студенттердин окуу-чыгармачылык маселелерин чечүүгө даярдыгына, көркөм сүрөт искусствосу (композиция түзүү, сүрөт тартуу (графика), боёк менен жазуу (живопись), түс таануу, материал таануу, материалды көркөм иштетүү) жаатындагы билимдердин, көндүмдөрдүн белгилүү бир запасына таянат, ансыз студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү мүмкүн эмес. Көркөм билим берүү багытындагы студенттердин чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн маңызы жөнүндө айта турган болсок, аларга кесипкөй сүрөтчүлөрдүн чыгармачылык эмгегине мүнөздүү болгон бардык негизги мыйзам ченемдүүлүктөр мүнөздүү экендигин белгилей кетүү керек. Жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча көркөм буюмдарды жасоодо студенттердин чыгармачылык процессте таанып-билүү процесстери, муктаждыктар маанилүү ролду ойнойт жана эрктүү аракеттер зарыл.

Бардык чыгармачыл иш-аракеттер белгилүү бир маселелерди чечүүнү камтыйт, бул жөнөкөй кабылдоо менен эмес, билимдердин жана көндүмдөрдүн негизинде жаңы баскычтарга чыгара турган ой жүгүртүү иш-аракеттери аркылуу ийгиликтерди жарата алат.

Педагогика менен психология илимдери интеграцияланган, бири экинчиси менен тыгыз жуурулушкан жеринде студенттердин табиятынан жеке чыгармачылыгы менен жеке жөндөмдүүлүктөрү өнүккөн абалда болоору айтылат. Педагогиканын башкы максат-милдеттери да психологиялык абалды эске алуу менен студенттердин жөндөм-шыгын, чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруу, өнүктүрүү экендиги талашсыз.

Жасалга-колдонмо искусстовсу предметинин окуу-тарбия процессинде жаңы, заманбап технологияларды кеңири пайдаланып, мыкты, ары натыйжалуу сабактарды уюштурууга педагогикалык шарттарды туура түзүп, алган билимдерин системалуу, бай запасын камсыз кылуу жана студенттердин чыгармачылык потенциалын, өз алдынча билим алуу ишмердигин өнүктүрүүнүн оптималдуу жолдорун иштеп чыгуу милдеттери коюлду. Мындай милдеттерди ишке ашыруунун бирден-бир багыты болуп – окуу-тарбия процессинде ар бир студенттин аракеттерин жалпылоо жана жекелештирүү, эркиндик берүү, жеке жөндөм-шыгын, чыгармачылык аракеттерин ойготуу, өз алдынча иштөөсүнө шарттарды түзүп берүү болуп саналат.

Жасалга-колдонмо искусство предметтерин студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү процесси катары карап, ал аркылуу улуттук кол өнөрчүлүккө болгон кызыгууларын өнүктүрүп, чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн илимий-педагогикалык шарттары бир катар *факторлордун таасири* менен ишке ашырылышын белгилеп өтсөк:

– жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө салтка айланган сабактарга караганда заманбап жаңы технологияларды, окутуунун активдүү ыкмаларын кеңири пайдалануу жакшы натыйжаларды берет;

– окутуучу-педагогдун чыгармачылык менен иш алып баруусу – педагогдун жасалга-колдонмо искусство предметтеринин тарыхый өнүгүшүн, буюмдардын жасалуу ыкмаларын, өзгөчөлүктөрүн жогорку деңгээлде билиши, ошону менен катар жогорку педагогикалык чеберчилик – педагогикалык этика, сүйлөө чеберчилиги, педагогикалык такт, педагогикалык принцип, моралдык ченемдер;

– жасалга-колдонмо искусство предметтери дисциплинасынын ОМК, окуу-иш программасы, типтүү программасынын дал келип, тандалып алынган программалык материал жана колдонулган методдордун бири-бирине туура келиши;

– сабактын жүрүшүндө окутуучу менен студенттердин ортосундагы өз ара карым-катнаштын туура түзүлүшү;

– жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагын уюштурууга керектүү окуу материалдардын жеткиликтүүлүгү;

– студенттердин билимин баалоо боюнча тапшырмалар, өз алдынча иштеринин жыйынтыктарын, чыгармачылык жөндөмдөрүн туура баалоо.

Ушул факторлорду жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн ички жана сырткы факторлору катары карайбыз. Студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүккө умтулуусу анын керектөөлөрү, кызыгуулары, алардын мотивдеринен түздөн-түз көз каранды.

Педагог В.И. Ядешко, «начар педагог – болгону окуу китебинин, программанын, билим берүү стандартынын транслятору, ал эми жакшы педагог жашоо контекстинде өзүн ойногон актёр болуп эсептелет» – деп белгиленген [210]. Актёр, же артист бул кайсы бир багытта жогорку чоң чеберчиликтин ээси, демек, студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө, креативдүү, чыгармачылык активдүүлүк менен иш алып баруучу чебер педагог болуу зарылчылыгы келип чыгат, себеби ар бир студент «мен кол өнөрчү же сүрөтчү-педагог эмесмин, же мен кол өнөрчүлүктөн сабак алып барбайм» – деген ойго жетеленип, сабактын маанисине анча маани бербеши мүмкүн, бирок бул жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагы аркылуу калыптанган компетенциялары алардын кесиптик ишинде ар тараптан чыгармачылык менен иш алып баруусуна шарт түзүп, чоң жардамга келет, ошону менен катар улуттук улуу баалуулуктарды сактап, жандандырып, келечек муунга үйрөтүүчү креативдүү транцляторлор.

*Креативдүүлүк* же чыгармачылык түшүнүгүн *психология илими* «чыгармачылык – адамдын материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратуусу, бул анын жеке ишмердүүлүгүнө гана тиешелүү көрүнүш» – деп

аныктаса, *эстетика тармагы* «чыгармачылык – бул тигил же бул инсандын өз ишмердүүлүгүндө эстетикалык жаңы баалуулуктарды жаратышы», *педагогика илими* «чыгармачылык – адамдын аң-сезимдүүлүк менен кандайдыр бир максатка баш ийдирилген активдүү жигердүү ишмердүүлүгү» катары карайт.

Мына, ушундан улам окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жүргүзүлүп жаткан ишмердүүлүктүн ийгиликтүүлүгүн камсыздаган педагогикалык шарттарды аныктоо, негиздөө маселеси келип чыгат.

«Шарт» түшүнүгүнүн негизги белгилерин ар түрдүү жагдайда талдасак: *философия илиминде* «шарт» категориясы заттын аны курчаган кубулуштарга, мында салыштырмалуу сырткы объективдүү дүйнөнүн көп түрдүүлүгү затка карата аларсыз жашай албай тургандай болгон мамилесин көрсөтүү катары түшүндүрүлөт. Шарт болсо кубулуштар, процесстер пайда болуп, жашап жана өнүккөн чөйрөнү, жагдайды түзөт [194, 707-б.]

Ал эми В.М. Полонскийдин оюу боюнча: «Педагогдор шартты табигый өзгөрмөлөрдүн, адамдын дене бой, адеп-ахлактык, психикалык өнүгүүсүнө, анын жүрүм-турумуна, инсанды окутуу жана тарбиялоосуна, калыптануусуна социалдык, тышкы жана ички таасирлердин жыйындысы катары карашат», – деп белгилейт [160, 36-б.].

Демек, *«шарт»* жалпы илимий түшүнүк болуп эсептелет. *Педагогикалык жагдайда шарттын маңызы* бир нече жоболор менен мүнөздөлөт: шарт – себептин, жагдайдын, объектилердин жыйындысы, ал адамдын өнүгүүсүнө, тарбиясына жана окуусуна таасир этет. Шарттардын таасири окутуу, тарбия жана өнүгүү процесстерин тездетип же жайлатышы мүмкүн жана алардын динамикасына жана акыркы натыйжаларына таасир этүүсү мүмкүн, бирок, азыркы күндө педагогикалык шарттар деп так, бир нече шартты бөлүп көрсөтүү туура эмес, себеби, бул процесс окумуштуулар тарабынан дайыма жаңыланып, толукталып, изденүүнүн жана изилдөөнүн объектиси.

Шарттар көйгөйү В.И. Андреев [26], Б.В. Куприянов [118], А.Я. Найн [146], Н.М. Борытко [42] ж.б. изилдөөлөрүндө *«педагогикалык шарт»* деген көптөгөн аныктамаларда өзүнүн түшүндүрмөлөрүн таап, «педагогикалык» түргө ээ болууда.

Илимий-теориялык, педагогикалык талдоолордо окумуштуулар – “педагогикалык шарт” түшүнүгүн бир нече багытта бөлүп карашкан.

Педагогикалык шарттар педагогикалык таасирдин кандайдыр бир иш-чараларынын жана материалдык-мейкиндиктик чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы (В.И. Андреев [26], А.Я. Найн [146]):

– иш-чаралардын (комплекси), мазмуну, методдору жана окутуу менен тарбиялоонун уюштуруу формалары (В.И. Андреев [26]);

– коюлган милдеттерди чечүүгө багытталган мазмун, форма, методдор, каражаттар жана материалдык-мейкиндиктик чөйрөнүн объективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы (А.Я. Найн) [146, 44-49-бб.], ал эми С.Н. Павлов «педагогикалык шарттар» концепциясына окутуунун жана тарбиялоонун объективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысын, уюштуруу формаларын жана материалдык мүмкүнчүлүктөрдү киргизүү зарылдыгын тааныйт [155, 14-б.]. А.В. Сверчков инсандын кесиптик педагогикалык маданиятын калыптандыруу процессин башкаруу боюнча ишмердүүлүк процесстерин байланыштыруунун фундаменталдуу негиздерин педагогикалык шарттар катары тааныйт [174, 279-282-бб.]. Педагогикалык шарт деп, Н.М. Борытко педагогикалык процесстин жүрүшүнө олуттуу таасирин тийгизген, кандайдыр бир деңгээлде мугалим тарабынан аң-сезимдүү түрдө курулган, белгилүү бир натыйжага жетишүүнү камтыган тышкы жагдайды түшүнөт [42]. Педагог С.Ф. Анисимов, педагогикалык процесстин иш-чараларынын объективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы, педагогикалык системанын компоненттеринин биринин мазмундук мүнөздөмөсү катары мазмун, уюштуруу формалары, окутуунун каражаттары жана педагог менен билим алуучунун ортосундагы өз-ара карым-катнаштын мүнөзү эсептеген [27].

«Педагогикалык шарттар» түшүнүгүн аныктоо маанилүү болгон бир катар *жоболорду белгилөөгө* мүмкүндүк берди:

1. Педагогикалык шарттар педагогикалык системаны түзгөн элемент, бүтүндөй педагогикалык процесс.

2. Педагогикалык шарттар билим берүүчүлүк – билим берүү субъектилеринин таасир этүү жана өз ара карым-катнашта болуучу максаттуу конструкцияланычуу иш-чаралары: мазмун, методдор, окутуу жана тарбиялоо формалары, билим берүү процессин программалык, методикалык жактан жабдуу мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы.

3. Туура тандалып алынган педагогикалык шарттардын ишке ашуусу педагогикалык системанын иштешинин өнүгүүсүн жана натыйжалуулугун камсыз кылат. Демек, педагогикалык шарттарды билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрдүн жыйындысын чыгылдыруучу, анын натыйжалуу иштешин, өнүгүүсүн камсыздоочу компоненттеринин бири катары карайбыз.

Ушундан улам, илимий-теориялык негизде аныкталган педагогикалык шарттарга таянуу менен жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагын окууту процессинде студенттердин ички потенциалын ачып, ага багыт берип, аны өзүн-өзү өнүктүрүүгө шарт түзгөн педагогикалык шарттарын аныктоо биздин изилдөөбүздүн негизги милдеттеринин бири, анын ийгиликтүү чечилиши изилдөөнүн илимий жаңылыгын түзөт жана анын практикалык маанилүүлүгүн шарттайт.

Биз жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн төмөнкү *педагогикалык шарттарын аныктадык:*

***Биринчи шарт*** – студенттерди окуу ишмердүүлүгүнүн субъекти катары кароо жана окутуу процессин уюштурууда анын мотивациясын, жеке тажрыйбасын жана рефлекцияны максималдуу эске алуу. Аларга биз төмөнкүлөрдү киргиздик: окутуучу жана студенттин ортосундагы өз ара мамиле, билимдерди алууга мотивациялык багыттуулук, студенттердин рефлексиясы, студенттин тажрыйбасын актуалдаштыруу.

Студенттин позициясы өзүнүн билим алуусуна жооптуу мамилени мүнөздөйт. Окутуу процессин уюштурууда педагог тарабынан студенттин мотивациясын эске алуу абдан маанилүү, анткени ал өзүнүн кесиптик позициясы үчүн анын баалуулуктарынын калыптанышын талап кылат.

Демек, муну биз *мотивациялык компонент* деп белгиледик, катуу талап койгон убакыттык чектөөлөрдү алып салуу, педагог менен студенттер ортосундагы байланыштын авторитардык эмес демократиялык стили, тандоо мүмкүнчүлүгү, инсандык жеке өзгөчөлүктөр жана инсанга багытталган окутуу. Бул компонент психологиялык көрсөткүч эрктик жана жоопкерчилик компоненти менен тыгыз байланышта. Окутуунун эрктик компоненти студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүнө социалдык адаптация алышына, андан кийин анын өнүгүшүндө маанилүү ролду ойнойт.

***Экинчи шарт*** – жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түзгөн *керектөөлүүчү материалдык каражаттарды жана техникалык каражаттардын толук болушу:* ыңгайлуу жарык аудитория же өнөркана (мастерская), кол өнөрчүлүккө керектүү болгон каражаттар – тигүү машинасы, станоктор, ийне, жип-шуулардын түрлөрү, боёктор, кыл калемдер, кагаздар, түстүү жүн буласы, түстүү кийиздер, булгаары терилер, чий, жибек жана башка материалдык каражаттар; программада белгиленген усулдук жана чыгармачылык адабияттар, сабак үчүн тандалып алынган жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн топтомун түзгөн каталогдор, иллюстрациялар; окутуунун техникалык каражаттары (ОТК), компьютер, интерактивдүү доска, көркөм кол өнөрчүлүк боюнча слайддары, чыгармачылык видео фильмдер.

***Үчүнчү шарт*** – жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн түрлөрү боюнча жеке жана топтук аткаруу үчүн тапшырмалар *системасын түзүү*.

“Жасалга-колдонмо искусствонун негиздери” дисциплинасы 550600 – “көркөм билим берүү” багытында окуган бакалаврларда профилдик даярдоо дисциплиналарына кирет.

Бул *курсту окутуунун максаттары:*

– жасалга-колдонмо искусствонун теориясынын негиздери боюнча билимге ээ болуу;

– жасалга-колдонмо искусствонун айрым түрлөрү боюнча буюмдарды долбоорлоого жана жасоого чыгармачылык мамилени калыптандыруу жана өнүктүрүү;

– бүтүрүүчүлөрдү билим берүү тармагынын алкагында жана кошумча билим берүү системасында жасалга-колдонмо искусство боюнча окуу процессин ишке ашырууга даярдоо;

– студенттердин руханий маданиятын өнүктүрүү жана калыптандыруу, жалпы адамзаттык баалуулуктар менен тааныштыруу, улуттук маданий мурастарга ээ болуу аркылуу улуттук аң-сезимди, предметтик компетенцияларды калыптандыруу.

– бүтүрүүчүлөрдү көркөм өнөр адистиги боюнча “көркөм билим берүү” тармагынын алкагында жасалга-колдонмо искусство боюнча окуу процессин ишке ашырууга даярдоо.

Бул мактсаттарды ишке ашыруу үчүн дисциплинанын программасын студенттер билиши, өздөштүрүүсү керек болгон *көндүмдөргө, деңгээлине талаптар коюлат:*

– улуттук көркөм маданияттын ажырагыс бөлүгү катары жасалга-колдонмо искусствонун маңызы;

– салттуу кыргыз элдик кол өнөрчүлүгү;

– заманбап жасалга-колдонмо искусствонун үзгүлтүксүздүгү, анын элдик искусство менен тыгыз байланышы;

– элдик искусствонун көркөм системасынын өзгөчөлүгү (кайталоо, вариация, импровизация);

– кесиптик чеберчиликтин негиздери;

– декоративдик композициянын негизги композициялык схемалары жана үлгүлөрү;

– декоративдик композициянын көркөм экспрессивдүүлүгүнүн каражаттары;

– көркөм кол өнөрчүлүктүн негизги түрлөрүн изилдөө процессинде орнамент түзүү;

– кийиз жана башка материалдардын заманбап технологиялык ыкмаларын колдонуу;

– көркөм буюмдарды долбоорлоодо чыгармачылыкты колдоно билүү;

– материалдарды даярдоодо, жасалга-колдонмо буюмдарын жасоодо жана жасалгалоодо ар кандай шаймандарды колдоно билүү.

Демек, бул шартты ишке ашыруу үчүн, максаттарды, талаптарды аткаруу зарылдыгы келип, андыктан тапшырмалар системасы ушул максат жана талаптардын ар бирин эске алуу менен түзүлүшү зарыл. (Тиркеме №2, №3, №4).

***Төртүнчү шарт*** *– баалоо аркылуу* студенттердин кол өнөрчүлүккө болгон чыгармачылыгын *активдештирүү*.

Баалоонун калыптандыруучу, жыйынтыктоочу түрлөрү аркылуу калыптанган предметтик компетенцияларын баалоо. Педагогикалык иш-аракеттердин негизги принциби – билим алуучулардын өнүгүүсүнө көмөктөшүү болуп саналат – деп педагогдор А. Буркитова жана О. Дудкина белгилеп өткөндөй, баалоо да студенттердин өсүшүнө шарт түзөт.

*Билим берүү системасындагы балоо* – бул окутуудагы жетишкендиктерди ченеп-өлчөөчү жана андагы проблемаларды диагноздоочу, кайтарым байланышты жүргүзүүчү, билим берүү процессинин катышуучуларын, б.а. окуучуларды, студенттерди, мугалимдерди, ата-энелерди жана мамлекетти, билим берүүнүн абалы, проблемалары жана ийгиликтери жөнүндө кабардар кылуучу негизги каражат. Окуу жетишкендиктерди баалоо системасы – бул билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын – студенттердин пландалган билим берүү

натыйжаларына жетишүүсүн, баалоо, билим берүү процессинин маанилүү элементи.

Демек, студенттердин чыгармачылык автивдүүлүгүн *баалоо* – жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагында окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү процесси.

*Баа берүү* – бул баалоо процессинин натыйжасы, баалоо боюнча ишмердик же иш-аракет, сапаттуу кайтарым байланыш маалыматы.

*Белги* – бул символ, студенттердин окуу жана чыгармачылык жетишкендиктерин цифралар, тамгалар же башкача түрдө формалдуу-шарттуу, сан менен чагылдыруу.

*Балл* – тестти же анын тапшырмасын аткаруунун жыйынтыгын белгилүү бир шкала боюнча баалоо үчүн алынган бирдик.

*Компетенция* – предметтердин жана процесстердин белгилүү бир чөйрөсүнө байланыштуу жана алар менен сапаттуу, продуктивдүү ишмердик жүргүзүү үчүн зарыл болгон, өз ара байланыштуу инсандык сапаттардын (билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн, ишмердүүлүктөрдүн) жыйындысы.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү аркылуу предметтик компетенттүүлүктөрүн төмөнкүлөр аркылуу баaладык:

– жасалга-колдонмо искусство предметтери предмети боюнча теориялык билимдердин топтолушу, б.а. кыргыз элинин жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгү боюнча студенттердин терең теориялык билимдерге ээ болушу;

– колдонмо жасалга өнөр буюмдарын мүнөздөп айтып берүүсү, өнөр буюмдарынын багыттарын, б.а. саймачылык, зергерчилик, курак, кийизчилик боюнча талдап, түшүнүктөрүнүн калыптанышы;

– коллективдүү жана жекече иш жасоо, бул ар бир жасалга-колдонмо искусство предметтеринин багыттары боюнча практикалык негизде

чыгармачыл ишти көрсөтүү, чийден, кийизден, саймадан, курактан панно, сумка, шарф ж.б.;

– көркөм чыгармачылык ишмердүүлүктүн түрлөрүндө чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн жыйындысы, демек, жасалга-колдонмо искусстовсунун ар кандай багыттары боюнча бир нече чыгармачыл иштердин топтому;

– студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери предметини чегинде жасаган чыгармачыл иштери, көргөзмө-презентациялар, портфолио. Курстук жана квалификациялык иштер ж.б.

Баа берип, белги коюю педагогикалык баалоо процессинде студенттердин окуу жетишкендиктерин натыйжалуу баалоо максатында баалоонун ар түрдүү каражаттарын, б.а. багыттарын – *аныктоочу, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу* (диагностикалык, формативдик жана суммативдик) баалоолорду пайдаланып, студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери дисциплинасы боюнча чыгармачылык активдүүлүгүнүн деңгээлдерин аныктадык.

*Диагностикалык (аныктоочу) баалоо* – студенттердин предметтик компетенцияларынын калыптанышынын баштапкы деңгээлин аныктоо, окуу жылынын башында предметти окуп-үйрөнүүнүн башында биринчи сабактарда жүргүзүлдү. *Аныктоочу баалоонун максаты* – окутуунун максаттарына карата алганда студенттердин предмет боюнча курсту окуп-үйрөнүүнүн башында кайсыл жерде тургандыгы жөнүндө маалымат алуу.

*Ал эми формативдик (калыптандыруучу) баалоо* – студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча окуп-үйрөнүүсүнө, чыгармачылык аракеттенүүсүнө максаттуу үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү процесси. Формативдик баалоо көбүнчө баа коюлбаган баалоо болуп саналат. Ал баалоону критерийлерге ылайык жүргүзүүгө негизделип, кайтарым байланыштын болушун талап кылат.

*Формативдик баалоонун максаты* – окуу процессинде педагогдун студенттердин чыгармачыл ишмердигине түзөтүү киргизүү, туура жолго багыттоо. Формативдик баалоо педагогдун студенттердин окуп-үйрөнүү

максаттарына карата илгерилөө процессинин алгачкы этаптарында көзөмөлдүк жүргүзүүгө мүмкүндүк түзүп, ага окуу процессине түзөтүүлөр киргизүүгө, ал эми студенттерге өзүнүн билим алуусу үчүн жогорку даражадагы жоопкерчилигин сезе билүүсүнө жардам берет.

*Суммативдик (жыйынтыктоочу) баалоо* – предметти, теманы, бөлүмдү белгилүү мезгил ичинде окуп-үйрөнүүнү аяктоодо, билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн калыптаныш деңгээлин аныктоого арналат. Суммативдик баалоо ар түрдүү текшерүү иштеринин түрлөрүн аткаруунун натыйжалары боюнча жүргүзүлөт. Текшерүү иштерине коюлган баалар жыйынтыктоочу бааларды аныктоо үчүн негиз болуп саналат.

*Суммативдик баалоонун максаты* –студенттердин белгилүү мезгилдин аралыгында билимди өздөштүрүүнүн жана билгичтиктер менен компетенттүлүктүн калыптангандыгын деңгээлин аныктоо жана алынган натыйжалардын стандарттын талаптарына шайкештигин аныктоо.

Ушундан улам, баалоонун бир эле жолун колдонуу натыйжа бербейт. Ар түрдүү техниканы колдонуу студенттерге өзүнүн ийгиликтерин ар кыл жолдор менен көрсөтүүгө түрткү берет. *Мисалы*, *өзүн-өзү баалоо*, бири-бирин баалоодо кемчиликтери жана аларды жоюунун жолдору да чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүгө чоң шарт түзөт. Өзүнүн жетишкендиктерин баалоо, каталарын түзөтүү, өз алдынча иштөө, өзүн-баалоо ыкмалары калыптанат. Студенттердин “өзүн-өзү баалоо, бири-бирин баалоо” критерийлерге карата баалоого негизделүүсү ар бир сабактын жыйынтыктоочу этаптарында төмөндөгү суроолорго таянуу менен ишке ашырылат: *иштеги ийгиликтериң жана кемчиликтериң? иште кандай кыйынчылыктар кездешти? эң кызыктуу эмне болду? иш процессинде эмнелерди үйрөндүң? эмнелер жакты, эмнелер жаккан жок?*

*Бири-бирин баалоонун артыкчылыгы* – студенттер башкалардын ишинин мыкты жана начар жактарын байкоо менен өзү да өсүү менен өз кемчилигин талдай билет. Мында “Кош жылдыз жана каалоо” – деген ыкманы колдонсо ылайык. Өз ара бири-биринин чыгармачыл жасаган ар кандай

иштерин баалашат. Жакшы жазылган жерине – “кош жылдыз”, толуктай турган жерине “каалоо” жазылат. Бул баалоо аркылуу сынчыл ой жүгүртүү аркылуу студенттер жеке баамдоо, баалоо иштерди ишке ашырышат.

*Муну менен катар тест аркылуу баалоо* – студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери предметтин мазмунун түшүнгөнүн жана билгенин текшерүү максатында өткөрүлөт. Тесттер калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоодо колдонулат. Тесттин жыйынтыктары студенттер үчүн татаал деп саналган тигил же бул теманы мыкты өздөштүрүүгө жардам берет. Тест баалоонун көптөгөн формаларынын бири гана болгондуктан, баалоонун башка методдору менен айкалышып колдонулат: *даяр жооптордун ичинен бир жоопту тандаган тест; даяр жооптордун ичинен бир нече жоопторду тандаган тест; сунушталган жооптордогу байланышты тапкан тест; “туура”, “туура эмес” жооптуу тест; жоопсуз тест, суроолор жана жооптор*. Бул баалоону жеке, экиден бир же бир нече топко бөлүп, предметти өздөштүрүү боюнча жалпы баалоого маалымат алууга болот.

Бул педагогикалык шарттарды ишке ашырууда жасалга-колдонмо искусство предметтеринин материалдарын атайын окуу-тарбия процессинде колдонууда төмөндөгүлөрдү кошумча катары сунуштап, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө аракет кылдык:

– студенттердин көркөм өнөрдүн баалуулуктарына кызыгуусун, керектөөсүн калыптандырууда теориялык терең маалымат берүү менен, практикалык иштерди алып баруу үчүн шарттарды түзүү;

– жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча студенттердин өз алдынча иштерине реферат, курстук жана квалификациялык (дипломдук) иштерге кыргыздын жасалга-колдонмо искусство предметтерине байланыштуу темаларын киргизүү;

– студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү максатында каралган сааттан тышкары убактарда да жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча курстарды, ийримдерди уюштуруу;

– жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө элдик педагогиканын негиздерин жетекчиликке алуу керектиги;

– студенттердин теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктү кесип катарында калыптанышы менен экономикалык-турмуштук маанисин байланыштыруу жана ишкерлердин жөндөм, шыктарын иш жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүү, тажрыйба алмашуу, алдыңкы тажрыйбаларды колдонуу;

– жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктү студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө окутуу жана тарбия технологияларын жана таасирдүү усулдарды натыйжалуу пайдалануу.

Жасалга-колдонмо искусство предметтеринде студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча сабактар эки багыт боюнча жүргүзүлдү:

1. жалпы активдүү ой-жүгүртүү ишмердүүлүктү, предметтик компетенцияларды калыптандыруу теориялык жана практикалык сабактарда;

2. жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин жеке чыгармачылыктарын, өз алдынча жана окутуучунун колдоосунун алдында практикалык негизде ишке ашыруу.

Студенттердин чыгармачылыгын калыптандырууга педагогикалык шарт түзүү алгач модель катары көрсөтүлүшү керек. Модель билимдердин системасын түзүүчү жана максат, милдеттерди, мазмундук бөлүктү, уюштурууучулук ишмердүүлүктү, жыйынтыктоочу, баалоочу бөлүктөрдү өзүнө камтыйт.

Чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдүн калыптанышын моделдөө үчүн зарыл:

– белгилүү бир объекттин түзүлүшүн түшүнүү-анын структурасы, негизги касиеттери, өнүгүү жана өз ара аракеттенүү мыйзамдарын билүү;

– объектти аныктап, белгиленген максаттар үчүн милдеттерди так коюп, аны ишке ашыруунун мыкты жолдорун аныктоо жана критерийлерин оптималдаштыруу;

– объектиге, процесске таасир этүүнүн белгиленген ыкмаларын жана формаларын ишке ашыруунун натыйжалары;

– өзгөртүүлөрдү киргизүү жана алынган жыйынтыктарды баалоо.

Иштелип жаткан модель – модель болжолдонгон аракеттердин жана процесстердин, компоненттери долбоорлонгон системанын элементтеринин жыйындысын бириктирген функционалдык түйүндөр болуп саналат.

Моделдин компоненттери:

– коомдун, инсандын жана билим берүү практикасынын керектөөлөрүн мүнөздөө;

– ЖОЖдо декоративдик-прикладдык иштерди уюштуруунун максаты;

– чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүнүнү педагогикалык шарттары;

– максатты ишке ашыруунун мазмундук каражаттары;

– максатты ишке ашыруунун технологиялык каражаттары;

– студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн, билим берүүнүн критерийлери.

Биздин моделди иштеп чыгуу ишке ашырылган негизги системалар жана ишмердүүлүк ыкмалар. Мүмкүндүк берген системалуу мамиле жөндөмдөрдүн татаал түзүлүшүн түшүнүү моделин иштеп чыгууга мүмкүндүк берген бирдиктүү система катары студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн. Ишмердик мамиле бизге мүмкүнчүлүк берди кесиптик көркөм жана кол өнөрчүлүк иш-өзгөчөлүктөрүн жана структурасын аныктоо үчүн, критерийлерди жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү көлөмүн бөлүп көрсөтүү.

Леонтьев чыгармачылыктын негизи катары жүйөлүү иш-аракетти жана анын курамына кирген максаттуу жана өз ара байланышкан иш-аракеттерди белгилейт, иш-аракеттин натыйжасына жетишүү үчүн колдо болгон шарттарды жана каражаттарды пайдаланууну камсыз кылуу.

Жасалга-колдонмо чыгармачылык конкреттүү иш-аракет болуп саналат, көркөм кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү жана байытуу менен байланышкан.

Иш-аракет теориясына таянуу А. Н. Леонтьева, модели иштелип чыккан чыгармачылыкты калыптандыруу көркөм кол өнөрчүлүк аркылуу мугалимдердин билиминин студенттери, ал сүрөттө көрсөтүлгөн [145].

Кененирээк берилген моделди карап көрөлү.




| | |
|---|---|
| Жалпы илимий, жалпы профессионалдык-педагогикалык (ПК, ОК), атайын, кесиптик (КК), | Студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүгү жогорку деңгээлге жетиши, жасалга-колдонмо өнөрүнүн аталган түрлөрү боюнча билимдеринин, билгичтиктеринин, көндүмдөрдүн калыптанышы, маданий, маалыматтык |

**1-сүрөт. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн модели**

Сунушталган моделдин максаты – студенттердин чыгармачылык жөндөмүн калыптандыруу көркөм кол өнөрчүлүк аркылуу. Аныктама боюнча кеңири социалдык билим берүүнүн максаты мааниси болуп саналат адамзаттын тынымсыз көбөйгөн тажрыйбасын муундан өткөрүп берүү муундарга. Бул учурда, ал бөлүп көрсөтөт мазмундук-инсандык мааниде билим берүүнүн максаты (адамдын инсандыгынын бардык тараптарын

генетикалык жана социалдык программаларга ылайык калыптандыруу, анын кайталангыс индивидуалдуулугун кошкондо), ошондой эле социалдык-экономикалык (адамды эмгекке даярдоо).

Бул бир катар пикирлерди кайталайт авторлор, алар ошондой эле заманбап билим берүүнүн максатын ага керек болгон инсандык жөндөмдөр өзү жана коом.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөнүн үчүнчү милдети педагогикалык шарттарын аныктоо менен жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн бирден бир баалуу негизи катары белгилейбиз.

## ЭКИНЧИ ГЛАВА БОЮНЧА ТЫЯНАК

Илимий изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиялык негиздери аталышындагы экинчи главада жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктап, аларды чечмелеп, ар бир шарттын өзгөчөлүгүн ачып бердик жана жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн методологиялык негиздерин талдадык.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери курсун окууту процессинде жаңы, заманбап технологияларды кеңири пайдаланып, натыйжалуу сабактарды уюштурууда педагогикалык шарттарды туура түзүп, билимдерин системалуу, бай запасын камсыз кылуу, студенттердин чыгармачылык потенциалын, өз алдынча билим алуу ишмердигин өнүктүрүүнүн оптималдуу жолдорун иштеп чыгуу милдеттери коюлган. Мындай милдеттерди ишке ашыруунун бирден-бир багыты – окуу-тарбия процессинде ар бир студенттин аракеттерин жалпылоо-жекелештирүү, эркиндик берүү, жеке жөндөм-шыгын, чыгармачылык аракеттерин ойготуу, өз алдынча иштөөсүнө шарттарды түзүү экенин белгилеп, *“шарт”, “педагогикалык шарт”* түшүнүктөрүнө талдоо жүргүзүп, жасалга-колдонмо искусство предметтери курсун окутуунун негизинде студенттердин чыгармачылык активдүүлгүн өнүктүрүүгө чоң

өбөлгө болгон педагогикалык бул шарттарды бөлүп көрсөттүк, себеби, педагогикалык шарттар коюлган милдеттерди чечүүгө багытталган мазмун, форма, методдор, каражаттар жана объективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы: *биринчи шарт* – студенттерди окуу ишмердүүлүгүнүн субъекти катары кароо, окутуу процессин уюштурууда анын мотивациясын, жеке тажрыйбасын жана рефлексияны максималдуу эске алуу, *экинчи шарт* – жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түзгөн *керектөөлүүчү материалдык-техникалык каражаттардын толук болушу, үчүнчү шарт* – окутуучу менен студенттердин бирдикте иш алып баруусу: туура тандалып алынган методдор, жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн багыттарынын бардык түрүн камтыган чыгармачыл тапшырмалардын системасын аткаруу. *Төртүнчү шарт* – жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагында жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн түрлөрү боюнча жеке жана топтук аткаруу үчүн тапшырмалар *системасын түзүү*. *Бешинчи шарт – баалоо аркылуу* студенттердин кол өнөрчүлүккө болгон чыгармачылыгын *активдештирүү,* демек, баалоонун калыптандыруучу, жыйынтыктоочу түрлөрү аркылуу калыптанган предметтик компетенцияларын баалоо. Изилдөөнүн үчүнчү милдети болгон педагогикалык шарттарды аныктоо жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн бирден бир баалуу негизи катары белгиледик.

Ошону менен катар студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү *бир нече факторлордун таасири* менен ишке ашырылышын атап өттүк: салтка айланган сабактарга караганда заманбап жаңы технологияларды, окутуунун активдүү ыкмаларын кеңири пайдалануу; окутуучу-педагогдун чыгармачылык менен иш алып баруусу – жогорку педагогикалык чеберчилик, педагогикалык этика, сүйлөө чеберчилиги, педагогикалык такт, педагогикалык принцип, моралдык ченемдер; жасалга-колдонмо искусство предметтери дисциплинасынын ОМК, окуу-иш программасы, типтүү

программасынын дал келип, тандалып алынган программалык материал жана колдонулган методдордун бири-бирине туура келиши; сабактын жүрүшүндө окутуучу менен студенттердин ортосундагы өз ара карым-катнаштын туура түзүлүшү; жасалга-колдонмо искусство сабагын уюштурууга керектүү окуу материалдардын жеткиликтүүлүгү; студенттердин билимин баалоо боюнча тапшырмалар, өз алдынча иштеринин жыйынтыктарын, чыгармачылык жөндөмдөрүн акыйкат, туура баалоо.

Экинчи милдетти толук ишке ашырууда изилдөөнүн методологиялык негизин, принциптерин жана конкреттүү методдорун тактап, изилдөө проблемасы боюнча илимий теориялык-методологиялык изилдөөлөрдү талдоо, аңгемелешүү, анкета, педагогикалык байкоо, анализ, синтез, педагогикалык эксперимент колдонулду. Теориялык талдоо изилдөөнүн актуалдуулугун аныктоо, илимий-изилдөөдө мурунку изилдөөлөрдү критикалык баалоодо колдонулду: *биринчи*, изилдөө проблемасы боюнча илимий теориялык-методологиялык изилдөөлөрдү, философиялык, психологиялык, педагогикалык, искусство таануу адабиятынын, ошондой эле элдик жана жасалга-колдонмо искусство боюнча илимий эмгектердин *теориялык анализи* жүргүзүлүп, мисалдар менен берилди. *Экинчи*, көркөм билим берүү багытындагы факультеттерде окутулуучу жасалга-колдомо искусствосу курсу боюнча окуу программаларын жана мамлекеттик билим берүү стандарттарын талдоо. Бул талдоодо, К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун көркөм сүрөт кафедрасы, ОшМУнун Искусство факультетинин көркөм өнөр искусствосу жана И. Арабаев атындагы КМУнун Искусство жана дизайн факультетинин көркөм өнөр багытындагы окуу программалары талдалып, *курсту окутуунун максат, милдеттери, курсту окутууга коюлган талаптар* жана *программанын мазмундук тилкесине т*ерең талдоо берилди. *Үчүнчү,* илимий эксперимент жасалга-колдонмо искусство сабагы аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуу методикасын табуу үчүн негиз катары уюштурулду. Мында негизинен *эмпирикалык методдор колдонулду:* педагогикалык экспериментти *уюштуруу*

жана *жүргүзүүдө* студенттердин жасалга колдонмо искусствосу сабагында чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн окуу процессинде байкоо, салыштыруу жана жалпылоо методдору аркылуу студенттердин алгачкы билим деңгээлдери аныкталып, жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн модели түзүлдү.

Жыйынтыктап айтканда, аныкталган педагогикалык шарттар, методологиялык негиздер жасалга-колдонмо искусство предметтеринин бардык түрлөрү боюнча студенттердин теориялык да, практикалык да көндүмдөргө ээ болушуна өбөлгө болуп, чыгармачылык активдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.

# III ГЛАВА. ЖАСАЛГА-КОЛДОНМО ИСКУССТВО ПРЕДМЕТТЕРИ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

## III.1. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган педагогикалык эксперименттин жүрүшү

**Педагогикалык эксперимент үч этапта** жүргүзүлүдү.

**1-этап.** (2021-2022-жж.). Көйгөйдү үйрөнүү жана изилдөө боюнча тажрыйбалык-педагогикалык иштер. Көркөм өнөр багытында билим алган

студенттердин жалпы жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк боюнча билим деңгээли, көркөм кол өнөрчүлүккө болгон чыгармачылык аткивдүүлүгү талдалып, эксперименттин максаты, милдеттери аныкталды.

**2-этап**. (2022-2023-жж.). Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү аныктоочу эксперименттик иш, анын жүрүшүндө анкета, тесттер, суроо-жооп жазуу түрүндө, анализ, аркылуу алардын жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк боюнча билим деңгээлдери аныкталып, жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк искусствосу сабагы аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн *жогорку, орто, төмөн ченемин* аныктадык.

**3-этап.** Текшерүүчү-жыйынтыктоочу эксперимент. (2023-2024-жж.) Жыйынтыктоочу этапта эксперименттик топ менен текшерүүчү топтун жыйынтыктары белгиленген үч деңгээлдик – жогорку, орто жана төмөн көрсөткүчтөр менен салыштырылып, анализделди.

Эксперименттин жыйынтыктарын салыштырып чыгаруу максатында эксперименттик топ И. Арабаев атындагы КМУнун Искусство жана дизайн факультетинин көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасында көркөм өнөр багытында билим алган студенттерден, ал эми текшерүүчү топ К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин көркөм сүрөт жана жасалга-колдонмо искусство предметтери багытында билим алган студенттерден түзүлдү. Эксперименттик топто 28 студент, текшерүүчү топто 28 студент катышты.

Аныктоочу эксперименти изилдөөдө негизги мааниге ээ болуп эсептелет. Ошондуктан, изилдөө ишибиздин аныктоочу этабында жогорку окуу жайындагы студенттердин жасалга-колдонмо кол өнөр үлгүлөрү аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү; ишкердик-ишмердик өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу билим, билгичтиктерин өнүктүрүү мазмунун талдоо; ошол аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн билим берип, үйрөтүү иштерин натыйжалуу уюштуруу усулдарын аныктап алуу максаты коюлду.

Эксперимент жүргүзүүнүн баштапкы этабында эле изилдөө иштеринин бардык багыттарын сапаттуу уюштурууга карата даярдыктар көрүлдү. Алар:

– тажрыйба иши башталганга чейин студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери туралуу түшүнүктөрү, билим деңгээли менен чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү аныктоо үчүн суроолор, текшерүүнүн түрлөрү, өлчөмдөрү белгиленди;

– студенттердин кол өнөрүнө болгон көркөмдүк-чыгармачылык кызыгуусу менен ишкерликтерин пландоого, уюштурууга арналган педагогикалык методикалык маселелерди изилдөө менен анын максатына карата иликтеп, атайын программа түзүлдү;

– практикалык сабактар жана өз алдынча иштөө программасынын мазмунуна, тажрыйбалык иштердин милдеттерине жараша аныкталган окуу-усулдук көрсөтмө куралдар жана алардын кызыгуусун арттырып изилдөө, түшүнүү, үйрөнүү мүмкүндүктөрүнө ылайыктуу кыргыз элинин жасалга-колдонмо искусство предметтеринин үлгүлөрү коюлду;

– атайын жабдылган өнөрканада (мастерской) жасалга кол өнөрдүн көркөм үлгүлөрү жана студенттердин өздөрү жасаган буюмдардан көргөзмө уюштуруп, андагы жасалга-колдонмо кол өнөр бурчу, атайын материалдык-каражаттар менен камсыздандырылды.

Аныктоочу этапта эксперимент өткөрүүдө тажрыйбалык иштер менен катар теориялык билимдерин аныктоо үчүн сурамжылоо, суроо-жооп (анкета), аңгемелешүү, пикир алмашуу, даярдалган буюмдарга талкуу жүргүзүү, байкоо ж.б. усул-ыкмалары колдонулду. Студенттердин билим жана билгичтик деңгээлин аныктоо максатында кол өнөрчүлүк жөнүндө аңгемелешүү, пикир алмашуу жана сурамжылоо өткөрүлдү. Анкета колдонуу 2 группанын алкагында жүргүзүлдү. Аныктоочу этапта студенттердин кол өнөрчүлүгүнө болгон түшүнүктөрү, мамилеси, билим деңгээли, жалпы кызыгуусун, көркөмдүк табитин аныктоо, практикалык жөндөмдүүлүктөрүн байкоо; өз алдынча изденүү аракеттерин жана шыктарын билүү, жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктү билүү ынтаасын аныктоо, жасоо технологиясын өздөштүрүү

деңгээлин жана педагогикалык шарттарды ишке ашыруунун мүмкүндүгүн аныктоо милдеттери коюлду. Мында жогоруда белгиленген кол өнөрчүлүк боюнча студенттердин чыгармачылык маданий деңгээлдеринин белгилери, өлчөмдөрү жана көрсөткүчтөрү негиз катары алынды.

Ушул өткөрүлгөн иштердин негизинде жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү деңгээли жана баштапкы билим, билгичтиги аныкталды. Кыргыздын кол өнөрчүлүгүнө болгон таанымдык, табиттик көз караштары, андагы ишкердүүлүк, билгичтик жана чеберчилик жөндөмдөрүнө байкоо жүргүзүлдү. Бул тажрыйба студенттердин аныктоо этабына чейинки көрсөткүчтөрүнө салыштырып өткөрүлүп, атайын уюштурулган сабактарда алардын билимдери менен түшүнүктөрү жана түрдүү композициялык иштерди өткөрүүдө алардын чыгармачылык активдүүлүк сапаты аныкталды. Ушул жагдайды эске алып, Жасалга-колдонмо искусство предметтеринин адамдын турмушундагы көркөм эстетикалык мааниси туралуу студенттердин ой-пикирлери жана түшүнүктөрү суроолор аркылуу аныкталды. Өзгөчө, студенттердин түшүнүктөрүн калыптандырып, өнүктүрө турган иш-аракеттин түрлөрүн, ар бир сабакта алар өздөштүрүүгө тийиш болгон маселелердин мазмунун билүүдө алардын билим деңгээли менен билгичтигин текшердик. Натыйжада, жасалга-колдонмо искусство предметтеринин көркөм эстетикалык маанисин, анын студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдөгү орду туралуу, студенттердин билимдеринин жетишсиздиги белгилүү болду. Берилген жоопторду талдап, студенттердин кол өнөрчүлүктүн таанымдык, табиттик, тарбиялык маанисин, жалпы үлгүлөрдү жасай билүү, аларды материал менен буюмдарга түшүрүү, саймалоо, басуу, чаптоо, чырмоо, токуу ж.б. буюмдарынын үлгүлөрүнүн сырткы көрүнүшү менен тааныштыруу сыяктуу иш-аракеттеринин чектелүү, бир жактуу экени байкалды.

Изилдөө ишибиздин коюлган милдеттерине карай студенттердин берген жоопторун баалоо жана сапаттык деңгээлин аныктоо үчүн жалпы суроолорду төмөнкүдөй маселелерге байланыштуу эки топко бөлүп карадык.

1. Студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтеринин башка өнөр түрлөрүнөн айырмачылыгы туралуу билим деңгээлин аныктоо.

2. Жасалга-колдонмо искусство предметтеринин адамдын жашоосундагы мааниси, таалим-тарбиялык маңызы жана студенттерди кол өнөрчүлүккө үйрөтүүдөгү иш-аракеттердин максат-милдеттерин аныктоо даражасын текшерүү.

3. Бир канча туура жооптор композициялык үлгүлөрдүн (эскиздер) түсү, түрлөрү, маанисине байланыштуу жана жасалга буюмдардын жасоого керектүү материалдар менен каражаттар туралуу суроолор берилген. Ошентсе да студенттердин жообунан жалпы кол өнөрчүлүк буюмдарынын жана андагы берилген оймо-чиймелердин композициясындагы көркөмдүк-эстетикалык жасалгалардын өз алдынча буюм катары каралбай, кооздоо, көркөмдөөдө колдоно турган композиция экенин түшүнө албаганын аныктадык. Берилген суроолордо студенттер көркөм композициядагы түрлөрдү жана оюмдарды жаратылыштагы жаныбарларга, табияттагы өсүмдүк үлгүсүнө окшош экенин белгилеп, алардын пайда болуу себебин, бири-биринен өзгөчөлүгүн, кандай буюмдарды кооздоодо колдонулганын жана кооздоо ыкмаларын баяндоо менен чектелишти. Жасалга-колдонмо кол өнөр буюмдарына керектүү материалдарга байланыштуу суроого – жүн, пахта, жибек, кездеме, кендир, жыгач, тери, сөөк, металл (алтын, күмүш, коло, жез), гипс, баалуу табигый таштар ж.б. атоо менен аларды даярдоо технологиясы жана колдонуусу туралуу жооп беришкен. Ошол материалдардан жасала турган буюмдун колдонулушуна, өңүнө, сырткы түзүлүшүнө карай чеберлердин тандап алуу жолдору жөнүндө студенттердин берген маалыматтары жетишсиз болду. Мындан жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк, көркөм-эстетикалык жасалга куралдар, жасоо принциптери туралуу студенттердин ишкердик билиминин таанымдык деңгээлде эместигин, түшүнүктөрүнүн үстүрттөн, терең эмес экенин байкадык.

Аныктоочу этапта студенттердин практикалык жөндөмдүүлүгүн ар тараптан байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, аңгемелешүү жана даяр буюмдарга

талкуу жүргүзүү, атайын уюштурулган сабактар аркылуу жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн деңгээлин төмөндөгүчө мүнөздөдүк. Анын натыйжасы 1-таблицада берилди.

**Таблица № 1. 3. - Эксперименттин баштапкы этабында студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча чыгармачылык активдүүлүк деңгээлдеринин мүнөздөмөсү (аныктоочу этап)**

| Деңгээлдер | Жогорку деңгээл (креативдик) | | Ортоңку деңгээл (эвристикалык) | | Төмөнку деңгээл (репродуктивдик) | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эксперименттик топ, 28 саны | Саны | % | Саны | **%** | Саны | % |
| | 4 | 14% | 10 | 36% | 14 | 50% |
| Текшерүүчү топ 28 саны | 4 | 15% | 14 | 39% | 10 | 46% |





**Диаграмма 1.3. – Эксперименттин баштапкы этабында студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча чыгармачылык активдүүлүк деңгээлдеринин мүнөздөмөсү (аныктоочу этап).**

Суроолордун 1-вариантында алынган маалыматтардан жасалга-колдонмо искусство предметтеринин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу жасоо техникасы менен технологиясы тууралуу жана анын башка өнөр түрлөрүнөн маанилик-мазмундук чыгармачылык айырмачылыгы жана алар менен өз ара композициялык бирдейлиги жөнүндөгү билимдеринин жетишсиздиги байкалды.

Таблицада көрсөтүлгөн маалыматтарды талдасак, сурамжылоого катышкан студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери туралуу билимдеринин 1-варианттагы көрүнүшү орточо деңгээлде экенин көрөбүз. Мисалы: студент-практиканттардын жасалга-колдонмо искусство предметтери туралуу суроолорго берген жоопторунун туурасы – 42% түздү.

Сурамжылоого катышкан студенттердин 2-варианттагы суроолорго бардыгы 28 жооп берилип, анын 18-и туура деп табылды (60%).

Аныктоочу эксперименттин мезгилинде бир топ студенттер кыргыз элинин жасалга-колдонмо искусствосунда көркөм-эстетикалык чыгармачылык бар экендигин, бирок ал туралуу түшүнүгү жана анын түзүлүш компоненттери жөнүндө, өнөрдүн бул түрү боюнча түшүнүгүнүн аз экенин, аларга деген кызыгуунун бардыгын белгилешкен. Бүгүнкү күндө окуу-тарбия процессине кол өнөрдү кошуу жана ага болгон талаптын жогорулап турганын, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн кол өнөрү аркылуу өнүктүрүү жана башка да өнөрчүлүк элдин чыгармачылыгын, алардын түрлөрү, пайда болуу тарыхын, мазмундук өзгөчөлүктөрүн, тарбиялык мүмкүндүктөрүн жете билбегени, жасалга-колдонмо искусство предметтерин жакшы билген студенттердин көпчүлүгү билгендерин практикада пайдалануу жолдорун өздөштүрбөгөнү, кээ бир студенттердин практикалык сабакта жана аудиториядан тышкаркы иштерде пайдалана албаганын айтышты. Студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мааниси туралуу билимдерин текшерүү үчүн өткөрүлгөн сурамжылоонун «жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү жөнүндөгү түшүнүгүңөр кандай?» деген чоң суроого студенттер төмөнкүчө жооп берди: «жасалга-колдонмо өнөрү биздин кыргыз элинин баалуулуктарынын бири», «Атадан-балага, энеден-кызга, муундан-муунга өтүп келе жаткан улуу мурас» ж.б.у.с. жоопторду беришти. Бул жооптор студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтеринин чыгармачылык маанисин жөн гана токуу, чырмоо, жасоо, басуу, саймалоо, жыгачты

көркөмдөп иштетүү жөнүндө гана билгендигин, анын башка бөлүктөрү жасалга-колдонмо искусство предметтеринин бири-бири менен тыгыз байланышын, социалдык-педагогикалык көрүнүш экендигин билбегендери белгилүү болду.

Аныктоочу эксперимент учурунда студенттер менен пикир алышканда «Чыгармачылык деген эмне?», «Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө болобу?» дегенибизде алардын 48%ти «Чыгармачылык – бул адам баласынын жан дүйнөсүнө бүлүк салып оргуштаган талант же болбосо шык, жөндөм», экинчи суроого «Чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүгө болот» деп 63%ти, «Кантип өнүктүрүүгө болот?» деген суроого «Жасалга-колдонмо искусство предметтери, материалды көркөм иштетүү, композиция, дизайн сабактары аркылуу» деп жооп беришкен.

Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу өнүктүрүү тажрыйбалык иш-аракет үчүн өтө маанилүү маселелердин бири болгондуктан, изилдөөчүлөрдүн айтуусуна караганда, ал жагы адамдын психикасынын өнүгүүсүнө таасир этип, билим-билгичтигин арттырат. Чыгармачылык кызыгуу менен алган билим терең да, сапаттуу да болуусу менен айырмаланат. Чыгармачылык кызыгуучулук өз алдынча изденип билим алууга, иш-аракетин уюштурууга түрткү болот. Биз изилдеп жаткан маселе жагынан алып карасак, улуттук жасалга-колдонмо кол өнөр түрлөрүн жасоого, анын белгилүү бир түрүн жете өздөштүрүүгө умтулууларын көрсөтөт. Ушул багыттагы иш-аракет чыгармачылык активдүүлүккө негизделгендиктен, жигердүү, белсемдүү, терең жана чыгармачыл болуп, изденүүчүлүк иш-аракетинин натыйжалары кубандырат.

Аныктоочу эксперименттин натыйжасында төмөнкү маселелер: көркөм чыгармачылык эстетикалык баалуулуктардын жашоодогу маанисин, анын керектигин студенттердин түшүнө албаганы, буюмдарды жасоо технологиясына кызыгууларынын төмөндүгү, көркөмдүк табитинин

жетишсиздиги, жаңы идеяларды өз аракетинде пайдалана албагандыгы байкалды.

Эксперименттин алгачкы этабында жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча бир канча маселелер аныкталды. Ушул маселелердин оң чечимин табуу үчүн эксперименттин максатына ылайык кийинки аткарыла турган иштердин багыттары такталды. Аныктоо этабын тактап алгандан кийин, эксперименттин экинчи этабын карап көрөлү. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн биз аныктаган педагогикалык шарттарын окуу процессине киргизүү менен «Жасалга-колдонмо искусство предметтеринин негизи» аттуу атайын программасындагы билим, билгичтик мазмунун окуу, тарбия иштеринде колдонулуп, иш жүзүндө кандай натыйжа берерин текшерүү максаты көздөлдү.

## III.2. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмуну (калыптандыруучу эксперимент)

Илимий изилдөөнүн бул бөлүгүндө жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмунуна кеңири токтолууну туура көрдүк. Жасалга-колдонмо искусство предметтеринин негизиги курсу боюнча окуу-иштөө программа такталып, кайрадан толукталып, окутуучулардын талкуусуна коюлуп, алардын сын, сунуш-пикирлерин эске алып, кайрадан изилдөөнүн маскат, милдеттерин эске алуу менен түзүлүп чыкты. ОМКда (окуу-методикалык комплекси), жасалга-колдонмо искусство предметтеринин тарыхый өнүгүшү, жасалга-колдонмо буюмдардын тарыхы, жасоо технологиясы, практикалык методдор кеңири ачылып, студенттердин өз алдынча иштерине теориялык, ошол эле учурда практикалык көндүмдөрүн калыптандырууга методикалык сунуштарды камтыды. Демек, бул азыркы күндө ошол жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу жаралган буюм-тайымдарда колдонуу мүмкүндүктөрүн тааныштырып, улуттук өнөргө жана анын көркөм

эстетикалык көрүнүшүнө болгон кызыгуусун арттыруу, студенттердин чыграмачылык активдүүлүгүн өнүктүрүп, ошол улуттук жасалга-колдонмо буюмдарды таанууту, жайылтуу, кийинки муунга өткөрүп билим берүүчү кесипкөй педагогдорду даярдоо максатын көздөдү.

Мында негизги максат – бүгүнкү студент – эртеңки мугалимдин көркөм чыгармачылыгын, жөндөмүн, сезимин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу өнүктүрүү, анткени жасалга-колдонмо искусствосу элдин көркөм чыгармачылыгы, ой-максаты, көркөм чыгармачылык эстетикалык маданияты чагылдырылат. Аталган сабакта студенттердин, билгичтиги менен ишкерлигин өстүрүүгө болот, себеби, мектеп мугалими окуучулар менен бул иштерди уюштуруп, аларга улуттук баалуулук болгон жасалга-колдонмо искусствосу менен таанышытырып билим берүүгө милдеттүү. Бул жасалга-колдонмо искусство предметтерин үйрөтүү аркылуу окуучулардын бош убактысын туура пайдаланып, көркөм өнөргө болгон кызыгуусун арттырып, алардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүп, калыптандырууга кесипкөй катары даяр болуусу зарыл.

Экспериментибиздин экинчи этабында жүргүзүлүүчү иштердин багыттары: жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн үлгү-жоболору жасалып, «Жасалга-колдонмо искусство предметтеринин негизи» аттуу атайын программасы боюнча окула турган лекциялардын, практикалык иштердин темалары белгиленип, эксперименттик иш өткөрдүк

Сабактардын программасынын негизги мазмуну студенттердин практикалык иш-аракетине багытталат. Ошондуктан ага берилген убакыттын жарымынан көбү жумшалат, калган убакыт теориялык билим берүү максатын көздөйт. Аткара турган иштердин мазмуну жасалга-колдонмо искусство предметтерин студенттердин кесибине, чыгармачылыкка, ошондой эле кесиптик эмгекке даядыгын чыңдоо, түрдүү заттардан кийиз, жибек, кездеме, түстүү жиптерден, жыгач, булгаары ж.б. кол менен буюм жасоого жана андан кирешелүү өндүрүш чыгарууга, пайдалуу иш жүргүзүүгө багытталат.

Сабактарда өткөрүлө турган тажрыйбалык иштердин мазмуну кол өнөрчүлүгүндө керектелүүчү курал жабдыктарынын, тетиктер менен станоктордун жардамы менен материалдарды (кийиз, кездеме, булгаары ж.б.) саймалоо, басуу, өңдөө, ошондой эле окуу процессинде студенттердин жалпы кол өнөр эмгегине болгон чыгармачылык ыкмаларын активдештирүүгө багытталат.

Башка предметтер сыяктуу жасалга-колдонмо кол өнөр предмети менен тааныштырып, өнөрчүлүк куралдары менен иштөөнү үйрөтүп, билими менен чеберчилигин аудиториядан тышкаркы убакта (өнөрканада) өнүктүрүү иштери жүргүзүлөт. Үнөмдүүлүккө үйрөнүү максатында студенттер арткан кийиз, кездемелердин, булгаарынын жип-шуулардын ж.б. заттардын калдыктарынан, колдо бар материалдарды колдонуп, алгач майда-барат буюмдарды жасап үйрөнүшөт.

Окутуунун ар түрдүү ыкмасын, технологиясын предметтин мазмунуна жана студенттердин психологиялык өзгөчөлүктөрүнө карай тандап, тажрыйбада сыноодон өткөрүүнүн мааниси чоң. Бүгүнкү билим берүү багытында окутуунун алдыңкы технологияларын өздөштүрмөйүнчө сапаттуу, ар тараптан өнүккөн кесип ээси болууга мүмкүн эмес. Жаңы технологияны өздөштүрүү окутуучунун интелектуалдык, кесиптик, адамгерчилик, руханий, маданий ж.б. көптөгөн сапаттарынын калыптанышына таасирин тийгизет, өзүн-өзү өнүктүрүп, окуу-тарбия процессин таасирдүү уюштурууга жардам берет.

*Программада төмөнкүдөй маселелер каралды:* жасалга-колдонмо искусствосунун турмуштагы маани-маңызын жана анын келип чыгуу тарыхы. Байыркы замандан бери жасалга-колдонмо өнөрүнүн өнүгүүсү, кыргыз элинин кол өнөрүндөгү символдук мааниси жана семантикалык өзгөчөлүктөрү. Сактар, гундар убагындагы кол өнөрчүлүк көркөм маданияты. Жасалга-колдонмо искусство предметтериндагы композициянын, буюмдарды көркөмдөп жасалгалоодогу эстетикалык ролу. Неолит (жез, таш доору) доорундагы усундар, сактардын, хунулардын өнөрү, көркөм маданиятындагы

көркөм эстетикалык көрүнүштөрдүн өзгөчөлүктөрү Дж. Балтагулов [39], Ж.К. Момбекованын «История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времен до наших дней» [95], Т. Чоротегин, Т. Өмүрбектегиндин «Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, жана өнөр» [200] деген эмгектеринде баяндалган.

1. Түрк каганатынын маданияты жана өнөрү, кыпчак элинин, монгол каганатынын маданияты жана өнөрү. Дин жана өнөр. Кыргызстандагы археологиялык эстеликтер жана шаардагы көркөм эстетикалык көрүнүштөр (студенттерди кызыктыруу үчүн ушул сабакта жасалга-колдонмо искусство предметтеринин түрлөрү менен тааныштыруу, керектүү түрлөрүн көрсөтүү, аларды жасоо технологиясын демонстрациялап жасап көрсөтүүгө мүмкүндүк түзүү) – *2 саат.*

2. Жасалга-колдонмо искусство предметтеринин көркөм эстетикалык мааниси тууралуу аңгеме өткөрүү жана музейге экскурция уюштуруу (тарых музейи, улуттук сүрөт музейи). Белгилүү кол өнөрчүлөр менен жолугушуу өткөрүп, алардын кол өнөрчүлүгү менен жакындан тааныштыруу – *4 саат.*

3. Жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча эскиз иштерин түзүүнүн жолдору жана ыкмалары – *4 саат.* Жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча жасалуучу буюмдарды жасоонун ыкмалары: компонентеринин байланыштуулугу, түшүнүктүүлүгү, жөнөкөйлүгү, композициясы (ритм, симметрия, ассиметрия, статика-динамика, бирдейлиги) туралуу студенттердин билүүсү. Буюмдардын табиятын жана формасын, көрүнүшүн стилдештирип өзгөртүү. Көркөм натюрморт (декоративдик натюрморт) композициясын стилдештирүү, чыгармачылык жана чеберчилик ыкмаларын калыптандырып өнүктүрүү, улуттук кол өнөрүнүн көркөм эстетикалык көрүнүшү, элестетүү формаларын түшүндүрүү, жатыктыруу.

4. Кийизден буюмдарды жасоо. Кийиз басуу (фильцевания техникасында) жана ага оймо түшүрүү – *6 саат.* Кыргыздын жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгүндөгү оймочулуктун түрлөрү, даярдалган буюмдун коздолушу, оюулары, боёктору жана көркөм эстетикалык көрүнүшү. Оймо оюу жолдору, кийизден жасалган буюмдардын оймочулук принциптери жана

студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандырып өнүктүрүү (студенттердин колдору менен жасап көрүүсү, машыгуу иштери).

5. Килем саймасы (түктүү сайма). Композициялык панону саюу – *8 саат*. Килем сайма саюу, түктүү сайманы көркөмдөө (композициядагы түстөрдүн туура тандалышы жана аларды келиштирүү). Кыргыз элинин саймачылык, токуучулук, өрмөкчүлүк өнөрү. Саймачылык өнөрүнүн жалпы принциптери. Саймачылык техникасы: затына, көлөмүнө карай саюу, үлгүлөрдү (эскиздерди) тандай билүү, сайыла турган нерсеге карай саюу техникасын үйрөтүү. Студенттерди өзүнүн жашоосундагы көркөмдүк чыгармачылык сапаттарга тарбиялоо.

6. Чий чырмакчылык – *6 саат*. Чий чырмоого керек болгон ак чийди тазалап, эскизин даярдап, түстүү жүндөр менен чырмап кооз буюм жасоо. Кооздолгон чий менен боз үйдүн ичиндеги керегени айлантып калап койсок ал суукта жылуу, жайында боз үйдүн ичи салкын тартып турат жана ашкана тарапты курчап кооздоп койсо да болот. Чий чырмоо ыкмасы, оюм-чийим элементери, көркөм көчөттөрдү чийге түшүрүү, чийден жасалган боз үйгө колдонулуучу – канат чий, эшик чий жана чыгдан чий ж.б. жөнүндө түшүнүк берүү. Аларды жасоо технологиясындагы өзгөчөлүктөр.

Жасалга-колдонмо искусство предметтеринде керектелүүчү материалдарды туура пайдаланууга үйрөтүү. Тыкандыкка, чыдамкайлыкка, эрктүүлүккө, билгичтикке, жоопкерчиликтүүлүккө жана үйрөнгөнүн жоро-жолдошторуна түшүндүрүп жардамдашууга үйрөтүү. Эмгекке чечкиндүүлүгүн, бекемдүүлүгүн жана көркөм чыгармачылык табитин калыптандырып өнүктүрүү. Чыгармачыл адамдарды урматтоого, элдик кол өнөрчүлүктү сыйлоого үйрөтүү. Байыркы доордун тарыхын билүү, бүгүнкү күнгө улаштыруу. Эптүүлүккө, тапкычтыкка, табият байлыгын пайдалана билүүгө үйрөтүү.

7. Көркөм сайма тигиштери аркылуу белек-бечкектерди жана үйгө керектелүүчү буюмдарды жасоо чеберчилиги – *6 саат*. Студенттерди буюмдардын өз алдынча көркөм эстетикалык көрүнүшүн түшүнө билүүгө,

кооздоп-көркөмдөп тигүүгө, жалпы кызыгуусун, чыгармачылыгын арттыруу. Аларды адептүүлүккө, жасаган буюмдардын керектигин түшүнө билүүгө тарбиялоо.

Улуттук буюмдарды пайдаланууда жана аларга камкордук менен мамиле кылууга тарбиялоо. Нерсеге сайма саюуга машыгуу жана башка убактарда да ыктуу пайдаланып, өнөрчүлүктү уюштурууга, ой-өрүшүн кеңейтүүгө, өнөргө болгон кызыгуусун тарбиялоо. Жыйнактыкка, үнөмдүүлүккө тарбиялап, сайма түрлөрүн чеберчилик менен пайдаланууга үйрөтүү.

8. Курак жана куракчылык – *6 саат*. Кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнүн бир түрү болгон курак куроо менен тааныштыруу. Курактын пайда болушу. Анда пайдалана турган геометриялык фигуралардын мааниси, алардын аталышы. Трапеция. Ромб. Куракты кайталанган бөлүктөрү. Куракан жасалган буюмдар ата-бабаларыбыздын салттуу буюмдарынан болгондугун, турмушта көрк берген жасалга буюмдардын бири экендигин түшүндүрүү. Куракан үй-тиричилигине керектүү бир канча түрлөрү бар экенин айтып берүү (туш, кийиз, жаздык, жер төшөк, аяк кап, куржун, ар кандай жапкычтар ж.б.).

9. «Батик» техникасында жибек кездемеге композиция түзүү – *4 саат*. Студенттерге жасалга-колдонмо кол өнөрүндөгү заманбап техниканын жардамы менен композиция түзүүнү үйрөтүү. Түстөрдү натыйжалуу пайдалануу, иштөө усул-ыкма жолдору, каражаттары менен тааныштыруу. Чыгарманын көркөмдүк образын ачып көрсөтүүнүн маанисине көңүл буруу.

10. Жаратылыштан алынган табигый материалдарды колдонуп композициялык коллаж жасоо – *6 саат*. Табигый материалдардын сапатына, айырмасына, өзгөчөлүгүнө, иштөө техникасына карап бөлүү. Жасалган ишти баалап, билгичтигин калыптандыруу.

11. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүп калыптандырууга тарбиялоо – *4 саат*. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн

өнүктүрүүдө – жасалга-колдонмо искусство предметтери негизги орунга ээ экенин далилдеп берүү. Алардын студенттердин табитине, кооздук менен сулуулукка жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө таасир берерин түшүндүрүү.

12. Көркөмдүк тарбия берүүнүн маанилүү бөлүгү кол өнөрчүлүктү окуу-тарбия процессинде ар түрдүү иш-аракеттерде колдонуу жолдорун белгилөө (сабактан жана аудиториядан тышкаркы иштерде колдоно турган жасалга-колдонмо искусствосу буюмдарынын түрлөрүн студенттердин өздөрүн жасатып машыктыруу).

12. Улуттук өнөр – жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгүнө саякат (тематикалык кече) – *4 саат*.

– жасалга-колдонмо искусство предметтерин пайдаланып, түктүү сайма, чий буюмдарын даярдоо. Кийизден буюмдарды жасоо. Шурудан, түстүү кагаздан, ж.б. материалдардан сувенирлерди жасоо.

– республика боюнча жана коңушулаш элдердин арасында суроо-талаптарды жарата турган буюмдарды даярдап машыгуу. Сапаттык жана дизайндык жактан жогорку деңгээлге жетишүү.

– калктын кызыгууларына татыктуу жасалган сапатуу буюмдарды сатуу, керектөөлөрүн аныктоо. Окуу жайларында окуу-өндүрүштүк өнөрканаларды туруктуу жумуш менен камсыз кылуу жана алардын технологиясын жаңыртып туруу үчүн аны акыркы технологиялык каражаттар менен толуктоо.

– чийки зат материалдарынан эч кандай калдык калтырбай иштөө технологиясын өздөштүрүү. Эл аралык нарктык экономикага байланыштуу окутуунун материалдык базасын чыңдоо. Студенттердин чыгармачылык деңгээлин көтөрүү. Чыгармачылык чеберчиликтерин чыңдоо. Коом талабына ылайык чыгармачылык ойлоо жөндөмүн өнүктүрүү.

– жогорку окуу жайларында улуттук жасалга-колдонмо кол өнөрдү өркүндөтүү, жайылтуу максатында тажрыйбалык өндүрүшкө арналган жарменке-көргөзмөлөргө катышуу.

Окуп жаткан студент-жаштарды азыркы экономикалык шарттын талабына ылайык негизги адистигине кошумча кесиптик багыт берүүгө даярдоого жалпы окутуучулар милдеттүү экендигин эстен чыгарбашыбыз керек.

Акыркы жылдары жалпы билим берүүчү жана жогорку окуу жайларында билим берүүнүн жаңы багыты катарында инновация иштери өнүгүүдө. Бул маселе жогорку окуу жайларында кандай даражада өнүгүп жатат? – деген суроо коюлушу мүмкүн. Ал маселенин түйүнү: жеке инсанга багытталган окуу-тарбия процессинде ар тараптан калыптанган, базар экономикасынын өзгөчөлүгүнө багыт алган адамды тарбиялоо болуп саналат.

Биз студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтерине болгон чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү максатында эксперимент иштеринде жаңы технологиялар менен окутуунун усулдарын да колдондук. Ошондуктан ушул бөлүмдө тажрыйба жумушунда колдонгон усул-ыкмаларга мүнөздөмө берели.

Иновациянын негизи – жеке инсандын өнүгүүсүндө жаңылыктарды издөө, пайдалануу, таратуу жана ал ыкмаларды иш жүзүндө колдонуу аркылуу ийгиликке жетишүү болуп саналат. «Иновация» билим берүүнүн мазмунунда, методикада, технологияда, окуу-тарбия ишин уюштурууда, окуу жайларынын иштерин башкарууда байкалат.

Жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгүндө жаңы үлгүдөгү буюмдарды жасоо, заманбап технологияны колдонуп заманбап буюмдарды жасоого үйрөтүү, ошол аркылуу чыгармачылыкка болгон активдүүлүгүн өнүктүрүү. Бул маанилүү жана көп этаптуу процесс. Аны окуу процессиндеги ар түрдүү багыттагы кызматтар, иштер менен байланыштырып кесип ээлеринин билими, билгичтиги туралуу маалымат берилиши керек. Жасалга-колдонмо кол өнөр буюмдарын жасаган чеберлер же дизайнерлер жаңы жасай турган буюмдун эскизин пландоого тийиш. Бул көздөгөн максатты ишке ашырууда студенттер алгач алдын ала келечектеги жасалчу буюмдун үлгүсүн (эскизин) пландап,

андан кийин кол өнөрчү ушул жасалган үлгүнү негизге алып, талдап, андан ары буюмдардын үлгүсүн жасайт.

Изденүү сабагында студенттер жасаган буюмду көркөмдөөнү бүгүнкү күндүн талабына ылайык өзөктүү маселелерди колдонот. Кийинки буюм үлгүлөрүн пайдаланып, аны кооздоп даярдоо боюнча бардык маалыматтарды жыйынтыктап, алардын ичинен керектүүсүн тандап алып, аны жасоо ыкмасын өздөштүрүп, студенттер бири-бирине үйрөтүшөт. Албетте жасалчу панону кооздоп, композиция түзүү иши өтө чеберчиликти, кылдаттыкты, ишкерликти, чыгармачылыкты талап кылат, мындай даражага жетүү үчүн, машыгуу иштерин уюштуруу керек.

Жыйынтыктоочу сабакта студенттер билимдери менен машыгуу чеберчилигине талдоо жасап, өздөрү чыгармаылык менен ойлоп тапкан композиция үлгүлөрүнүн эскиздеринин кандай жол менен жасалганын, анын натйжасы туралуу кайсы ыкма ылайыктуу экенин оозеки жана жазуу жүзүндө баяндашат. Мындай сабактар окутуучу үчүн да, студент үчүн да керек, себеби алар изденип, илимий иштер менен байланыштырып, чыгармачылыгын жыйынтыктап, чеберчилигин артырат. Студенттер эмнени үйрөндү, эмнени үйрөнө албай калды, кемчилдиги кайсы, эмнеге көңүл бөлүү керек экендигин такташат. Ушундай иновациялык технология талаптарын негизинен толук камтыган жана студенттердин чыгармачылыгын өнүктүрө турган атайын курс жогорку окуу жайларынын окуу-тарбия процессине киргизилиши зарыл. Ал өз кезегинде чыгармачылык иштин эскизин түзүүнүн иновациялык технологиясы боюнча талдоо схемасын жасап сунуш кылууга мүмкүндүк берди.

Атап айтсак, келечектеги көркөм өнөр сабагынын педагогуна, жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагы аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү калыптандыруу максатында иновациялык технологияны колдонуу төмөнкү багыттарды эске алуу менен жүргүзүлөт:

– идеянын пайда болуусу, максаттуулугу, жаңы идеяны калыптандыруу;

– жаңыны ишке ашырып таратуу;

– иновациялык жаңылыкты өздөштүрүү уюмунун өнүктүрүү шарттары менен тыгыз байланышта болуусун камсыз кылуу.

Азыркы талапка ылайык жаңы технологиялык усулдарды окуу-тарбия ишинде колдонууда программалардын мазмунуна кошумчалар жасалып, программаларды педагогикалык иштерде колдонуу менен студенттердин жасалга-колдонмо өнөрү сабагында чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрсө болот. Окутуунун натыйжасы усулдарга жараша болоору белгилүү. Окуу усулдары окутуучунун иш-аракетинин таасирдүүлүгүн, жүрүшүн, окуу-тарбия материалынын жеткиликтүүлүгүнүн жана окуучу-студенттин коомго тиешелүү маанилүү сапаттарынын калыптануусун аныктайт. Усул тааным жолу болуп эсептелет. Ал – теория, илим, окутуу усулдары адамды курчаган чөйрөсүн таанып-билүүсүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүүгө жардам берет. Тактап айтканда, усулдардын философиялык, методологиялык негиздери бар жана окутууда анын маанисин жана ыкмаларын туура түшүнүүдөн чыгат.

Ошентип келечек мугалимдерди окутуу сабагында колдонгон усул дегенибиз – тиешелүү ыкмалар менен сабакты уюштуруп, аны сапатуу өткөрүү. Эми төмөндө сабактын төмөнкүдөй усулдарын сунуштайбыз.

Сабакта оозеки айтып түшүндүрүү усулдары: а) баяндоо- түшүнүктүү сөз менен материалдын мазмунун айтып берүү. Ага коюлган талаптар:

– теориялык материалдардын мазмуну жагынан толуктугу, окутуучунун сөзүнүн түшүнүктүүлүгү;

– окуу материалдарын түшүндүрүүнүн логикалык ыраатуулугу жана мурдагы алган билимдери менен байланышы;

– коюлган максаттын ачыктыгы жана аныктыгы, студенттерге түшүнүктүүлүгү;

– окутуучунун тил байлыгы, эмоционалдуулугу, тазалыгы, терминдерди, түшүнүктөрдү, фактыларды көрсөтмө куралдар менен толуктай билүүсү;

– окутуучунун сөзүнүн маданияттуулугу жана анын студенттердин өз алдынча иштөөсүнө, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн жана сөз байлыгын арттыруусуна багыт берүүсү.

Жасалга-колдонмо искусствосу бүгүнкү күнүмдүк турмушта колдонгон буюмдарда колдонууга үйрөтүү жана ал туралуу теориялык материалдарды студенттерге жеткизүүдө көрсөтмө куралдарды колдонуу башкы шарттардын бири. Анткени студенттердин бул өнөргө болгон кызыгууларын арттырууда, аларга бул өнөргө керектүү нерселерди көрсөтүү керек. Көрүү аркылуу кабыл алуу маанилүү. Белгилүү чех педагогу Я.А. Каменскийдин көрсөтмөлүүлүк принцибин жетекчиликке алып «мүмкүн болушунча заттардын өзүн көрсөт, болбосо анын макетин, ал да болбосо сүрөтүн көрсөтүү керек» деген эрежесин колдонуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн маанилүү жолдорунун бири дейбиз [99]. Бир нерсеге кызыгуу аны көрүүдөн, жөн гана көз салуу эмес, аны максаттуу карап, байкап, рахаттануудан башталары белгилүү. Ушуга байланыштуу, жасалга-колдонмо искусство предметтерин таанып-билүү жана ал аркылуу студенттердин ага болгон кызыгуусу менен аларды өз колдору менен жасоого аракеттенүүсүн ойготуп, көргөзмөлүүлүк ыкмаларынын талабын эске алуу керек. Көрсөтмө куралдардын табигый жана жасалма түрү бар. Аларды Г. Айтиев атындагы Кыргыз мамлекеттик көркөм сүрөт музейинде сакталган экспонаттардан жана турмушта колдонгон нерселерден, кол өнөрчүлөрдүн жеке ишканаларынан көргөзүп, аларды өз колдору менен кармап көрүп, кол өнөрчүлөр менен аңгемелешип, буюмду жасоо технологиясы менен тааныштыруудан баштадык. Мында студенттердин өздөрү көргөн-билген тааныш буюмдарынан баштап, практикалык иште колдонууга өзгөчө маани берилди.

Көрсөтмө куралдарга – сүрөт, эскиз, макет, үлгү, оймо-чиймелер, адабияттар, журналдар ж.б. кирет. Алар боюнча таанышып, жыйнап оозеки же жазуу түрүндө мүнөздөмө берүү иштери өткөрүлдү.

Көрсөтмө куралдардын экрандык түрлөрү – диафильм, кинофильм, слайддар, мультимедиялык куралдар, компютердик сүрөттөө, фотосүрөт ж.б.

Экспериментте булардан башка байкоо жана тажрыйба жүргүзүү усулдарын колдондук. Мында окутуучу жүргүзүлө турган тажрыйбалык иштерди белгилеп, суроолорду аныктап алгандан кийин өткөрүлөт. Тажрыйба жана байкоо программада белгиленген иштер боюнча өткөрүлүп, студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштурууга, кетирген каталарын өз убагында оңдоого, кайрадан иштөөгө көңүл бөлүндү. Себеби жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк буюмдарын жасоо, заман талабына ылайык пайдалануу талантуулукту, чеберчиликти, изденүүнү, билгичтикти талап кылат. Студенттер иллюстрациялык жана изилдөө усулдары менен иштегенде ар түрдүү жаңылыктарга көңүл буруп, кызыгуулары, жөндөмдүүлүктөрү артып, байкагычтык, аракетчилдик сапаттары калыптанат да, өз аракеттери менен чыгармачылыкта иштөөгө кызыгат. Машыгуу өткөрүү усул-ыкмалары атайын коюлган максат менен материалдарды бир нече жолу кайталап, изилдеп, буюмдарды талдап-байкоо менен билимин, билгичтигин артырат. Белгилүү уз-чеберлердин иштери менен канча таанышса да, өз колдору менен машыгуу, кыймыл-аракетин чыңдоо чоң мааниге ээ. Ошондуктан студенттер өз алдынча иштөөсүндө алар жасаган буюмдардын материалдарынын сапаты жакшы болушу абзел. Ага байланыштуу натыйжасы да канчалык деңгээлде аткарылганын көрсөтөт. Мисалы, жасаган буюму кооз жана көзгө көрүнүктүү болушу табитке жараша болоору башкы көрсөткүч. Ошол себептен, студенттерге машыгуунун төмөнкүдөй түрлөрү сунуш кылынат:

– көрүү аркылуу жасоо;

– окуганын кайталоо;

– бир канча жолу кайталап жасоо;

– кайталап жасоодо аткаруу технологиясынын көркөмдүүлүгүнө көңүл буруу;

– технологиянын жаңы ыкмаларын колдонуу, жаңыча мамиле кылуу;

– ойлоп тапкычтыгын артыруу.

Иш-тажрыйбалык жумуштарды аткаруу студенттерди чыгармачылык иштерге багыттап, окуу өндүрүштү пландап иштөөгө үйрөтөт. Пландоо: киришүү, аткаруу жана жыйынтыктоо бөлүмүнөн турат. Алар;

*а) киришүүнү пландоо бөлүгүнө:* – аткарыла турган иш менен таанышуу;

– бүгүнкү иште колдоно турган билимин кайталоо;

– аткаруу ирети менен тааныштыруу;

– иш аткаруу усул-ыкмаларды кайталоо, текшерүү;

– боло турган кемчилдиктерди алдын ала эскертүү;

– коопсуздук-техникалык жана тазалык эрежелерин колдоно билүү.

*б) аткаруудагы эрежелер бөлүгүнө:* – студенттердин аткарып жаткан иштерин байкоо, кетирип жаткан кемчиликтерин оңдоо, аткаруу техникасын эске салуу, көрсөтүү, түшүндүрүү.

*в) жыйынтыктоо эрежелери* – жасалган ишти баалоо, баа коюу, талдоо, ойлорун, пикирлерин угуу.

Сабак өтүүнүн бардык түрлөрүндө иш ар дайым теориялык түшүндүрүү жана айтуу менен башталса да, кол өнөрчүлүктүн өзгөчөлүгүн эске алсак, студент тигил же бул буюмду өз колу менен жасап көрмөйүнчө, тажрыйба алмайынча ийгиликке жете албайт. Өнөрканаларда өткөрүлгөн сабактарда мисалы эркек балдар жыгачты, булгаарыны, керамиканы ж.б. материалдар менен иштегенде аны жасап көрмөйүнчө үйрөнө алышпайт. Ал эми кыздар болсо сайма саюу, кийиз жасоо, чий чырмакчылык, өрмөкчүлүк ж.б. өнөрдү өздөрү жасап көрүүлөрү шарт. Ал эми биздин эксперименттик ишибиз Жасалга-колдонмо искусство предметтери заман талабына ылайык буюмдарды жасоого, аларды колдонууга үйрөтүү, ал аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү болгондуктан, бул айтылган маселелерге өзгөчө көңүл бөлдүк.

Теориялык билимин практикада колдонуу, кол өнөрчүлүк буюмдарына оозеки жана жазуу жүзүндө талдоо жүргүзүлүп, технологиясына мүнөздөмө берилди.

Окутууда аңгеменин эки түрү колдонулду: катехизикалык жана эвристикалык.

Катехизикалык аңгеме – бул студенттин буга чейинки алган билимин текшерүү жана баалоо, темаларды кайталоодо колдонулат. Ал эми эвристикалык аңгеме жаңы билимдер жөнүндө маалымат берүү максатында колдонулат. Анда суроолор менен жооптор талданып, студенттердин ою жаңы эрежелер менен корутундуланат.

Аңгемелешүүдө жооп табууга жагдай түзүлүп, чечимин табууга багытталат. Биз муну студенттердин жаңы техниканынын өзгөчөлүктөрүн табууга кызыгуусун туудуруп, түрткү боло тургандай кылып колдондук. Көйгөй жарата турган жагдай түзүп, студенттерге изилдөө усулдарын үйрөтүүгө көбүрөөк көңүл бөлдүк. Проблемалык сабактарды колдонууда төмөнкүдөй сабактын түзүлүшү берилди:

– проблемалык жагдай түзүү;

– аны чечүү маселелерине кыйыныраак, татаалыраак жактарынан кабар берүү;

– уюшуп, биргелешип, кеңешип иштеп, каталарын оңдоп, натыйжасын бирге чечип, жыйынтык чыгаруу.

Студенттерге жасалга-колдонмо иштерин үйрөтүүдө оозеки түшүндүрүү усулун колдондук. Атап айтсак, жасалга кол өнөр буюмдарынын тарыхына жалпы талдоо жүргүзгөндө окутуучу бериле турган маалыматты ирети менен айтып туруусу керек. Түшүндүрүүдө түрдүү көргөзмө куралдар колдонулат. Алар схемалар, композициялар, эскиздер жана колдо жасалган панолор ж.б. көрсөтүлдү. Ал куралдар көркөмдүк жагынан кооз, жарашыктуу болууга тийиш.

Андан кийин, алардын үлгүсүн, эскизин жасоого үйрөтүү керек. Мында оозеки жана көргөзмө, машыгуу усулдары колдонулат.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу азыркы кездеги үй буюмдарын кооздоо, жасалгалоо улуттук оюмо-чиймелерди колдонуу аларга өзгөчө көрк берери белгилүү. Ошондуктан студенттерди кыргыз элинин кол

өнөрчүлүгү менен тааныштырып, оюмдардан композиция түзүүнүн үлгүсү үйрөтүлдү. Көргөзмө катарында композициялык эскиздер, жасалган чыгармачылык иштер колдонулду. Сабак учурунда студенттерге «Оймогу кызыл мис болгон, Ойлогону иш болгон. Шакеги сары мис болгон, Самаганы иш болгон», «Оймогу колго батпаган, Ойлогон иштен кайтпаган» ж.б.у.с. макал-лакаптар пайдаланылып, студенттерди көркөмдүүлүккө, сулуулукка, кооздукка, асемдикке үйрөтүү жолдору каралды. Алар колдончу аспаптар, коопсуздук-техникалык, санитардык-гигиеналык эрежелер менен тааныштырылып, ошондой эле тажрыйба жана байкоо жүргүзүү аркылуу колдонула турган каражаттар менен материалдар жөнүндө маалымат берилди.

Чыгармачылык менен композиция түзүп пано жасоодо студенттердин билгичтиги менен кыймыл-аракети, ыктары калыптанат. Алардын билгичтик менен түс тандоосу, иштөө техникасын өздөштүрүүдө табити, изденүүсү, машыгуусу, үйрөнүүсү артат. Мисалы, сайманын жөнөкөй түрүн колдонуп, майда сувенирлерди жасоо сунуш кылынды. Студенттер өздөрү ар бир жасаган оймо-чиймениин техникасын колдонуп, аны туура аткарууга аракеттенет, жана өз оюн айтып, пикир алмашуу, талдоо, жардамдашуу аракеттерин калыптандырат.

Ушундай тажрыйбалык иштердин натыйжасында студенттер улуттук буюмдарды жасоо иштерин аткарышты. Окутуучу ар бир студенттин өз табити, билгичтиги аркылуу жөнөкөй үлгүдөгү композмициялык эскизди өздөштүрүүнү тапшырат. Эскиз боюнча материалды тандашат. Композициянын ар бир деталын кылдат иштеп чыгышат. Композициянын ичинен өздөрүнө жакканын тандап алышат. Алар материалдарга (бяьз, кендир кийиз ж.б. кездемелер) тандалган композициянын эскизин түшүрүшөт.

Программада келечек кесиптин мугалимдери үчүн ар кандай иштин түрлөрү жана усул ыкмалары колдонулду. Жекече же топ менен иштөө, өз алдынча иштөө чеберчилиги, элдин маданияты жана кол өнөрчүлүгү жөнүндөгү адабияттар менен таанышуу, чыгармачылык тапшырмалар аткаруу, машыгуулар өткөрүү, реферат, баяндама жазуу, иш-чараларга,

ийримдерге катышуу, программа түзүү, аудиторияны, кабинетти (өнөркананы) жасалгалоого катышуу жана аларды чыгармачылык эстетикалык жактан талдоо, сыноо ж.б.

Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган иштер «жасалга-колдонмо искусство предметтеринин негизи» деген программада жүргүзүлдү. Анда атайын программанын милдет, мазмунуна ылайык сабактар уюштурулуп төмөнкүдөй технологиялар колдонулду.

Атайын программанын максаты: жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү.

Программанын милдеттери: *билим берүү* – өнөрчүлүк жана анын мааниси менен өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү аркылуу студенттердин чыгармачылык билимин жогорулатуу. *Таанып билүү* – жасалга-колдонмо искусство предметтеринин коомдогу жана жеке адамдын турмушундагы маанисин түшүндүрүү. *Тарбиялык* – кол өнөрчүлүк аркылуу сттуденттердин чыгармачылык кызыгуусун, табитин, көркөмдүк сезимин, керектөөсүн өстүрүү. *Өнүгүүчүлүк* – кол өнөрчүлүккө колдоно турган технология маселелерин өздөштүрүү жана чеберчилик жөндөмүн калыптандыруу. Мына ушундай билим берүүнүн негизги милдеттери аркылуу илимий изилдөөнүн төртүнчү милдетин ишке ашырууну максат кылдык.

***1-тема. Жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк жайларга (музейлерге, уздардын өнөрканаларына) экскурция.***

*Сабактын максаты:* студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери жөнүндөгү тарыхый-педагогикалык билимин жогорулатуу; элдик өнөрчүлүк жөнүндөгү теориялык билимдерин кеңейтип, тереңдетип, пратикалык иш-аракетин уюштуруу, чыгармачылык деңгээлин жогорулатуу.

Жасалга-колдонмо искусство предметтеринин басып өткөн жолу, тарыхы, түрлөрү жана өзгөчөлүктөрү, турмуштагы ээлеген орду, байыркы иштөө технологиясы менен азыркы иштөө технологиясынын айырмасы,

колдонула турган сырьёлор, боё технологиясы, мурдагы жана азыркы боё жолдору жана өзгөчөлүктөрү, экономикалык мааниси белгиленет.

*Сабактын жүрүшү:* музейлерге, өнөрканаларга экскурция уюштурууда эң мурда кайсы жерге, кайсы бөлүмдөрүнө жана эмнеге көңүл буруу, эмне жөнүндө аңгемелешүү аныкталат. Өзгөчө саймачылыкка, килем токуучулукка, терме таар согууга, чий чырмакчылыкка, ала кийиз, шырдак жасоого, (боз үйдүн ички жасалгаларына, жыгаччылыкка, зергерчиликке, булгаары иштетүүгө ж.б.) өзгөчө көңүл бурулат. Жалпы кргыз элинин кол өнөрчүлүгү туралуу маалыматтар топтолгондон кийин, практикалык тапшырмалар берилет.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери – элдик маданияттын күзгүсү болуп, ал жашоо-тиричиликти көрктөндүрүүнүн ачык көрүнүшү. Алар жалпы саймачылык, оймочулук, өрмөкчүлүк, токуучулук, чий чырмоочулук, зергерчилик, жыгаччылык болуп бөлүнөт. Кыргыз кол өнөрүн алып жүрүүчүлөр, насыкатоочулар – усталар, уздар, чеберлер, зергерлер, ишмерлер деп аталат.

Усталар жасаган найза, кылыч, канжар, калкан, шамшар ж.б. курал-жарактын түрлөрү кыргыз кол өнөрүнүн алдыңкы үлгүсү болуп эсептелет.

Уста аттуулардын көрүнүктүүсү зергер (күмүш уста) – (фарсча: зер – алтын, зергер – алтын-күмүш буюмдарынын устасы) болот. Түрдүү асыл металдардан кыз-келиндердин асем буюмдарын (шакек, билерик, сөйкө, желбирөөч, иймек, искек, оймок, топчу, чолпу, папик, чачпак, күбөк) жасоочу, ат жабдыктарын, жыгач, мүйүз, көн (шири) буюмдарын шөкөттөөчү чебери. Зергерлер асем буюмдарды металлдан, негизинен күмүш менен мистен, жезден, калайдан жасаган, ага оюм-чийим түшүргөн. Кооздоо – бул кыз-келиндер себине, ат жабдыктарына, жыгач, мүйүз, сөөк, тери буюмдарына темир чегерүү, ага күмүш жалатуу, чегелөө, шөкөтөө, куйма түшүрүү.

Жыгач усталар жасаган боз үйдүн уук-керегесинен баштап, босого таягы (таяк босого, баш босого, каалга), үй эмеректери: жүк тактасы, сабаа тактасы, асыл буюмдар катылып, жүктүн көркүн чыгаруучу сандык, тамак аш, нан

салынуучу үкөк, кымыз бышуучу бишкек, кийим-кечек, тамак-аш, идиш-аяк илинүүчү алты бутактуу ала бакан, ээр балдар минишке, тай-кунанга токулуучу ээр-айырмач, чыны кап, челек, сузгу, капкак, аяк, табак, чөйчөк, кашык өңдүүү ж.б. толуп жаткан буюмдар бүгүнкү күнгө чейин өз мааанисин жоготкон жок.

Жыгаччылыкта узануу эркектерге гана таандык болгон. Чеберлердин бул түрүн «жыгаччы» деп да аташат. Эл ичинде «жыгаччы карыбайт» - деген ишеним айтылат. Анткени, жыгач затын иштетип жатканда буркурап жыпар жыт берип турат. Атайын кооз жасалгалоого жана күндөлүк турмуш-тиричиликке пайдаланууда жергебиздеги карагай, арча, тал, терек, кайың, өрүк, жаңгак, эмен сымал жыгачтардын уругу табылгыс жердик болуп эсептелет. Элдик кол өнөрүнүн түрлөрү, аны аткаруу ыкмалары өтө көп. Алсак, килем токуу, жип ийрүү, жип эшүү, өрмөк өрүү, жүн тытуу, чий чырмоо, тери ийлөө, зергерлик, таш чегүү, ээр-токум жасоо өнөрлөрү ары татаал, ары кызыктуу. «Өнөр бүтпөс азык, түгөнбөс байлык» дейт элибизде. Көркөм кол өнөрчүлүк маани-маңызы менен элибиздин кылымдар бою асыл казынасы болуп келет.

Ата-бабалардан калган кандай өнөр, кандай казына бар? Анын бири – оюм-оймочулук. Аларды жоготпой үйрөнүп, ары карай өнүктүрүү биздин милдетибиз. Оюм-оймочулук илгертен бери эле элибиздин буюм-теримдеринде колдонулуп келген. Мисалы: үй буюмдарында, кийимдеринде ж.б.

Оюм-оймочулук кайдан пайда болгон? Оюм – нерселердин элеси, жердиктердин бетине түшүрүлгөн оюм композициясы, көчөт, сүрөт, түр, сөлөкөт. Оюм кыргыздын бүтүндөй кол өнөрчүлүгүндө каражат катары колдонулат. Ал үй жасалгасында, буюмдарда, асемдүү кийим-кечектерде, боз үй жасалгаларында кеңири колдонулат. Оюмдардын алгачкы түрлөрү көчмөндүү кыргыздарда мал чарбачылыкка байланышкан. Мисалы, «кочкор мүйүз», «кош мүйүз», «сыңар мүйүз» ж.б.

Бүгүнкү күндө жаштар арасында тарыхый жана адабий китептерге болгон кызыгуулар аз. Анткени, заман талабына ылайык алар маалыматтарды интернеттен алып калышты. Жаштар бош убактыларын интернетке жумшаары жашыруун эмес. Ошондуктан сабакта жаштардын көңүлүн китеп окууга, тил байлыгын, ички жан дүйнөсүн байытып, билимин кеңейтип, чыгармачлык активдүүлүгүн өнүктүрүү багытында үгүтөө, улуттук ой-сезимин ойготуу негизги максат болууга тийиш.

*Практикалык иштер:* жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк үлгүлөрүн, сүрөттөрүн жыйноо жана жазуу, оозеки баяндоо; боз үйдүн ичиндеги буюм-теримдер жөнүндө кеңири маалымат берип, аны колдонуп-урунуунун жол-жобосун үйрөтүү, андагы жасалга-жабдыктардын аттарын билүү, аларды жазып келүү. Бул тапшырмаларды аткаруу менен студенттер көргөндөрүн эске салып, элестетип, ал жөнүндө ар түрдүү материалдарды жыйнап, билимдерин тереңдетүү менен чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрөт. Жыйналган материалдарды атайын папкаларга сактоо.

***2-тема. Килем токуучулук жана алардын түрлөрү*** – кыргыз, казак, түркмөн, азербайжан, тажик, иран, индия, афганистан ж.б. улуттук килемдеринин өзгөчөлүктөрү: жүн, жибек, таар, түктүү жана түксүз (араби), ордо килем, төр килем өзүнүн тарыхый өзгөчөлүктөрү жана көркөмдүк турмуштук мааниси; килем токуу технологиясынын окшоштуктары жана килемдердин колдонулуш мааниси. Килем токуучулук боюнча кеңири түшүнүктү ичкилик кыргыздар отурукташкан аймактардан алууга болот. Ичкиликтер токулган килемдин аябай көлөмдүүсүн «ордо килем», ал эми «калы килем» көбүнчө ысык үйдүн дубалына, боз үйдүн керегесине тартууга ылайыкталган. «Төр килем» болсо аянттуу келип, дайыма жерге гана төшөлгөн.

Сабактын максаты: килемдин пайда болуу тарыхы, көркөм эстетикалык жана экономикалык мааниси, килем токуу технологиясын жана анын фрагменттерин, бөлмөлөрдү, буюмдарды кооздоо жолдорун кароо.

*Тажрыйбалык иштер:* ар бир улуттун килемдеринин өзгөчөлүктөрү, жиптерден оймолоп токуу өзгөчөлүктөрүнө мүнөздөмө берүү: жүн, пахта, таар килемдердин жасалга-колдонмо мааниси жана токуу өзгөчөлүктөрү; оймолорун жасоо жана жипти боёо түрлөрүн аныктоо. Килем токууда колдонулган боёктор, алардын түр өзгөчөлүктөрү. Мисал катарында «Жогорку окуу жайларынын студенттерине килем токууну үйрөтүү» деген теманы карап көрөлү:

I. *Кызыктыруу стратегиясы* (Чакыруу стратегиясы). *Максаты:* студенттерге жаңы билим алаардан мурун ушул темага байланыштуу алардын базалык билиминин деңгээлин аныктап алуусу;

– үйрөтүү жана анын аракеттери: «килем» деген сөз качан чыккан жана кайсы кылымдардан баштап пайдаланылган? «Килем» токууда кандай курал-жабдуулар колдонулат? Килем токууда жиптин кандай түрлөрү колдонулат? Килемдин башка токуулардан айырмасы эмнеде? ж.б. суроолор берилип, жоопторун дептерге ойлонуп жазуу керек.

II. *Ойлонуу стратегиясы*. *Максаты:* жаңы билим менен мурдагы билгенин байланышта кароо. Студенттер бири-бири менен эркин сүйлөшүп, лекцияларын окушат. Өз ойлорун салыштырышат, максаттуу үйрөнүү, максатсыз үйрөнүүгө караганда маанилүү боло баштайт. Ал эки топко бөлүнөт:

Окутуучунун жардамы менен же текст (түшүндүрмө) аркылуу үйрөнүү. Өз алдынча үйрөнүү. Чыгармачылык активдүү иш-аракет болуп эсептелет. Үйрөтүү технологиясын өздөштүрүү педагогикалык чоң тажрыйбаны талап кылат. Бул өз ишине көркөм эстеикалык кызыгуу жана чыгармачылык менен мамиле кылган, жекече ишкердик сапаты калыптанган адамдын иш-аракети. Жаңы технологиялар ар түрдүү предметтердин окутуучуларына өз кесибинин деңгээлине, иштөө өзгөчөлүгүнө, усулдук тажрыйбасына, көркөм эстетикалык жактан чыгармачылык менен кароосуна, жаңыча иш-аракеттерин жана усулдарын пайдалана билүүсүнө, жаңы билимдерин күндөлүк окутууда колдонуусуна мүмкүндүк берет.

Практикалык тапшырманы аткаруу ар бир студент үчүн кыйын болгондуктан, аларды топко бөлүп, килем технологиясын жана анын эрежелерин, материалдарын колдонуп, азыркы убактагы килем саймасын (түктүү сайма) колдонуп пано жасоону караштыруу, чыгармачылык панонун композициялык үлгүсүн түзүү тапшырмасы берилет. Алар берилген үлгүнүн композициясын кендирге түшүрүп, аны түстүү жиптер менен килем саймасынын техниасында иштеп чыгышты. Мындай иш-аракет алардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүп жасалга-колдонмо өнөрүнө болгон кызыгууларын артырат десек да болот.

***3-тема. Жүндөн жасалган буюмдар:*** кийиз менен жүндөн, ийрилген жиптерден жасалган буюмдарга мүнөздөмө берүү; кийиздин түрлөрү, аларды колдонуу; жүндү ийрүү жана боёо; жүн жиптин түрлөрү жана аны колдонуу жолдору; аркандар, жиптер ж.б. кооздоо жана жасалгалоодо колдонуу.

*Сабактын максаты:* жүндөн жасалган буюмдардын турмуш-тиричиликтеги ээлеген орду жана экономикалык маанисин ачып көрсөтүү.

*Сабактын жүрүшү:* көчмөн турмуш шартка ылайыкталып жүндөн жасалган буюмдар бир түстөгү (кара, ак) кара ала кийиз орчундуу мааниге ээ. «Ала кийиз» деген ат илгери кара жана ак койдун жүнүнөн эле түр түшүрүү аркылуу жүзөгө ашуучу. «Карала кийиз» дегенибиз да ошондон калган.

Кийизчиликке шырдак, ала кийиз, боз үйдүн ички-сырткы жасалгалары: үзүк, туурдук, эшик, түндүк жабуу, жабык баш, аяк кап, табак кап, кашык кап сыяктуулардан башка үй эмеректеринен тогуз кат, жайнамаз, ууз учтук, ат жабдыктарына таандык тердик, желдик, ичмек, кийим-кечектерден калпак, кементай, чокой өндүүлөрдү киргизебиз. Жүндүн артыкчылыгы жылуу, жумшак, кооз, жеңил жана колдонууга ыңгайлуу келет. Булардын бардыгын студенттер билип, сабак учурунда жасаганды үйрөнөт. Студенттер жүндөн жасалган буюмдарды жасоонун заманбап технологияларын сабак учурунда өздөштүрүп, жеке тажрыйбаларын, көргөн-билгендерин айтып, аларды кооздоп, түр салууну үйрөнүү каралат.

Алардын кээ бир нерселердин жасоо технологиясын, күнүмдүк турмушта колдонулуучу буюмдардагы оюмдарды билип, ага кызыга баштаганы белгилүү болду. Мисалы, «боз үйдүн ичиндеги эпчи жак кимге тиешелүү?» – деген суроого студенттердин берген жообу аны биле турганын көрсөттү. Айрымдары бул суроонун жообун билбейт экен, аларга түшүнүк берилди. Боз үйдүн кенендиги керегенин санына жараша 4, 6, 8, 12 канат деп бөлүнөт. Боз үйдүн ичи өтө кенен болгондуктан, анын ичине үй тиричилигине керектүү болгон буюмдар толук батып, ар бири өз орду менен коюлат. Атап айтсак төргө жүк тактанын үстүнө алгач ала кийиз, шырдак анан жууркан-төшөктөр кынапталып жыйылат. Жүктүн тегиз жана жарашыктуу кооз жыйылышы ошол үйдүн кыз-келининин тыкандыгынан кабар берет. Жүктүн кынаптап жыйылышы үйгө көрк берип, тазалыкты, сулуулукту, табигый маданиятты белгилейт.

Студенттер боз үйдүн ичиндеги жасалга-колдонмо кол өнөрдүн түрлөрүн санап чыгышты: Боз үй – кыргыздын эзелтен бери жашап, колдонуп келген турак жайы, элибиздин улуттук байлыгы. Жалаң мал чарбачылыгы менен жашаган эл, жайлоого-кыштоого көчкөнгө жеңил, каалаган жерге конууга ыңгайлуу, жаратылыштын ысык-суугуна чыдамдуу жасалган. Боз үйгө үзүк, туурдук, түндүк жабуу, эшик жабуу жана жип-шуулар, сызма боолор: уук тизгич, бел кырчоо, кереге жабууга арнап токулган чий, керегеси жошо менен беёлгон, ууктар сырдалып, ийри жагы кооздолгон, чамгарак төрт же үч катар коюлат.

*Тажрыйбалык тапшырмалар:* жүн буюмдарынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, алардын турмушта колдонулуусу, чыгармачылык мааниси. Кийизден жасалган буюм-тайымдар ага түшүрүлгөн оймо-чиймелердин түрлөрү, жасоо технологиясы ж.б. Мисалы, кийизден заманбап техникада (фильцевание) жасалган паннолор, ийлөө техникасы менен жасалган жумшак оюнчуктар ж.б. жүндөн ар түрдүү буюмдарды жасоо, токуу, тигүү, кооздоо.

***4-тема. Кийизди жасалга-колдонмо искусство предметтеринда колдонуу.*** Кийиздин түрлөрү жана аларга колдоно турган жүндүн түрлөрү;

кийиз басуунун тарыхый-экономикалык мааниси; кийизди басуу технологиясы; кийизден жасалган буюмдар – шырдак, ала кийиз, боз үй буюмдары, жиптерди эшүү, чыйратуу, ийрүү ж.б. кооздоп иштетүү технологиясы.

*Сабактын максаты:* кийизден жасалган буюмдардын тарыхы жана турмуштук мааниси, жасалга-колдонмо кол өнөр буюмдарын жасоо мүмкүндүктөрүн көрсөтүү аркылуу студенттердин кызыгуусун ойготуу.

*Практикалык тапшырма:* сабакта кийиз басууда колдоно турган боёк жана оймо түрлөрү, шырдактын түрлөрү, оюулары, боёктордун өңдөрү; шырдак жасоодо колдонулган оюунун, жиптин түрлөрү.

*Сабактын жүрүшү:* кийиз басуу технологиясы менен студенттерди тааныштыруу. Кийиз кыргыз элинин байыртан эле колдонуп келген, жашоого эң эле керектүү болгон буюмдарынын бири. Кийизден боз үйдүн жабууларын жасоодон башка, анын ички жасалгасына керектүү бардык буюм-тайымдар жасалган. Азыркы кезде заманга жараша кийизден жасалган буюмдарды чаңды өзүнө көп жыйнагандыктан, күбөгө туруксуз болгонуна байланыштуу жана аны жасоо кыйынчылык туудургандыктан, анын ордун алмаштырган килем-килчелер көбөйгөндүктөн, үй тиричилигинде анчейин колдонбой калышты. Бирок, кийиздин жылуулугуна, жумшактыгына карап, ар түркүн түскө боёп, саркеч кийимдерди, белек-бечкектерди, баш кийимдерди ж.б. буюмдарды жасап келишет. Заман талабына ылайык кийизди көркөмдөп иштетүүнү элдик уз-чеберлер колго алып бүгүнкү күндө бул кол өнөрчүлүк өсүп-өнүгүү жолунда десек жаңылышпайбыз.

Жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгүн өстүрүү максатында кол өнөрчүлүк боюнча С. Чокморов атындагы кесипчилик-техникалык окуу жайында элдик өнөрчүлүктүн түрлөрү; кийизчилик, килем токуучулук, саймачылык, булгаарыны көркөм иштетүү, жыгаччылык, зергерчилик, карапачы ж.б. бир топ бөлүмдөрү ачылган. Бүгүнкү күндө КР Көркөм сүрөт академиясы, С.А. Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайы, К. Тыныстанов атындагы ЫМУ, ОшМУ, И. Арабаев атындагы КМУнун Көркөм маданият билим берүү

факультетинде көркөм өнөр бөлүмдөрү ийгиликтүү иштеп, жогорку билимдүү адистерди даярдоодо.

«Кийизден заман талабына ылайык эмнелерди жасоого болот? Бул жөнүндө эмне айта аласыңар?» – деген суроого студенттер: кийиздин технологиясын өзгөртүп, жүнгө синтетикалык заттарды кошуп, анын технологиясын өздөштүрүү керек. Ошону менен бирге жука басылган кийизден жасалган буюмдарды көбөйтүп, аларды бышык, кооз, сапатуу кылып жасаса, ага суроо-талап да көп болоор эле деп жооп беришти. Мисалы кийизден жасалган кооз чыптамалар, моюн орогучтар, сумкалар, диван жапкычтар, панолор, жерге салгычтар ж.б. Мындан кийин студенттерге эркин темада кийизден бетине оюмдарды салып (сумка, лилия гүлү, пано ж.б.) жасоо тапшырмасы берилди. Натыйжада алар бир топ нерселердин эскиздерин, үлгүлөрүн, кооздоо, оюу боюнча иштерди жасап келишти. ***№3 тиркеме.***

***5-тема. Чий чырмакчылык жана анын түрлөрү.*** Чийди даярдоо, ага түр салуу үчүн боёлгон жүндөрдү камдоо. Чийдин турмуш-тиричиликтеги ээлеген орду анын мааниси жана чырмоо өзгөчөлүктөрү.

*Сабактын максаты:* чийден жасала турган буюмдардын турмуш тиричиликтеги маанисин түшүндүрүү жана чий чырмоодо колдонулуучу станок ж.б. каражаттар менен тааныштыруу.

*Тажрыйбалык иштер:* чийди турмушта колдонуу, аны чырмоо технологиясы, анын жердиги – чий менен жүн. Чийди август айынын аягында таң эрте шүүдүрүм учурда белге ороп ыгы менен тартып жулуп алып, мээлүүн жерге кургатып, кабыгын аарчып алат. Чийдин негизин башттодо, ийрилген жүн жипти бирдей салмактагы таштарга ороп алып, токулчу чийдин аралыктарына коюп, чий чырмакты баштайбыз. Тал чийди бирден кармап, үлгү боюнча түстүү жүндөн оюуларды салып чырмашат. Чырмалган чийлер негизинен боз үйдүн – кереге чийинде, чыгдан чий, эшик чийинде колдонулат. Керегени курчаган чий менен чыгдан чийдин өзгөчөлүгү (чыгдан чий, керege чийден бийик болот, эшик чий эшикке ылайык), чийди чырмоо жана токуу технологиясы, чийди токуй турган бир метрдей бийик казык кагылып ал

жыгач аркылуу бириктирилет (азыркы учурда атайын жыгачтан станоктор жасалат). Шоонаны бирдей таштар менен байлап жыгачтын эки жагына арта салат да жүн оролгон чийди бирден коюп, шоона оролгон таштарды ары-бери жагына алмак-салмак таштап, чийди чырмап олтурат. Бул чий бүткөнчө токулат. Чийдин эки башы бирдей болушу үчүн улам чийдин түбү менен башын коюуда орун алмаштырып турат. Оймо-көчөттөр ирети менен бири-бирине, өңүнө, оймосуна карата тизилет.

Сабакка чейин студенттерге, Г. Айтиев атындагы КМКСМне, боз үйлөргө экскурцияга барып, таанышып келүү тапшырылат. Ошондой эле белгилүү прикладник Ж. Үмөтовдун чыгармаларын электрондук китепканалардан жана музейлерден адабияттардан карап таанышуу тапшырмасы да берилди. Студенттердин арасында айрымдарынын чий чырмоо боюнча тааныштыгы бар экендиги далилденди. Алар кыйналбай эле түшүнүштү. Ал эми тааныштыгы жок студенттер «Чийди кайдан табууга болот? Кантип чийди чырмайт? Андан дагы эмнелерди жасаса болот?» – деген суроолорду беришти. Бул суроолорго окутуучу жооп берип, азыркы учурда чийден эмнелерди жасаса болоорун айтып өттү. Мисалы, заман талабына ылайык бүгүнкү күндө чийден бөлмөлөрдүн ички интерьерин жасалгалоодо терезе пардолорго, офистерде, кафе-ресторандарды улуттук коллоритте жасалгалоодо ж.б. колдонуп келишерин айтып берди. Бул жасалган буюмдардын үлгүлөрүн, альбомдон сүрөттөрдү көрсөтүп, студенттердин кызыгууларын байкоого болот. Аларга чий буюмдарынан сувенирлерди, бизнес буюмдарын да жасоого болорун эске салуу керек. ***№4 тиркеме.***

***6-тема. Жүн, пахта, жибек жиптердин өзгөчөлүктөрү жана аларды өрмөкчүлүк, токуу иштеринде колдонуу.*** Өрмөк – ийрилген жиптен ар кандай буюмдарды (таар, шалча, кап, сызма, боз үйдүн сызмалары) жасоо. Токуу иштери менен тааныштыруу.

*Сабактын максаты:* өрмөк согуу жана анын түрлөрү менен тааныштыруу, анын турмуш-тиричиликтеги мааниси, пайда болуу тарыхы.

*Тажрыйбалык иштер:* кыркылган жүндү тазалап, тытып, түйдөктөп ийрүү технологиясы. Алардын эскиздери менен тааныштыруу. Жип ийрүүчү ийик, анын түзүлүшү. Ийрилген жип аркылуу шырдак шыруу, өрмөк согуу, түймө түйүү иш жүзүнө ашырылат. Кийинки кезде токуу станоктору аркылуу ар түрдүү буюмдарды жасоо, аларды колдонуу азыр да кеңири таралган. Алар жылуу жана жарашыктуу. Токуу өнөрүндө койдун, эчкинин, төөнүн жүндөрү колдонулат. Алар уяң, тыбыт, кылчык болуп бөлүнөт.

Оң-тетири токула турган жоолук, оң токула турган мээлей, байпак, түрдүү оюулар түшүрүлүп токулган кофталар, көйнөктөр ж.б. токулат. Сабак учурунда аларды токуу жолдору көрсөтүлөт. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгү ушундай буюмдардын көркөмдүгүн, токуу, согуу, өрүү ыкмаларынын жөнөкөйлүгүн, оңойлугун, турмуштагы маанисин жана керектигин түшүнүүсү зарыл. Студенттерге жип ийрүү, колунан келген буюмдарды токуп келүү тапшырылат. Алар колго согулган буюмдар көрктүү, жарашыктуу, пайдалуу экендигин билиши керек. Ошондуктан токулган буюмдарды көрсөтүү менен аларды токууда жиптердин түрүн токуу техникасын, оймо-чийме, түрлөрдү түшүрүүнү кылдат өздөштүрүү үйрөтүлөт. Бул студенттердин кызыгуусун артырып, сабакка болгон чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрөт.

Ал эми өрмөк согуучулук иш өтө татаал жана түйшүктүү иш. Адегенде эки киши өрмөк курат. Жерге төрт казык кагылып, ага жипти илип, өңү менен чаташтырбай тизүү керек. Асмага илинип, аркак аркылуу согулаарын студенттердин көргөнү да көрбөгөнү да бар. Өрмөк аркылуу керектүү ар кандай сызмалар, боолор (боз үйгө) уук тизгич, жерге салган таар, куржун, ат жабуу, такта жабуу ж.б. жасалат.

***7-тема. Жасалга-колдонмо өнөрүндө бычмачылык-тикмечилик өнөрүнүн өзгөчөлүктөрү.***

*Сабактын максаты:* бычып-тигилүүчү буюмдар, алардын жашоодогу жана азыркы кездеги мааниси. Бычып-тигилүүчү буюмдар менен тааныштыруу.

*Тажрыйбалык иштер:* ар бир улуттун өзүнө таандык улуттук баш кийимдерин танып билүү жана аларды бычып-тигүү эрежелери; түрдүү түстөгү кездемелерден, кийизден жасалган баш кийимдер жана аларды жасоо ыкмалары.

*Сабактын жүрүшү:* бычмачылык-тикмечилик илгертен калган жасалга өнөрү, ата-бабадан келе жаткан өнөрчүлүк.

«Карасам тиктеп алыстан,

Калпагы окшош тоосуна.

Кандай уз тикти болду экен,

Карегим түштү коозуна» – деп акын Б. Сорногоев жазгандай элдик кол өнөрчүлүктө «бычмачы-тикмечи» деген сөз «чийме-оймо», «чийме-сайма» дегендей эгиз айтылат. Бул – эл ичине эң кенен таралган өнөр. Демек, «бычуу» тигил, же бул буюмду жасоону баштоо болуп саналат. Илгери бычууда же ченөөдө уздар чен бирдигинин ордуна эли, нукум, сөөм, карыш, кулач же көз өлчөмдү колдонушкан. Анан ар бир буюмдун өзүнчө үлгүсү болгону талашсыз.

Жалаң мал чарбачылыкты арка туткан тоолуу өлкө кыргыз элинин турмуш-тиричилигинде мурун «бычуу» көбүнчө кийизде, териде жана таарда колдонулуп келген. Кийинчерээк кездемечиликке өтөт. Өткөн доорлордо териден сабаа, көнөк, көөкөр, көнөчөк, чыны кап сыяктуу идиштер менен катар тон, шым, малакай, тебетей, тумак ж.б. атайын үлгү колдонулуп же ансыз да бычылып тигилген. Кийизчиликке боз үйдүн үзүк, туурдук, түндүк, эшик жабуулардан башка дагы кементайды, калпак, аяк кап, күзгү капты ж.б. бычып тигебиз. Бүгүнкү күндө заманбап технологиянын негизинде бычып-тигүүчүлүк жанданып, бардык кол өнөрчүлүк буюмдарындагы бычмачылык атайын автоматтык, компютердик техникалардын жардамы менен жасалып жатат. Мисалы, калпактын түрлөрү, баш кийимдер, чыптамалар, чепкендер ж.б.у.с. тигилип, эл керектөөсүн канаатандырып жатат. Мындай иштер студенттерге белгилүү болгондуктан аларга мындай тапшырмаларды кол менен бычып-тигүүнү тапшырууга болот.

Сабакта студенттердин өздөрү кийизден улуттук баш кийимдерди, сувенирлерди жасоонун жолдорун карай баштады. Аңгемелешүүдө алар бычмачылык, тикмечилик, оймо салуу, көркөмдөө, кооздоо деген түшүнүктөрдү билгенин баяндашты. Жасалгалоо – нерселерди, буюмдарды жарашыктуу кооздоо менен адамдардын жашаган жайына көз кубанта турган, кубаныч, сүйүнүч тартуулаган иш аракет. Саймалоо, кооздоо да азыр көп кездешет. Анда көбүнчө калпактын, элечектин, кийимдердин жакасын, жеңин, же көйнөктүн төшүнө, этегине саймалап чыгуу.

Студенттерге алган билимдерин колдонуп, жаңы нерселер жасоого умтулуу максатында тапшырма берилди. Өздөрү ойлоп таап, жасалгалоого аракеттенет. Мындан башка да өздөрүнө жаккан материалдарды пайдаланып, жасалга-колдонмо буюмдарын жасоо мүмкүндүктөрүн ойлоштуруп, жобосун жана аткаруу технологиясын жазып келүү тапшырылат. Ушунун өзү студенттердин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүп жана аны чыгармачылык менен байланыштырганын көрсөтөт. ***№5 тиркеме.***

***8-тема. Улуттук кол өнөрчүлүктүн бир түрү саймачылык жана аны буюмдарды жасалгалоодо колдонуу өзгөчөлүктөрүн изилдөө.***

*Сабактын максаты:* сайманын түрлөрү жана аны сайууда колдонулган материалдар, каражаттар менен студенттерди тааныштыруу жана өздөштүрүүгө кызыктыруу.

*Тажрыйбалык иштер:* сайманын түрлөрү жана өзгөчөлүктөрү аларды пайдалануу боюнча практикалык иштерди аткаруу.

*Сабактын жүрүшү:* Сайма – тез өздөштүрүүгө ийкемдүү искусство. Ар бир элдин кол өнөрүн кармоодо өз чыгармачылыгын туюндурган бөтөнчөлүктөр баамдалбай койбойт. Бүгүн «илме сайма» аркылуу бүткөн буюмдар басымдуулук кылат. «Илмедос», «туура сайма», «жарым крест» сыяктуу ондогон түрлөрү кездешет. Сайма көчөттөрү «кочкор мүйүз», «айчык», «бадам» «тырмак», «гүл» оюмдары элибиздин түштүк түндүгүндөгү элдерде бирдей колдонулуп келет. Сабакта студенттердин керектүү

практикалык билимдери бар экени байкалды. Эмки максат алардын сайма сайууга кызыгуусун туудуруу. Ал үчүн тийешелүү буюмдарды көрсөтүп, оймо-чиймелердин үлгүсүн берүү. Андан кийийн белгилүү уздардын колунан жаралган саймаларды көрсөтүп, талдап, саймалоо технологиясы менен тааныштыруу.

Студенттердин билген-көргөндөрүнө таянып, тапшырма берилди. Алар ар түрдүү буюмдарды (мисалы, панолорду, капчыктарды, сумкаларды, сувенирлерди, туткучтарды) саймалап коОздоого болоорун түшүнүп, анын технологиясы жөнүндө аңгемелешти. Колдо бар материалдар менен сайманын түрлөрүн үйрөнүштү. Илмедос саймасы менен чыраш саймасынын айырмачылыгын, кайсы учурда бул саймалар колдонулаарын так билишти. ***№6 тиркеме*****.**

***9-тема. Жасалга өнөрүндө түстүү кагаздардан чаптап (аппликация) композиция иштөө техникасы жана технологиясы.***

*Сабактын максаты:* чаптап, курап жасала турган буюмдар, нерселер алардын азыркы кездеги мааниси. Чаптап иштелген картиналар менен тааныштыруу.

*Тажрыйбалык иштер:* чаптап иштөөнүн өзгөчөлүктөрүн таанып-билүү жана аларды чаптоо ирети; түстүү кагаздардын кесиндилеринен же шурулардан чапталып жасалган картиналар, аларды жасоо ыкмалары.

*Сабактын жүрүшү:* чаптап-куроо иштери илгертен бери эле калыптанган өнөрдүн бир түрү. Чаптоо, куроо (аппликация) иштерин биз апаларыбыздын үй-тиричилигинде колдонулган туш кийиз, жер төшөк, жаздык, кийим-кечелеринен көрүп эле жүрөбүз. Бул жасалганы алар жасаган буюмдардан калган калдыктарды (кездемеден, териден, кийизден) текке кетирбей, андан курап кооз үй буюмдарын жасап коюшкан. Ал эми азыркы учурда кездеме, кийиз ж.б. материалдардан атайылап кесип курап түрдүү буюмдарды жасап келишет. Бүгүнкү күндө куракчылык (аппликация –чаптап иштөө) өнөрү жакшы өнүккөн учур. Студенттер чаптап иштөө техникасы менен тааныш. Ошондуктан аларга кандайдыр бир композициялык

картинанын фотосун берип, аны түстүү кагаздар же шуру менен иштеп чыгууну тапшырабыз. Сабакта студенттердин өздөрү, кездеме, жип, шуру, түстүү кагаздардын калдыктарынан жасалга, композициялык иштерди коздоонун, жасоонун жолдоруна маани беришти. Аңгемелешүүдө алар жасалгалоо, кооздоо, көркөмдөө, чаптап иштөө деген түшүнүктөрдү билгенин баяндашты. Студенттердин сабак учурунда алган билимдерин бышыктоо максатында түстүү кагаздардан, шурудан чаптап иштөө техникасында композиция түзүү тапшырмасы берилди. Алар өздөрүнө жаккан композицияны жасоого аракеттенет. Ошондой эле алар кызыктуу композицияларды түзүп жасай алышат. Мындан башка да табигый заттардан пайдаланып, жасалга-колдонмо буюмдарын мүмкүндүктөрүн ойлоштуруп, жасоо жана технологиясын өздөштүрүү тапшырылат. Чаптап иштөө алардын көркөм кол өнөрчүлүккө болгон кызыгуусун дагы да артырат деп ойлойбуз.

Жыйынтап айтканда, калыптандыруучу эксперименттик иште аныкталган мазмунга таянуу менен окутуунун салттык жана интерактивдик методдорун колдонуу менен студенттердин чыагрмачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү иштерин уюштуруп, алгылыктуу жыйынтыктарга жетише алдык.

### III.3. Калыптандыруучу эксперименттик иштин жыйынтыктары

Эксперименттин акыркы этабында жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө арналган иш-чаранын ийгиликтүүлүгүн текшерүү максатында бир нече талаптарды алдыга койдук:

– жасалга-колдонмо искусство предметтери менен иштөөгө кызыктыруу, мында белгилүү бир буюмдарды жасоо технологиясын үйрөтүү менен эле чектелбей, студенттердин өнөргө болгон кызыгуусун, керектөөсүн, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү, умтулуу, аракеттенүү, сезимталдык сыяктуу маданий сапаттарды калыптандырууга да багытталууга тийиш;

– жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө сөзсүз устаттык жетекчилик

менен иштөө, өз алдынча изденүүнү жана жекече иштөө менен айкалыштыруу зарыл.

– жасалга-колдонмо кол өнөргө кызыгууну, жалпы кол өнөрү туралуу билимди, жасоо технологиясын белгилүү даражада өздөштүрүү керек.

– жасалга кол өнөрчүлүктү өздөштүрүү өтө чеберчиликти, устаттыкты жана билгичтикти талап кылат. Жогорудагылардын баарын эске алуу менен, эксперименттин экинчи этабы студенттердин акыркы жыйынтыкта кандай жетишкендиктерге жетүүнүн негизинде пландаштырылды.

Жогорку окуу жайларында жасалга-колдонмо өнөрү жана аны жасоодогу көркөмдүк чеберчилик аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө алардын алдына төмөндөгүдөй педагогикалык, психологиялык талаптар коюлат:

– студенттердин сүрөт тартып, композиция түзүү, компановкалоо жана жасалга-колдонмо кол өнөр түрлөрүнө сулуулук, кооздук, жагынан кызыгуусун арттыруу аркылуу, жалпы өнөр туралуу алардын түшүнүктөрүн кеңейтип, өнүктүрүүгө керектүү, таалим-тарбиялык, окуп үйрөнүү каражаттарын таңдай билүү жөндөмдүүлүгү;

– окутуучулар студенттердин көркөм чыгармачылык эстетикалык сезими менен кызыгуусун, таанымдык өрүшүн, көркөмдүк жөндөмүн, табитин, педагогикалык маданиятын калыптандырууда Жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча көркөмдүк-кооздоо композициясынын иш-аракеттерине кызыгуусун аныктай алуусу;

– өнөрчүлүктү кабыл алуу иштеринде да студенттердин жасалга-колдонмо кол өнөрүнүн түрлөрүн талдай билүүсүн жана алардын мааниси туралуу пайдалуу машыгууларын жетилдирүү жолдорун белгилей билүүсү;

– ар кайсы группадагы студенттердин чеберчилик өзгөчөлүктөрүнө карай композиция түзүү иш-аракеттерин уюштуруу жана жасоо усул-ыкмаларын тандоосу;

– улуттук таалим-тарбия үлгүлөрүн, элдин көркөм эстетикалык мурастарын, кол өнөрчүлүгүн студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө натыйжалуу пайдалана билүүсү;

– окуу жайларында кесиптик даярдоонун материалдык базасын чыңдоо, кол өнөрчүлүккө керектүү каражаттар менен камсыз кылуу (кийиз, жүн, кездеме, түстүү жип-шуулар, атайын ийнелер, станоктор, акриль боёктору, кыл калем ж.б.) керектигин эске алуу. Анткени студенттер өз билимдерине таянып, жаңы билим жана билгичтигин пайдаланып жасалга-колдонмо кол өнөр буюмдарын, паннолорду, сувенирлерди ж.б. буюмдарды кооздоо үчүн түрдүү каражаттарды колдонууга үйрөнөт. Ал каражаттарды (жүн, кийиз, жибек, кендир, пахта ж.б.) пано жасоодо, батик техникасында иштөөдө, чий чырмакчылыкта, белек-бечкектерди кооздоого колдонуу жолдорун карашат; бөлмөлөрдү, кабинеттерди, офистердин ичин жасалгалоо максатында студенттердин изденүүсү менен иш-аракеттерин окуу-тарбия процессин уюштурууда жаңы технологияны колдонуу каралды. Мында программада өткөн темаларды студенттердин өздөштүрүү даражасын аныктоо жана бул ишти кызыктуу уюштуруу аркылуу аларды жасоого көңүл коюп, көңүлүн бурдуруу максатында ар түрдүү көргөзмөлөр өткөрүлдү.

Теориялык билим алып, аны чеберчилик менен аткаруунун алгачкы иши реферат жазуу болуп эсептелет. Себеби; студент реферат жазууда өз алдынча кол өнөрчүлүктүн түрлөрү, үлгүлөрү менен таанышып, ал туралуу адабияттарды издеп, окуп өзүнүн теориялык билимин жогорулатат. Ошондой эле өзү тандап алган панонун же картинанын композициялык үлгүсүнүн эскизин өз алдынча түзө баштайт. Бул жумуштардын бардыгы студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн сапаттуу түрдө өнүктүрүүгө таасирин тийгизди.

Жасалга-колдонмо искусство предметтерин ар тараптан камтыган студенттерди изденүүгө түртүп, билимдерин баалоо мексатында аларга рефераттык темаларды сунуш кылдык, ал 3-таблицада берилди.

**Таблица № 3.3. Студенттер үчүн рефераттык темалар**

| № | Темалар | Иштин мазмуну |
|---|---|---|
| 1. | Жасалга-колдонмо искусство предметтери | Жасалга-колдонмо искусство предметтеринө мүнөздөмө берүү |
| 2. | Жасалга-колдонмо искусство предметтеринүн түрлөрү | Жасалга-колдонмо искусство предметтеринүн түрлөрү жана көркөмдүк мааниси |
| 3. | Улуттук оюмо-чиймелер | Оюмо-чиймелердин түрлөрү жана аталыштары |
| 4. | Жасалга-колдонмо өнөрүндө кагаз аппликациясы (чаптап иштөө, квилинг, оригами) | Түстүү кагаздан кол өнөрчүлүк буюмдарды чаптап, кесип иштөө техникасы |
| 5. | Кездеме бетине түшүрүлгөн композиция | Батик техникасында (жибек кездемеге) атайын боёк менен композиция түзүү ыкмасы |
| 6. | Жасалга-колдонмо өнөрүндө табигый материалдардан көркөм (декоративдик) коллаж | Жаратылыштан алынган табигый материалдардан декоративдик коллаж жасоонун мааниси |
| 7. | Жүн жана кийизден жасалган композиция (филцевания) | Заманбап техникада кийизге композиция түшүрүүнүн жолдору |
| 8. | Чий чырмоо жана аны кооздоо | Чийди чырмоо технологиясы, түстүү жүндөн оюм салуу, жасалгалоо |
| 9. | Сайма жана сайманын түрлөрү | Сайма саюуунун техникасы жана аны колдонуу өзгөчөлүктөрү. |
| 10 | Жасалга-колдонмо искусство предметтерин азыркы буюмдарды кооздоодо колдонуу | Улуттук буюмдар менен үйдүн (шырдак, туш кийиз, пано ж.б.) интерьерин жасалгалоо |

Мында студент өзү изденген багыт боюнча адабияттар менен таанышып, талдап, өз көз карашын билдирүүгө аракеттенет. Анда жасалга-колдонмо кол өнөрү боюнча теориялык, билимдерин тереңдетип, педагогикалык,

методикалык, психологиялык түшүнүгүн кеңейтип, чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү максатында рефераттарды жазуу боюнча өз алдынча изилдөө иштери пландаштырылды.

Ага коюлган талаптар: тема боюнча адабияттарды таап, талдап, маалымат берүү; тема боюнча өз пикирин айтуу; жасалчу нерсенин сүрөтүн салуу, жасалуу технологиясын мүнөздөп жазуу; түрү-түсү, каражаттардын сапаттары менен колдонуусу, жасалга, композиция түшүрүү жолдорун көрсөтүү; жасалган панонун заманбап технологияда жасалышын көрсөтүү же болбосо заман талабына ылайык өзгөртүү жолдорун белгилөө; корутундусунда сунуштар берүү; рефератты туура жазып, аны жактаганда кыскача мазмунун айтып, көргөзмө куралдарды пайдалануу ж.б.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери боюнча жакталган рефараттын башкы өзгөчөлүгү ал студенттин алган теориялык билимдерин практикалык иштеринде пайдаланууга көпүрө болот. Рефератты жазууда студент өзү изилдеген тема боюнча аткарыла турган иштин технологиясын пайдалануусу керек.

Жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгүнүн башкы өзгөчөлүгү – студенттер көрүү, эстөө, элестетүү гана эмес, өз колдору менен иштөө, жасоо, ойлоп табуу менен алектенет, изденет, аракеттенет.

Азыркы учурда пано картиналарды тартып, жасап, саймалап коюу жетишсиз. Аны жасалгалап, көркөмдөп, кооздоо зарылдыгы турат. Анткени адамдар жасалганын көркөмдүк мүмкүндүктөрүн жогору баалайт. Программада студенттердин оймолоо, кооздоо мүмкүндүктөрүн арттыруу аркылуу алардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү көздөлөт.

Ар кандай салтанаттуу майрамдарда кыргыздын кол өнөрчүлүгүнө болгон суроо-талаптар да студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүнүн өнүгүүсүнө өзүнүн таасирин тийгизери белгилүү. Себеби жасалга-колдонмо өнөргө студенттер аралашууга кызыкдар келишет. Мындай иш чараларга ар түрдүү материалдардан, каражаттардан сувенирлерди жасоо мүмкүндүктөрү көп. Азыркы учурда студенттер жогоруда айткандай ар кандай материалдарды

пайдаланып, кандайдыр бир нерсени жасаганга үйрөнүшөт жана чыгармачылык менен аткарууга аракеттенгени ачык байкалат. Студенттер менен өткөрүлгөн иштерде алардын өз алдынча жасаган буюмдарынан көрсөтмө куралдар (слайддар, композициялык үлгүлөр, фото сүрөттөр ж.б.) сабакта пайдаланылды.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн сапаттуу болуусу окутуучунун психологияны, элдик үрп-адат, каада-салттарды өз ишинде колдоно билүү чеберчилигине да түздөн-түз байланыштуу болот. Студенттер окуу процессинде жасалга-колдонмо искусство предметтери жөнүндөгү маалыматты гана албастан, анын турмушта кеңири колдонулганын адамдын жашоосундагы ордун, үй ичин жасалгалоодо мааниси зор экенин кызыгуу менен кабыл алышат. Аларда жашоонун сулуулугу туралуу ой толгоосун өнүктүрүү, билимге умтулуусу менен чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө күнүмдүк турмушта колдонулган жасалга өнөрүнүн ордун билүү, тарыхый жана өнөр таануу жагынан изилдөөгө керектүү таалим-тарбиялык иштерди уюштуруу керектиги байкалды. Курчап турган айлана-чөйрөнүн табигый өзгөчөлүктөрүн таанып-билүүгө жардамдаша турган иш аракеттер «Жасалга-колдонмо искусство предметтери» жана «сүрөт жазуу» багытындагы көркөмдүк, сонундук, чеберчилик иштери, программада студенттерди буюмдарга композициялык оюм-чийимдерди коозоп саймалоо, жасоо аркылуу ушул өнөргө болгон кызыкчылыгын арттырып, чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө натыйжалуу экени белгиленди.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери сабактарында башка бардык предметтерди окутууда колдонулган дидактикалык эрежелер менен принциптер сакталууга тийиш. Окутуучу тарабынан ар бир студенттин психологиялык өзгөчөлүктөрү эске алынып, алардын окууга, чыгармачылыкка болгон аракеттери канчалык деңгээлде экенин жана анын шык-жөндөмүн өстүрүүгө карата тиешелүү жагдай каралып, иштөөгө шарт түзүлдү. Эксперимент тобунун студенттеринин кол өнөр каражаттарынын сапатын,

колдонууга ылайыктуусун аныктап, билгичтигин текшерүү иши уюштурулду. Анда жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгүндө колдонула турган материалдардын сапаты азыркы кездеги буюм-тайымдарга ылайыктуусун аныктап, жип-шуу, кийиз, жүн, шуру, боёк, жибектен жасалган композицияларды колдонуу, улуттук оюм үлгүлөрү менен ыкмаларды колдонуу жолдорун өздөштүрүү көздөлдү. Өз алдынча иштөө сунуш кылынып, темалар берилип, аларды чыгармачылык менен колдонуу студенттерге тапшырылды.

**Таблица № 4.3. – Өз алдынча иштөөгө сунуш кылынган темалар**

| № | Темалар | Өз алдынча иштердин мазмуну |
|---|---|---|
| 1. | Улуттук оюмдардан композиция түзүү. | Оюмдарды түзүүдө улуттук баалуулуктарга таянуу, сапаттык өзгөчөлүктөрүнө маани берүү |
| 2. | Кагаз аппликациясы. Түстүү кагаздан жасалган буюмдар (квилинг, чаптап иштөө) | Түстүү кагаздардан жасалган буюмдардын эскиздерин иштеп, сапаттык жактары менен тааныштыруу |
| 3. | Шурудан жасалган композициялык чыгармалар | Шурунун түрүнөн жомоктун каармандарынын элесин берүү, натюрморттун композициясын түзүү |
| 4. | Чийден жасалган буюмдар | Чийге түр салып көркөмдөп буюмдарды чырмоо, ал туралуу аңгемелешүү |
| 5. | Кездемеге бетине боёк менен композиция түзүү (Батик техникасында) | Батик техникасы менен жибек кездеменин бетине атайын боёктор менен үлгүлөрдү түшүрүү боюнча аңгемелешүү ага мүнөздөмө берүү |
| 6. | Түктүү сайма менен пано жасоо | Композициялык чыгарманын үлгүсүн иштеп чыгуу, аны материалдын бетине түшүрүү. Түстүү жиптер менен |

| | | |
|---|---|---|
| | | саймалоонун техникасын үйрөнүү |
| 7. | Жаратылыш материалдарынан композициялык коллаж түзүү | Түркүн түстүү жаратылыштан алынган каражаттардан (таштан, жыгачтан, дан азыктарынан ж.б. у.с.) композиция түзүү ага эстетикалык мүнөздөмө берүү |
| 8. | Жүндөн жасалган өнөр буюмдары | Жүндөн фильцевания техникасында сувенирлерди жасоонун, кооздоонун жолдорун үйрөтүү |
| 9. | Курак менен сайманы айкалыштырып пано жасоо | Курак менен саймадан ар түрдүү буюмдарды жасоо, алардын композициясын түзүү, көркөмдөө |
| 10. | Кийизден жасалган сувенирлер | Кийизден жасалчу буюмдардын үлгүсүн түзүү, алардын сапатык өзгөчөлүгүнө көңүл бөлүү |

Ар бир студент өзү каалаган темага байланыштуу материалдарды тандап алып, алардын сапаты жөнүндө баяндама бериштi. Ошондой эле бир канча темага карата буюмдарды жасап алардын жасоо техникасы менен технологиясын үйрөнүп, жасалган иштин көркөм чыгармачылык маанисин ача билүүгө үйрөнүштү. Студенттердин чыгармачылык табитинин калыптануу деңгээлин аныктоо максатында, ар бир кесиптик топтордун кол өнөрү туралуу билимдери жогорку деңгээлди көрсөткөн студенттерге беш-алты түрлүү үлгүнүн сүрөттөрү таратылып, алардын ичинен өзүнө бир же экини тандап алуу сунуш кылынды.

Алар өздөрүнө жаккан сүрөттөрдү тандап алгандан кийин, аларга: «Бул композиция сага эмнеси менен жакты?», «Композиция кандай материалдардан жасалган?», «Ал эмнеси менен сени кызыктырды?» (композициясы, боёктору, көрүнүшү, коллорити ж.б.) деген суроолор ар бир студентке өзүнчө берилип, композицияны тандоодогу көңүл буруулары, кызыгуусу, өзгөчөлүктөрү

жөнүндөгү көз караштарын аныктоого аракеттендик. Ушул маалыматтар аркылуу алардын кол өнөрчүлүктөгү кооздук менен сонундукту, аларды жасоодогу кызыгуу деңгээлдерине ылайык түшүнө, көрө, сезе билүүсүн өнүктүрүүгө байкоо жүргүздүк. Мындан кийин студенттер өздөрү тандаган буюмдарды чыгармачылык менен жасоого аракеттенишет. Алар мурдагы теориялык билимдери менен жасаган буюмдарын көз алдына элестетип, өз алдынча композицияны табууга аракеттенет. Композициялык чыгарманы жаратып аны жасоодо алар ар кандай материалдарды колдонушат. Мисалы, кыздар жип-шууну, кийиздин, кездеменин кесиндилерин, шуру ж.б. колдонушса, ал эми эркек балдар табигый материалдарга басым жасашат. Алар чыгарма жаратууда активдүүлүгүн көрсөтүп, кызыгуу менен жасап жаткан буюмдарына ынтаасын коюп иштегенин көрүүгө болот. Студенттер өздөрү жасаган буюмдарын Университетте жана факультетте ошондой эле музейде өткөрүлгөн ар кандай иш-чараларда көргөзмөгө коюшту. Алардын колунан жаралган эмгектер көрүүчүлөрдү кайдигер калтырган жок.

Кыргыздын кол өнөрчүлүгүнүн башка түрлөрүнө караганда өзүнүн ар түрдүүлүгү, адемилиги жана кооздугу боюнча түр салынган чырмак чийлер айрыкча орунда турат. Анчалык татаал ыкмаларды талап кылбаган түйшүктүү жана атам замандан келе жаткан уз чийлерин эң мыкты килем-килче буюмдары менен катар коюуга болот. Аны шаардык, айылдык турак жайлардын бөлмөлөрүн жасалгалоодо кеңири колдонууга мүмкүн. Анда жүн азыркы кездеги башка материалдар менен алмаштырылышы ыктымал. Албетте, алар жакшылап боёлууга тийиш. Ошону менен бирге эле Кыргызстандын айрым райондорунда мурда белгилүү жана өлкөбүздүн башка аймактарында чийлерди чырмактоо кыскарууда, эл чеберлеринин «жашыруун сырлары» унут калып жатат. Түштүк Кыргызстанда, маселен Ош областында ушундай эле абал орун алган. Мунун себеби, биздин оюбузча, жогоруда көрсөтүлгөн аймактарда түр салынган чийге жакын «атаандаштар» бар. Анын бири Баткен областында жана Ош областынын айрым райондорунда даярдалган түктүү жана түксүз килемдер. Бирок бул маселенин бир гана жагы,

аларды аткарууда өзүнчө ыкмаларды колдонуп, көзгө толумдуу болуш үчүн адемдүү жердик колдонулбай жатат. Ушундай кыйынчылыктар өлкөнүн түштүгүндө алалык, терезе жапкыч чийлерди колдонууда кезигүүдө. Алар үй бөлмөлөрүнө өзүнчө жарашык бергендигине карабастан, кездемеден тагылган бүркөнчүктөрдү пайдалануу адат болуп келе жатат. Кыязы, мындай көз караштарды өзүбүздөн алыстатсак, анда түстүү чырмак чийлерди үй тиричилигине колдонууга кеңири мүмкүнчүлүк түзүлөөр эле. Демек, үй ичин жасалгалоодогу ыңгайлуулуктарды жана эстетикалык маданиятты туруктуулук, билгичтик менен үгүттөө, жайылтуу (пропагандалоо) зарыл.

Мурдагыдай өлчөмдө болбосо да Кыргызстандын Ысык-Көл областында элдик уздар чийлерди түстүү жүн менен шөкөттөөнү ийгиликтүү улантып жатышат. Ага адис сүрөтчүлөр да көңүл бура башташты. Чырмак чийлерди жердик катары карашып, алар чий сабактарынан сумке, терезе бүркөңчүктөрүн, абажурларды жасайт, сюжеттик кооз паннолорду жүзөгө ашырууда.

Биздин студенттер да ушул сыяктуу нерселерди жасоо менен азыркы заман талабына ылайык чийден ар кандай оюм салынган сувенирлерди жасашты. Алар жасаган буюмдар кабинеттерди, өнөрканаларды жасалгалоого, бөлмө интерьерин коοздоодо пайдаланылып, улуттук көрк бергени кимди болсо да кубандырбай койбойт.

Атайын программанын натыйжасын корутундулоо максатында жасалга-колдонмо искусство предметтери жөнүндө студенттердин чакан чыгармачылык конференциясы уюштурулду. Аны 3-курстун студенттери уюштуруп, ага башка курстун студенттери чакырылды. Чыгармачылык көргөзмөгө студенттердин чыгармачылык эмгектери коюлду. Жасалга-колдонмо искусство предметтерина болгон кызыгуунун арта баштаганын алардын берген суроолорунан байкоого болот. Ага мисал, 1-2 программанын студенттери «Биз да ушундай курс окуйбузбу?», «Качан окуйбуз?», «Көргөзмөгө коюлган буюмдарды биз да жасап үйрөнөт элек» деп атайын ийримге катышууга кызыкканын билдиришкенине күбө болдук.

Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу өнүктүрүү эң алгач билим берип, түшүндүрүп, андан кийин билгичтигин, иштөө ыкмаларын өздөштүрүү аркылуу ишке ашырылат. Жасалга-колдонмо искусство предметтери негизинен жүн, жип, кендир, кийиз, кездеме, шуру, жыгач ж.б. нерселер менен иштелери жөнүндө баяндама берилди. Аларды жасоодо колдонулган курал-жабдыктардын түрлөрү, станоктор жана колдонуу жолдору туралуу маалымат берилди. Жасалга-колдонмо искусство предметтери буюмдары менен үй буюмдарын, бөлмөлөрдү, мекемелер менен коомдук жайларды жасалгалоо, кооздоо максатында пайдаланылышы жөнүндө айтылды. Конференциябыздын жыйынтыгында студенттердин тандап алган кесибин билгичтик менен өздөштүрүп жатканы да билинди.

Ушулардын негизинде эксперименттин экинчи этабында студенттердин кол өнөрчүлүк туралуу теориялык билимин жана практикалык усул-ыкмаларды өздөштүрүүгө болгон кызыгуусун, умтулуусу менен изденүүлөрүнүн деңгээлин аныктап, алардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө төмөнкү маселелерге көңүл бөлдүк: Студенттердин ар түрдүү иш аракеттери жана жасалга кол өнөрчүлүгү, аларды жасоодо колдонгон материалдары, анын ичинде кыргыз оюм-чийимдерин чыгармачылык менен жасаган буюмдарында колдонуу мүмкүндүтөрү аркылуу, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган иш-аракеттердин аткарылгандыгы аныкталды.

Ал үчүн мындай параметрлер колдонулду:

